

Теңдешси з Үлгүлүү Инсан

# АЗИРЕТИ
# МУХАММЕД
# МУСТАФА

--(саллаллаху алейхи васаллам)--

**Osman Nuri TOPBAŞ**

Graphics
Translation - Puplication - Production
Puplications

# Теңдешсиз үлгүлүү инсан
# Азирети Мухаммад Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам)

Осман Нури Топбаш

Published by Erkam Publications at Smashwords

Copyright © 2011 by Osman Nuri Topbas

Smashwords Edition, License Notes

All rights reserved. No part of this publication may be reproduced, stored in a retrieval system, or transmitted in any form or by any means, electronic, mechanical, photocopying, recording or otherwise, without the prior permission of the copyright owner.

E-mail: english@islamicpublishing.net
Web site: http://www.islamicpublishing.net

**МАЗМУНУ**

Баш сөз
Биринчи Бөлүм
Бөтөнчө үлгүлүү кишилик Азирети Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам)
Эң изги өрнөк/усва-и хасана
Экинчи Бөлүм
Азирети Пайгамбардын бийик адамдык сапаты
Алланын сүйүктүү Элчисинин нурдуу жүзү жана көөнөргүс адеп-ахлагы
Алла Элчисинин жөнөкөйлүгү
Алла Элчисинин марттыгы
Алла Элчисинин такыбаалыгы
Алла Элчисинин зухд жашоосу
Алла Элчисинин сыпаалыгы
Алла Элчисинин ыйбаалыгы жана уялчаактыгы
Алла Элчисинин эр жүрөктүүлүгү
Алла Элчисинин мээримдүүлүгү
Алла Элчисинин мээрими жана камкордуулугу
Алла Элчисинин кечиримдүүлүгү
Алла Элчисинин коңшунун укугун көзөмөлдөшү
Алла Элчисинин кедей-кембагалдарга жасаган мамилеси
Алла Элчисинин туткундар менен кызматчыларга жасаган мамилеси
Алла Элчисинин аялдарга жасаган мамилеси
Алла Элчисинин жетимдерге жасаган мамилеси
Алла Элчисинин жаныбарларга жасаган мамилеси
Жылдыздарга теңешүү
Үчүнчү Бөлүм
Пайгамбарыбыз ны жолун жолдоодо дилибиздин бышып жетилүүсү
Пайгамбарыбыз Мухаммедге бүткүл сүйүүсү менен берилүү
Анын адеп–ахлак жана сүйүүсүн чагылдырган күзгү: асры саадат доору
Алланын Элчисине болгон сүйүүнүн күйүттүү кошогу
Ардактуу сахабалардын Алланын Элчисине бапестеген сыйы, сүйүүсү
Ардактуу сахабалардан кийинки сүйүүнүн шаркыратмасы
Салаваты Шариф
Төртүнчү бөлүм
Эң зарыл муктаждык: Үлгүлүү адамгерчилик
Адамды адам кылган таалим: Теңирий тарбиясы
Үлгү алуу жана ээрчүү
Үлгүлүү инсандар-пайгамбарлар
Аны канчалык даражада сүйөбүз?
Аны канчалык даражада сүйө алдык?
Жан дүйнө жана акыл
Жападан жалгыз эң мыкты Үлгүлүү инсан- Азирети Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам)
Эң чоң мужиза
Азиз адамдар күндү көрө албайт

[Сүйүүнүн торуна чалынган адам сүйгөнүнө моюн сунат]
[Анын баскан изинен чыкпай жүрүү үчүн көкүрөктүн тарбияланышы зарыл]
[Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын аброю, баркы жана биз]
[Сүйүү жана адеп]
[Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам)ды сүйүүдө өлчөм]
[Ага болгон сүйүүнүн белгиси]
[Аны сөз менен түшүндүрүү кыйын]
[Корутунду]
[Диний терминдер сөздүгү]

Жараткан Алла Таала Улуу пайгамбарыбызды мындайча таанытат:
**«Сени ааламдарга ырайым катары жибердик»** (Анбия, 107)

**«Эй Даңктуу Пайгамбар! Биз сени чыныгы күбө, сүйүнчүлөөчү, эскертүүчү Алланын буйругу менен инсандарды Аллага чакырган, жарык чачкан шамчырак жана жол көрсөтүүчү жетекчи катары жибердик.»** (Ахзаб, 45 – 46)

**«**(Эй Элчим!) **Албетте сага түгөнгүс сыйлык бар. Шексиз түрдө сен улуу адеп - ахлак жолундасың.»** (Калем, 3 – 4 )

**«Ант болсун! Силерден, Аллага жана акырет күнүнө ишенип акыбетинин кайырдуу болуусун эңсеген жана Алланы көп зикир кылган момундарга Алланын элчисинде эң сонун-изги өрнөк бар.»** (Ахзаб, 21)

**«Эй ыйман келтиргендер! Аллага моюн сунгула жана Пайгамбарга баш ийгиле! Амалдарыңар бөөдө текке кетип калбасын»** (Мухаммед, 33)

**«Ким Аллага жана Анын Элчисине баш ийсе, алар, Алланын неmаттарына бөлөнгөн пайгамбарлар, чынчылдар, шейиттер жана салих кишилер менен бирге болушат. Алар кандай гана сонун достор!»** (Ниса, 69)

**«Алла жана анын периштелери Пайгамбарга көптөгөн салаваттарды айтышат. Эй момундар! Силер да Ага салават айткыла жана толук баш ийүү менен салам бергиле.»** (Ахзаб, 56)

## Баш сөз

Алланын Сүйүктүүсү (Хабибуллах) деген даңктуу сыпаты менен жамы пайгамбарлардын таажысы Мухаммед Мустафага (саллаллаху алейхи васаллам) үммөт болуу бакытын биз мусулмандарга ыроологон Улуу Жаратканга чексиз мактоолор болсун!

Түбөлүк бактылуулуктун жолунда теңдешсиз үлгүлүү адамгерчилиги менен мүлдө адам баласына соолугус хидаят жана акыйкат нуру болгон аты да заты да Күн деген атка татыктуу Азирети Пайгамбарыбызга салам жана салават!…

Алла Таала Аны адамдар караңгылык сазына белчеден батып калган доордо пайгамбар кылып жөнөттү. Дүйнө заалымдыктан зар какшап, кою караңгылыкта буулуп жаткан мезгилде тирүүлүк ааламында түркөйлүкө чүмкөнгөн нечелеген айларды, жылдыздарды жана күндөрдү кайрадан нурланткан көз тайгылтаар ак берметти багыштады. Жапайылыкта, мыкаачылыкта, бузукулукта жана кайдыгерликте айбандан да өтүп кеткен коомго, караңгылыка камалган дүйнөгө тээ бийик мейкиндиктен жаркыраган Үркөр кылып тартуулады.

Демек Алла Таала;

Аны;

Жандуу-жансыз атпайга; ташка жана топуракка, дарыяга жана деңизге, жерлерге жана асмандарга, убакытка жана мейкиндикке, айрыкча адамбаласына чексиз мээрим кылып тартуулады. Берекенин, туура жолдун, мээримдин, боорукерликтин жана кутулуунун себепкери кылды.

Ал өзгөчө мээрим экен, мүлдө жандык Анын жүзү урматы үчүн жаратылган жана ага бапестелген сүйүүлөр деңгээлине жараша Жараткандын даргөйүндө баага арзыган.

Ал артыкча мээрим экен, боорукерлиги, мээрими жалпы адамзатты, жадагалса жандуу-жансыз атпайды кучагына алган.

Ал агылган мээрим экен, Кудай Таала тарабынан жан дүйнөлөргө жана бардык акыл-эске түбөлүктүүлүктүн мүрөгү жана артыкча өзгөчөлүктөрү менен чексиз береке жана кут булагы болуп белек катары сунулган.

Ал жаркыган мээрим экен, Ага коштолуп чексиз хидаят илими Куран белек кылынган.

Ал чалкыган мээрим экен, Рахман (Мээримдүү) жана Рахим (Ырайымдуу) Алланын эң жакшы көргөнүнөн, сүйгөнүнөн Миражга (Көккө көтөрүлүү) татык, ылайык көргөн Элчиси.

Ал арзыган мээрим экен, болбосо ал какыраган чөлдөргө айланмак ааламдар.

Ал нур башат мээрим экен, мүлдө жаратылуунун башталышы анын нуру менен курулган.

Ал ажайып мээрим экен, Кай жерде сулуулук суйкайып турса, Анын сулуулугу чагылып турат. Ал сулуулук Анын жүзү урматына жаратылган. Ааламда эч бир гүл ачылбастыр анын нурусуз! Ал болбогондо эч нерсе куралбас эле. Ал соолубас, тескерисинче күн өткөн сайын толук бойдон жаңырган жана жашылданган Жараткандын гүлү.

Ал ардактуу мээрим экен, анын баркын жана кадырын Алла Таала Өзү түшүндүрүп жатат. Жадагалса ага салам жана салават айтуу менен…

Мына ошол бөтөнчө Мээримдин пайгамбарлык чатырынын саябанында бардык коомдор чыныгы бейпилдин даамын тата алышты. Наадандыктын деңиздеринде, күнөөкөрлүктүн түтүнүнө тумчуккан жана жан аябаган адамзат, Ал ачкан илим, кеменгерлик жана акыйкаттын каалгаларынан тээ бийиктерге канат күүлөп нукура жашоонун демин ала баштады. Таш болуп каткан абийирлер, Анын берекелүү колунда камырдай жумшарып ийге келди. Дат басып, кирдеген жүрөктөр, Анын кашкайган булагына жуулуп, тазаланды, нур толгон сүйүү мекенине айланды да калды.

Маселен Исламга кирбестен оболу, Хабашистандык (Эфиопия) Вахши, кан ичээр мыкаачы рухтуу карөзгөй киши эле. Бирок кези келип Анын даанышман тарбиясына моюн сунгандан тартып, көзүнөн жашы агылган ардактуу сахабага айланды. Бул сыяктуу дагы нечелеген адамдар ыйман жолун тандабастан оболу жаман сыпаттардын туткунунда

рухий жактан өлүү сыяктанышаар эле. Кийинчерээк алар дагы ошол хидаяттын мөлтүр булагынан ичип, түбөлүктүү тирүүлүктүн кучагына баш коюп, баары «Азирет» наамы менен аталып бийик мартабага жетишти.

Булардын бардыгынан байкалгандай, Алла Таала жараткан чыгармалардын эң көркөмү да, эң сулуусу да Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) экендиги талашсыз. Көмүскөдө да, көрүнөөдө да кандай караба бул- чындык феномен. Эң мыкты, ажайып сулуу жана аябай сүйкүмдүү ал. Адамзат тарыхында акыйкаттын залкары саналган салихтер, суфилер, олуялар, хакимдер (адилет ишин аткаргандар) жана дүйнөнү бийлеген паашалар турушу менен ал үлгүнүн үзүрү. Ал, күндүн жаркын шооласы. Ал арийне жамы ааламга Жараткан жолдогон мээрим, камкор жана баа жеткис белек.

Бул тарабын эске ала турган болсок Кудай Таалага жакындоо жана Анын ыраазылыгына татыктуулуктун жолу дагы, оболу Пайгамбарына болгон сүйүү жана тыгыздыктан башталат. Алла Таала бул чындыкты Куранда мындайча билдирет:

قُلْ اِنْ كُنْتُمْ تُحِبُّونَ اللّٰ ـهَ فَاتَّبِعُونِي يُحْبِبْكُمُ اللّٰهُ وَيَغْفِرْ لَكُمْ ذُنُوبَكُمْ وَاللّٰ Oهُ غَفُورٌ رَحِيمٌ

**«Айткын** (Эй Мухаммед)**: Эгер Аны сүйсөңөр мени ээрчигиле. Ошондо Алла силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет. Алла кечирүүчү, мээримдүү.»** (Алимран, 31)

Аллага ыйман келтирген ким болбосун четте калбай тургандынын чындыгы мына ушул жерде жатат. Аятта басым жасалгандай; Алланы сүйүүнүн жападан жалгыз белгиси Анын Элчисине моюн сунуу, байлануу, жалгануу, Аны көпөлөктөй чарк айлануу болуп саналат. Болбосо бул ыйман, ыйман болуп эсептелбейт. Андай болсо пенде өзүн Аллага башкача жолдор менен сүйдүрүшү мүмкүн эмес тура. Алланын сүйүүсүнө арзый албаган пенденин бардык иш аракеттери куру бекер убарадан башка эч нерсе эмес.

Демек Азирети Пайгамбарыбызды (саллаллаху алейхи васаллам) жашообуздун жана көңүлүбүздүн борборунда ар убак жашатуу кажет экен. Анын теңдешсиз үлгүлүү адамгерчилигине гана карап, кулк-мүнөзүбүздүн кишилик сапатыбызды түптөп, өркүндөтүшүбүз зарыл.

Мына ошондуктан ал алган демди алганыбызды сезгенге чейин, табиятыбыз Анын жүрөгү менен бир бүтүн абалга келгенге чейин, Сахабалар сыңары, көкүрөгү күйүттүү Аны жандай сүйгөн жандар сыңары Аны, дагы да жакындан таанууга, билүүгө муктажбыз.

Ага ылайыктуу түрдө мынчалык тапка келүү, биз сыяктуу алсыздар үчүн мүмкүн эмес болсо да, эч болбосо ушул жолдо болуунун өзү эле чоң бакыт. Анткени Анын бөтөнчө адамгерчилигинен аз гана үлүш ала алсак, мына ошол түбөлүк сапар үчүн жакшы жышаан.

Ошондуктан Анын адамгерчилигин дагы да жакындан таанууну максат тутуп колуңуздардагы эмгекти, кемчилик жана алсыздык сыясы менен болсо да жазганга кайрат кылдык. Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) улуу адамгерчилиги тууралуу мурунку эмгегибизде жарык көргөн көлөмдүү маалыматтан корутунду даярдадык.

Балким колдонгон сөздөрүбүз Ага ылайыктуу эместир, бирок түшүндүргөндө да, жашаганда да баарыбыз ал Теңирий белеке ыраазылыгыбызды билдиришибиз абзел. Анын мүлдө ааламга таандык мээрим жана бейпилдигин, далай жаңы дарттарга кабылып, кесепеттүү сормо сазга батып бараткан акыр заманга алып өтчү көпүрөлүк кызматты күчүбүздүн жетишинче аркалоо негизги озуйпабыз. Ал ажайып көркөм санаттын апогейин, тилибиз чарчаганча бүт адамдарга таанытуу картайбас карызыбыз. Айрыкча

жашоо образыбыз, жүрүм-турумубуз менен Аны эң мыкты түрдө чагылдыра билүү, биз үчүн эң улук шарапат.. Бул шарапатты тилек кылган акын:

Барлыгың күн сыяктуу, чын-туурасы,
Ошондуктан таттуу дайра колдон акты!!!
Таптаза, кандай калыс, ал пенденин эң тунугу,
Таксыз Ага үммөт кылчы Оо Улугум биз кулуңду!.. (Сейри.)

**Алла Таала жалпыбызды Анын теңдешсиз адамгерчилиги менен көрктөп, кооздосун! Көңүлдөрүбүздү Ага арналган ашыктыктын сарайына айлантсын! Ага берилүүдөгү жана байлануудагы сынакта жалпыбызды ийгилике жеткирип, Өзүнүн Теңирий сүйүүсүнө жана ыраазылыгына татыктуу кул кылсын!**

**Оомийн..**[1]

## Биринчи Бөлүм

## Бөтөнчө үлгүлүү кишилик Азирети Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам)

Пайгамбарлардын тарыхы алгачкы жаралган «Мухаммеддик Нурдун» алгачкы Адамга ыроолонушу менен башталып; «Мухаммеддин ымыркай денеси» нин жарык дүйнөгө келиши менен аягына чыккан. Башкача айтканда бул улук нур, ары таза, ары татыктуу урууларда өтүп олтуруп Азирети Абдуллахка чейин келген. Анан эки аруу жандын бактылуу никесинин үзүрү катарында Абдуллахтын маңдайынан, Азирети Аминанын боюна өткөн. Ошентип бул нур, кайрылып келип нукура ээсине берилген.

Аалам аттуу атактуу жаратылыш, Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) нуруна жуурулган. Мына ошондуктан ааламдагы миң түркүн кооздук саймалар жана Теңирий Кудуреттин агымы, Анын нурунун кубулушу жана жылмаюсу. Адам Ата – алейхис салам- жаратыла турган топурака, Азирети Мухаммеддин топурагынан аз гана насип кошулгандыктан Азирети Адамдын тообосуна оң жооп болгон. Хадисте мындайча маалымдалат:

«Бейиштен чыгарылууга себеп болгон залланы[2] байкоостон жасап алган Адам – алейхис салам- »өз жаңылыштыгын байкай коюп:

«-Эй Рабим! Мухаммеддин акы-урматы үчүн мага кечирим беришиңди сураймын.- деди. Алла Таала:

«-Эй Адам! Мен али жарата элек Мухаммедди кайдан билип жүрөсүң?»деди.

Адам –алейхис салам-:

«Эй Раббим! Сен мени жаратып, Өз рухуңдан бергенден кийин башымды көтөрдүм. Ошондо арштын устундарында «Лаа илааха иллаллох» деген жазуунун жазылып турганын көрдүм. Мына ошондо билгем;Сен, жаратылгандардын арасынан эң сүйүктүүсүн Өзүңдүн Затыңа кошуп жазасың!» -деди.

Адамдын бул сөздөрүнөн кийин Алла Таала:

«Туура айттың эй Адам! Чындыгында Ал, макулуктун арасынан Менин даргөйүмдө эң сүйүкүү. Анын жүзү- урматына Менден кечирим сура! (Мейли эми сурап калдың) Сени кечирдим. Эгер Мухаммад болбогондо сени жаратпас элем!» деп айтты.»[3]

Ошентип Азирети Мухаммадды (саллаллаху алейхи васаллам) дубасына тирөөч кылган Адам Ата Кудайдын кечиримин ала алды. Ал улуу Элчи, Азирети Ибрахим пайгамбардын тукумуна өткөндүктөн; алоолонгон тоодой жалын ал үчүн салкын жайга айланып аман калды. Ал ыйык маржан, Исмаилдин –алейхис салам- ак берметине кирген эле. Ошондуктан көктөн анын дарегине курмандык үчүн кочкор түшүрүлдү.

Мына, ушундан байкалгандай, пайгамбарлар дагы Анын урматы үчүн Кудайдын мээримине баш калкалаган. Жадагалса ага моюн сунуунун берекесине тушугуу үчүн Мухаммедке үммөт болууну каалаган Азирети Иса сымал пайгамбарлар да чыккан:

Катада бин Нуаймдын билдирүүсүндө Азирети Муса –алейхис салам- мындай деди:

«-Оо Жараткан! Сен мага берген жазууларда адамдардын арасынан чыккан, жакшылыкты буйруп, жамандыкка тыю салган эң кайырдуу үммөттөн кеп кылынганын көрүп турам. Аларды мага үммөт кыла көр!»

Алла Таала:

**«-Алар Ахмаддын үммөтү болот.»** -деди.

Муса –алейхис салам-:

«-Оо Жараткан Алла! Жазууларда, дүйнөгө акыркы болуп келип, алгачкылардан болуп бейишке кирген үммөт тууралуу кеп салганыңды көрүп турам. Ошолорду мага үммөт кыла көр!» деди.

Алла Таала:

**«-Алар Ахмаддын үммөтү болот.»** деди.

Муса пайгамбар:

«-Оо Кудайым! Мына ошол жазууларда бир үммөттөн кеп салынганың бар. Алардын Инжилдери (китептери) көкүрөгүндө, жатка окушат экен. Арийне алардан мурунку үммөттөр, (жатка эмес) китептен карап окушкандыктан, китептери жоголгондон кийин эч нерсени эсинде тута алган эмес. Сен шек күмөнсүз бул үммөткө мурунку эч бир үммөткө бербеген жаттоо жана коргоо күчүн бериптирсиң. Аллахым аларды мага үммөт кыла көр!.» деди.

Алла Таала:

**«-Алар Ахмаддын үммөтү болот.»** деди.

Азирети Муса:

«-Раббим! Анда, мурунку китептерге да, акыркы китепке да ишенген, ар кандай бузукулук, жалгыз көздүү жана жалганчы дажжал менен согушкан үммөттөн кеп салынууда. Аны мага үммөт кыла көр!»-деди.

Алла Таала:

**«-Алар Ахмаддын үммөтү болот.»** -деди.

Муса –алейхис салам-:

«-Раббим! Жазууда, алардан бирөө жакшылык иш жасоого ниет кылганы менен аны аткара албай калса ал пендеге бир жакшылык жазылыптыр, а эгер ниетиндеги жакшылык ишти аткара турган болсо 10 дон 700 эсеге чейин сооп берилээри билдирилген. Аларды мага үммөт кыл!» деди.

Алла Таала:

**«-Алар Ахмаддын үммөтү болот.»** деди.

Жараткан Алланын жалгыз жообун уккан соң Азирети Муса колундагы жарлыктарды бир чекеге коюп:

«-Оо Жараткан Алла Таала! Мени дагы Ахмаддын үммөтүнүн катарына кошо көргүн!»- деп жалынып жалбарды.[4]

Ток этээр жерин айтканда, хидаяттын берекелүү учкунундай мисал пайгамбарлык чыйырынын ар бир кербени, келечекте ааламдарга кайырым, мээрим кылынып жөнөтүлө турган Азирети Мухаммед Мустафанын (саллаллаху алейхи васаллам) келээрин сүйүнчүлөгөн таалайлуу кабарчылар таризинде эле.

Мына ошентип акырында күтүлүп жаткан нур, биздин замандын 571 жылы, Рабиуль-аввал айынын 12синде тактап айтканда дүйшөмбү күнү таңзаарда жарык дүйнөгө көз ачып, Абдулла менен Аминанын ак никесинен жаралып бардык мезгил жана жерлерди шарапатка бөлөдү.

Алланын мээрими, анын келиши менен бул ааламда ашып ташты. Актандар жана караңгылык түсүн өзгөрттү. Сезимдер дагы да чыйралды. Сөздөр, дилмаектер, ляззаттар даамга кирип, чар жайытташып кетти. Бүт нерсе бир башкача мааниге ээ болуп, бөтөнчө жагымдуулугу артты. Нечелеген кылымдардан бери кыймылсыз келген буттар термелүүдөн жерге урап, кыйроого дуушар болду. Кисра аймагындагы Медаин сарайынын устундары урап, көккө кол созгон текебер мунаралар кулады. Сава көлү болсо, заалымдыгынан какшып калды. Адам көңүлү берекеге жана канаатка толду. Бул береке жалпы ааламды, башкача айтканда мезгил жана жерлерди курчап алды.

Балким, жамы артыкчылыктарды камтыган Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), дүйнөнү шарапатка бөлөбөгөндө, адам баласы кыяматка чейин жапайылык кейпинен жазбастан зөөкүрлүк доорун уланта бермек, алдуу алсызды эзгени эзген бойдон кала бермек эле. Теңчилик Теңирден тескери жыгылмак. Жалаң алдуулар жер бетин каалагандай калчап, напсинин күчү менен бийлемек. Акын, бул абалды сөз кудурети менен не сонун көркөмдөгөн:

Эй Пайгамбар, келбегенде Сен ааламга эгерде,
Жаңшыбай булбул, ачылбай гүлдөр, Адамга атың көмүскө,
Маанисиз калмак барлыгың азиз, көмүлбөс беле күйүткө!..

***

Акыл ойго келбеген кыйын азаптарга карабай өмүр бою көкүрөк кере кадам таштап, заалымдыкты жоюп, буттарды талкалаган Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) канчалык деңгээлде ыраазычылык билдиришибиз керектигин Улуу даанышман Мавляна –кудиса сиррух- мындайча билдирет:

*«Эй, мусулмандыкты бүгүн кабылдаган пенде! Эгерде Азирети Ахмад –алейхис салам- тайманбас кайраты, майтарылбас мээнеткечтиги менен буттарды сындырбаганда, азыр сен дагы бабаларың сыяктуу буттарга табынаар элең.»*

Маданияттан таптакыр оолак жана караңгы коомдун ичинен чыккан **же жазганды же окуганды билбеген бул уммий инсан** ортого койгон илим жана хикматтын маңыз жана мазмуну менен нечелеген доорлордун акылмандарын алсыз калтырган. Кол жеткис жана кыяматка чейин эч ким жете алгыс мужиза дайрасы менен сүзүп келген. Муну ушул пикир дагы толук колдоого алат;, өтүмүштөгү тарыхый окуялардан тартып келечекте жараян эте турган нечелеген илимий жана табигый билимдерге таандык маселелер тууралуу Кураны Каримдин билдирген орундуу далилдерин, 1400 жылдан берки эч бир ачылыш төгүндөй алган эмес. Жадагалса бүгүн, дүйнөнүн эң белгилүү энциклопедиялары дагы, жыл сайын миңдеген нускалуу томдор менен өздөрүн коррекциялоого жана жаңылоого мажбур болууда.

Ал жетим жана уммий Пайгамбар, бирөө жарымдан сабак алып көрбөдү; бирок жамы пендезатка куткаруучу, кайып ааламынын котормочусу жана Актык мектебинин мугалими болуп келди.

Азирети Муса бир топ өкүмдөрдү алып келди. Алла Таалага мунажат кылып жалбаруу менен Азирети Давут залкарга айланды. Азирети Иса, адамдарга изги ахлакты үйрөтүү үчүн жөнөтүлгөн эле. Исламдын Пайгамбары Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) болсо булардын бардыгын алып келди: Өкүмдү жарыялады. Напсини

тазалап, аруу жүрөк менен Кудай Таалага дуба кылууну үйрөттү. Эң мыкты ахлакты көргөзүп, жашоо образы менен жандуу шамчырак болуп берди. Дүнүйөнүн жалганчылыгына алданып маскара болбоону катуу эскертти. Кыскасы, жамы пайгамбарлардын салихтигин жана озуйпаларынын баарын өзүнө камтып келди. Урпак жана адептин асылдыгы, жүз сулуулугу, кемелине жетүү таалайы Ага берилген тура!..

Кырк жыл бою наадан коомдун арасында жашады. Кези келгенде ортого коё турган бардык жакшы нерселердин көпчүлүгү ал коом үчүн али белгисиз эле. Анын, келечекте мамлекет жетекчиси, ак таңдай насаатчы болоору али көмүскө сыр экен көрсө.. Даңктуу аскербашы болушун кеп кылуу мындай турсун катардагы аскер болоорун эч ким боолгогон эместир.

Бирок анын кыркынчы жашы, эч шексиз адамбалсы үчүн олуттуу бурулуш болуп кала берди.

Мурдалары анын, өтүмүштөгү элдердин жана пайгамбарлардын тарыхынан, кыямат күнүнөн, бейиш жана тозок тууралуу кеп салганын эч бир жан уккан эмес экен. Ал болгону, жалгыз өзүнө таандык бийик ахлак жана орошон жашоосун жашап келген. Ошентип Теңирдик озуйпа менен Хира үңкүрүнөн кайткан кезде, абал таптакыр өзгөргөн эле.

Чакырыгын адеп баштаган кезде, жалпы Арабстан кооптонуп, таңдануунун туткунунда калды. Шурудай тизмектелген асыл сөздөр жана ак таңдайлыгы, кудум калкты сыйкырлап салгандай. Айтыштар, ыр жазуу өнөрү, адабият, риторика, нечелеген кубулжуган мукам ырлар желге айланды. Мына ушул бурулуштан кийин айтышууда же сынакта жеңип чыккан акын, ошол жеңищке жеткен ырын Каабанын дубалына көргөзмө, жарыя кылып аса албас болду. Ошентип кылымдардан бери өмүр сүрүп келе жаткан даңазалуу салт, тарыхка сиңип кете берди. Залкар атанган акын Уммул Кайстын ырга зирек карындашы:

وَقِيلَ يَا أَرْضُ ابْلَعِي مَاءَكِ وَيَا سَمَاءُ أَقْلِعِي وَغِيضَ الْمَاءُ وَقُضِيَ الأمْرُ وَاسْتَوَتْ عَلَى الْجُودِيِّ
وَقِيلَ بُعْدًا لِلْقَوْمِ الظَّالِمِينَ

«(Кийин): **Эй жер! Сууңду жуткун; Эй асман! Өзүңдү туткун** (жааганыңды токтоткун)! **Деп айтылды. Анан суу какшыды. Буйрук аткарылды жана** (кеме) **Жудий тоосунун башына токтоду дагы: Заалим коомго кыйроо болсун, деп айтылды.»** (Худ, 44) аятты угаар замат:

«-Эми эч ким эч нерсе айта албас. Мактоо аянтында агамдын ыры дагы асылып турганга жарабай калды!…»-деген бүтүм менен барып Каабанын дубалында асылып турган Уммул Кайстын ырын алып салды. Даражасы жагынан андан дагы төмөн турган ырлар эч бир сөзгө арзыбай калгандыктан алар дагы бирбирден түшүрүлдү.[5]

Мына ошентип Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам), Алла Тааланын бүтүндөй жер жүзүнө жөнөткөн Элчиси экендигин иш аракети менен билдире алды.

Накта таланттуу илимпоздор өмүр бою улантып келген изилдөөлөрүнөн, адам жана нерсенин үстүнө жасаган кеңири тажрыйбаларынан кийин гана социалдык, маданият, соода-сатык, экономика, массалык башкаруу, эл аралык байланыштар.. сыяктуу тармактарга көрүнөө хикматтарын түшүнө ала турган жол жобо жана эрежелерди койду. Адам баласы теориялык жана практикалык жактан канчалык бийик деңгээлде өнүккөндө гана Мухаммеддин Акыйкатын ошондо дагы жакшы түшүнөт.

Бул инсан мурдалары колуна кылыч кармап көрмөк тургай, аскерий таалим дагы көргөн эмес эле. Бирок бир жолкусунда тек гана көрүүчү катарында согуштун жүрүшүн

сырттан карап жүргөн бул улук Пайгамбар, жамы пендезатты камтыган койну кең мээримине карабастан тавхид үчүн күрөштөн жана жарандык тынчтыкты камсыз кылуу үчүн эң каардуу согуштардан да артта калбаган тайманбас баатыр, өктөм аскер башы боло алды.

Ар бир үйдүн каалгасын кагып Алланын диние үгүт кылды. Ошентсе да нечелеген бейнасип наадандар босогосуна келген Туура Жолдун Жаркын Күнүнө эшик ачпай же эшигин жаап салып түбөлүк караңгылыкта калууну тандап алышты. Жадагалса таш жүрөктүн ырайымсыздыгынан Ал жанга орой мамиле кылгандар чыкты. Ошентсе да Ал, өзүнө көрсөтүлгөн бул каршылыкка эмес, алардын кайдыгерлигине жана наадандыгына жаны ачыды.

Мындай адамдарга:

**«Мен бул** (үгүтүм) **үчүн силерден эч кандай акы талап кылбаймын!»** (Сад, 86) –деген сөзүн дайым кайталап жалгыз гана Алланын ыраазычылыгын көздөгөнүнөн жазбады.

Тогуз жыл ичинде болгону душман аскеринин үчтөн бирине араң тең келе турган кошууну менен жалпы Арабстанды колго алды. Болгондо да эки тараптан тең аз гана жоготуу менен. .. Доордун ээнбаш, тартипсиз адамдарына сиңире алган руханий кубат жана үйрөткөн аскердик таалими менен тирешүүлөрдө дайыма мужизалык ийгиликтерди багынтты. Жадагалса ошол доорлордун эң каардуу, эң айбаттуу деп саналган Рим жанан Перс сыяктуу эки күчтүү империя Анын кошуунун аркасынан каптап келгенине карабастан жеңилүүгө дуушар болушту.

Ошентип жер жүзүндөгү каардуу шарттарга карабастан эң улуу ыңкылапка өмүрүн арнаган Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам), заалымдарды сындырып, кордук көргөн жандардын көз жаштарын тындыра алды. Анын куттуу колдору жетим балдардын тарагы болду. Анын ар тараптуу камкордугу менен нечелеген көңүлдөр кайгы муңдан арылды.

Маркум Мехмет Акиф бул көрүнүштү кандай гана сонун кылып сөзгө оодарган:

Кырк кырына чыккан кезде жалгыз Жетим,
Баш тепсеген кандуу буттар тизе бүктү!
Адамдарды куткарды бир дем менен ал Күнөөсүз,
Келиши менен жексен болду Кисра, Кайсер,
Акы укугу эзилген алсыз жандар, тирилди,
Убалды ойлоп койбос заалым өлүп, ийилди.
Мээрим эле ааламдарга, ооба диний далили,
Адилеттик издегенге дабаа болду таалими.
Ааламдагы бүт нерселер Ошол жандын үзүрү;
Ошондуктан бүт жалпыбыз Ага карызбыз.
Жалпы адамзат ырахмат карыз, ал Күнөөсүз кишиге,
Оо Жараткан, акыретте бизди жыйна ушул ишеничте!..

Пайгамбарлардын паашасы Азирети Мухаммеддин –алейхис салам- руханий абалы кудум чалкыган кең дарыя; ал эми калган пайгамбарлардын абалы болсо ал дарыяга куйган кичинекей куймалар сыңары. Риваяттарда айтылган 124 миң пайгамбардын бардык артыкча жактарынын дагы да эң изгисин өзүнө камтып, мыкты ахлактуулукта, жакшы жактуулукта апогейдин накта өзүнө жете алган. Ал, өз дооруна чейинки адамзаттын пикирий жана жашоо образындагы жетишкендиктерине дагы да опол тоодой салым кошуп, кыяматка чейинки бардык муктаждыктарга жооп бере турган үлгүлүү инсан. Ал

мына ушул артыкчылыгы менен жамы пендезатка Акыр заман Пайгамбары катарында жөнөтүлгөн.

### Эң изги өрнөк /усва-и Хасана

Азирети Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) адамзат тарыхында өмүр таржымалы өтөсүнө чыгарылып тереңден изилденген жалгыз пайгамбар жана жалгыз инсан катарында тарыхта белгилүү. Адампендени ак жолго жылоолоо жана Кудайды таанууга үгүттөө өңүтүнөн калган пайгамбарлардын иш аракеттериндеги ийгиликтеринен белгилүү өлчөмдө гана таржымал калганы маалым. А акыр заман Пайгамбарынын (саллаллаху алейхи васаллам) өмүр таржымалы болсун, иш аракети, сүйлөгөн сөзү болсун же жүрүм-туруму, жан дүйнөсү, сезимдеринин абалы, деңгээли болсун ийне жибине чейин, эч кандай алымча кошумчаланбастан дал өзүндөй жазылып, изилденип, тарыхта өзгөчө орунда келе жатат. Айрыкча бул иш аракет, Кудай Тааланын буйругу менен, тээ мурункы кылымдардан тарта кыяматка чейин жашап өтө турган жамы адамзатка кеңири тарай турган мүнөзгө ээ.

Турмуштун миң түркүн кыйынчылыктарынын жана күтүүсүздөн чыга калган машаккаттар алдында өзүбүздү ушак-айыңдан, жалаадан аруу тутуу үчүн абалыбызга шүгүрчүлүк кылып, тобокелден жазбай жашай берүү кажет. Ошондой эле тагдырга ыраазылык, балээлерге сабыр, кайрат, камкордук, канаат, көңүл токтугу, мекенчилдик, жоомарттык, кичи пейилдик, ар кандай окуяларга тушуккан кезде тең салмактуулукту сактоо жана башка жогорку ахлактык сыпаттар менен өз жашообузду саймалап, жыпар аңкыган гүлзарга айлантууга муктажбыз. Мына ушул жана толгон жакшы жактарга жаркын шам чырак, жароокер жол башчы болушу үчүн аруу, таза, сылык, көрктүү жана өрнөккө толо жашоосу менен Азирети Мухаммед Пайгамбарды Алла Таала биз инсандарга белек катары жөнөткөн.

Демек Алланын Элчисинин ашып ташкан өрнөктүү өмүрү, кыяматка чейинки адам урпагына теңдешсиз үлгү. Ал тууралуу Куранда:

**«**(Элчим**!**) **Албетте сага түгөнгүс сыйлык бар. Шексиз түрдө сен улуу ахлак жолундасың.»** (Калам, 3-4) -деп билдирилет.

Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) ахлактык мүнөзү, куттуу адамгерчилиги, адам акылына сыйа ала турган алгылыктуу айкын жактары менен кишилик жүрүм-турум ыргагынын туу чокусунан орун алган. Ал чакырык озуйпасын эл арасында жашап жүрүп жеке өзү үлгү болуу жолу менен аягына үзүрлүү чыгарган көркөм үлгү пайгамбар болуп саналат. Жараткан Алла Таала ал аруу затты Курандын тили менен айтканда «Усваи Хасана», тактап айтканда адамгерчилиги эң мыкты үлгүлүү кишиси катарында жамы киши баласына ыроологон.

Аятта мындайча айтылат:

لَقَدْ كَانَ لَكُمْ فِى رَسُولِ اللّٰهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ لِمَنْ كَانَ يَرْجُوا اللّٰهَ وَالْيَوْمَ الْاٰخِرَ وَذَكَرَ اللّٰهَ كَثِيرًا

**«**(Эй момундар), **силер үчүн Алла жана Акырет күнүнөн үмүткөр болгон, ошондой эле Алланы көп эстеген кишилер үчүн Алланын пайгамбарынын** (ыйман-ишеними жана кулк-мүнөзүн) **дө көркөм өнөр бар.»** (Ахзаб, 21)

Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) өз өмүрүнүн ар бир көз ирмеминде ар тараптан жеткилең, бөтөнчө көрктүү жана толук жетишкендиктерди көргөзө алган. Жеке турмушунда болсун, жалпы адамгерчилигинде болсун жүрүм-турумдун эң мыктысы анын асыл затына камтылган экен. Ушул себептен жакшылыкты,

сулуулукту, изгиликти издеген ар бир пенде Анын жемиштүү жашоосунан жана куттуу сүннөтүнөн буларды таба алат.

Ал (саллаллаху алейхи васаллам):

Диний лидерлиги менен үлгү. Мамлекет башчысы катарында опол тоодой орду бар нагыз үлгү. Жараткандын нематтарына карк болгон кезде көзү тунарбастан тескерисинчө көзүнө жаш алып шүгүрчүлүк кылгандыгы жана сыпаалыгы менен үлгү.

Көп учурларда, көйгөйлүү жайларда көрсөткөн сабыры жана моюн сунгандыгы менен үлгү. Колуна олжо түшкөн кезде күркүрөгөн күздөй берешендиги жана топуктук-шүйкүмдүүлүгү менен үлгү. Үй бүлөсүнө балкыган мээрмандыгы менен үлгү. Алсыздарга, кароосуз жетимдерге жана кулдарга океандай чалкыган мээрими менен үлгү. Күнөөкөрлөргө айкөлдүгү жана кечиримдүүлүгү менен үлгү!

Эгер мал-мүлкүн ашып ташкан бардар киши болсоң, жамы арап улууларын мээримдүүлүгү менен ийкемдүү кылып ийлеген жана өзүнө моюн сундурган Ал улук пайгамбардын сыпаалыгын жана жоомарттыгын эсиңе түй!

Эгер деңгээлиң төмөн болсо, заалым жана зөөкүр мушрик-бутпарастардын ырайымсыз кол алдында жана башкаруусунда Меккеде жашап жүргөн Пайгамбардын турмушунан үлгү ал!

А эгер эр көкүрөк баатыр болсоң, Бадр жана Хунайн урушунда душманын артка сүрүп, айбат көрсөткөн каарман жана тайманбас Пайгамбардын өмүрүнөн өрнөк ал!

Кудай анын бетин ары кылсын, кокус жеңилүүгө дуушар болсоң, ошол кезде капсалаңдуу Ухуд согушунда шейит кеткен же жарадар болуп жерде онтоп жаткан сахабаларынын арасында өзөн сабырдуу кармап, башка түшкөнгө ыраазылык билдирип каармандыгынан тайбаган Пайгамбарды эсте!

Эгер мугалим болсоң, мечитинде Суффа сахабаларына жылуу-жумшак тил менен ары сезимтал ары чыйрак көңүлүнүн көлкүгөн берекесин тең бөлүшүп, Теңирий буйруктарды үйрөткөн Пайгамбарды унутпа!

А балким окуучу болсоң, вахий менен келген Жибрил-и Аминдин алдында ыйбаалуу адеп менен ынтаалуу жана муздабас ышкы менен чөк тизелеп олтурган Пайгамбарды дилиңде жаңдандыр!

Мүмкүн сен элге жол көрсөткөн жана насаат айткан кеменгер болсоң, Масжиди Набавида сахабалары менен дилмаек курган жана даанышмандыктын учкундарын чачкан Пайгамбарды тыңда! Анын жагымдуу үнүн көңүлүңө жана кулагыңа куюп ал!

Эгер адилеттикти коргоп, ага үгүт жүргүзүп, аны көтөргүң келсе жана бул өңүттөн кол кабыш кылаар жардамчың дагы жок болсо, анда Меккеде ар кандай жардамдар тосулган кезде заалымдарга адилеттүүлүктү сайрап, аларды туура жолго жылоолоого жан далбас урган дымактуу Пайгамбардын таржымалына назар сал!

Душманды кыйроого учуратып жеңген болсоң же жалганчылыкты жок кылып акыйкаттын жарчысы болсоң, анда Меккени каратып алган күнү, бул ыйык чөлкөмгө болгон сыпаалыгы менен төөсүнүн үстүндө саждага баш койгон абалда шаарга кирген шүгүрчүл пайгамбарды көз алдыңа элестет!

Эгер, жерден мол түшүм алгың келген багбан, дыйкан болсоң, Бани Надир, Хайбар жана Фадак аймактарына ээ болгондон кийин да, ошол аймактагы иш тажрыйбасы бар, багбанчылыкты өздөштүргөн мыкты адамдарды, ал жерлерди иштетүү үчүн жетекчи кылып дайындаган Пайгамбардан сабак ал!

Эгер багар көрөрүң жок болсо, Абдуллах менен Аминанын кароосуз калган жалгыз жетимин эсиңе сал!

Эгер жаш жигит болсоң, Меккеде абасы Абу Талиптин койлорун баккан пайгамбарлыкка татыктуу кишинин жашоосуна көңүл кой!

Эгер соодагер болсоң, Дамаскка жана Йеменге барган кербендерди башкарган затты эскер!

Эгер казы же сот болсоң Мекке шаарынын аттуу-баштуулары жаатташып, ортолорунда жаңжал чыгаарда Хажарул Асватты Каабага койгон элдин купулундагы адилеттүү жана акылмандуу жандын калыс мамилесин эсте!

Ошондой эле дагы бир жолу тарыхка көз чаптырып Мадинада, Набави мечитинде отуруп колунда эч нерсеси жок кедей адам менен бай адамды бир жерде кабыл алып, бардык адамдарга бирдей мамиле кылып, эң адилеттүү өкүмүн сүрдүргөн ошол Пайгамбарды эсте!

Эгер аял болсоң Азирети Хатижанын жана Азирети Айшанын күйөөсү ошол ыйык заттын аруулугуна, терең жан дүйнөсүнө жана ырайымына дыккат кыл!

Эгер өспүрүм бала болсоң Фатима Захранын атасы жана Азирети Хасан менен Хусайндын чоң атасы болгон бул заттын аларга болгон мамилесинен үлгү ал!

Андыктан ар дайым Азирети Мухаммедди – саллалаху алейхи васаллам – эң мыкты жетекчи жана эң кыраакы даанышман катары кабылдап,

Анын сүннөтү менен ар бир катачылыкты оңдой аласың... иштериңдин баары жүзөгө ийгиликтүү ашат... Анын нуру жана жетекчилиги менен жашоонун кыйынчылыктарынан кутулуп чыныгы бакытка жетесиң!..

Чындыгында Анын өмүр кенчи дүйнөдөгү эң кооз, эң көркөм, жагымдуу жыпар аңкыган гүлдөрү бар теңдешсиз гүлзар сыяктуу.

Азирети Мухаммеддин (саллалаху алейхи васаллам) жашоосу коомдогу ар түрдүү катмарлардагы адамдарга эң мыкты үлгү болуп берүүгө толук жооп берет. Мисалы кайсыдыр бир ажоонун жашоосу, карапайым адамга же колунда эч нерсеси жок, кедей, кем-багалдын жашоо образы, колунда бар бай адамга үлгү-мисал боло албайт. Ал эми Азирети Пайгамбарыбыздын (саллалаху алейхи васаллам) жашоосу болсо, коомдогу ар бир катмарга мисал болууга жарамдуу. Анткени Алла Таала Ага коомдун эң төмөнкү катмары «жетимдиктен» тартып, эң жогорку катмары, башкача айтканда өлкө башчылыгына, пайгамбарлыкка чейинки элдин ар түрдүү, материалдык жана рухий талаптарынын бардыгына жооп бере алгыдай жөндөм, шык ыроологон. Пайгамбарыбыздын жашоосундагы ар бир көз ирмем, инсанияттын жашоосунда эң эле зарыл, керектелүүчү соолугус булак! Мына ошондуктан анын жашоосу- бүтүндөй адамзаадага баасы бычылгыс, жеткилең, эң изги өрнөк жашоо, деп айтсак эч жаңылышпаспыз.

***

Пайгамбарлар жана пайгамбарлардын изинен чыкпаган адамдардан башка бакыт жолунда өрнөк болууга татыктуумун деген жетекчи адамдар жана айрыкча ар нерсени бир гана алсыз акыл жана аң-сезимдери менен түшүндүргөнгө аракет жасаган философтор, адамдын ар тараптуу талаптарына ылайыктуу түрдө жооп бере алышкан эмес, жооп бере алышпайт дагы. Анткени пайгамбарлар Теңирий вахийдин негизинде иш алып барып, дайыма бири-бирин тастыктап, туура багытты; ак менен караны, арам менен адалды көрсөтүүчү жетекчилер катары келишкен. Акыйкатты, туура жолду табууда адамдарга жетекчи болгулары келген философтор, Теңирдик колдоодон оолак болгондуктан жана напсилеринин торуна түшүп, бир гана акылды биринчи орунга коюп, акыл менен гана чектелгендиктен, алар ар дайым бири биринин теорияларын, пикир ойлорун четке кагып

жашап келишет. Маселен ар бир философ өзүнүн ой-пикирин туура көрүп, башка философтун пикирлеринен бирөө акылына туура келбей калса аны сындап, жокко чыгарып, ага карата терс пикир жаратат. Философтор мына ошондой бирин-бири четке кагып, ар бири өзүн акылдуу сезип, бири-бирине карама-каршы болушкандыктан өздөрүн дагы, элди да башкарууга дараметтери жеткен эмес.

Мисалы Аристотель вахийден алыс болгону үчүн, адеп-ахлак туурасында бир нече эреже-принциптерди жана усулдарды жаратканына карабастан, анын ошол философиясына ишенип, ошол принциптер боюнча жашап бейпил өмүр сүрүп, бакытка жеткендерди көрө элекпиз. Анткени философтордун жан дүйнөсү, көкүрөк ааламы рухий ыпластыктарга толо болгондуктан, ал эми напсилери болсо рухий тарбия көрбөгөндүктөн жана алар вахийден эч кандай насип албагандыктан, мындай бүтүм, табигый көрүнүш.

Вахийдин негизинде тарбия көрбөгөн мындай ойчул адамдар эгер чындап туура багытты, бакытты табам дешсе, мунун бир гана жолу бар. Ал Куран Карим жана акыр заман пайгамбары Мухаммеддин баскан изи. Кураны Каримдин толук түрдө сырткы дүйнөгө чагылышы, ачык-айкын көрүнүшү жана жандуу мисалы бул- Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммед (саллалаху алейхи васаллам) болуп эсептелет. Андыктан ар бир адам баласынын бул дүйнөдөгү эң негизги өз максатын ишке ашыруусу үчүн түбөлүк бактылуулуктун соолугус булагы- Куран менен Сүннөт сызган чийинден чыкпоосу кажет.

Анткени Кураны Карим жана Сүннөт бул- дүйнө жана акырет жашоосунун бирден бир бакыт жолу, Азирети Пайгамбарыбыздын биз адамзаадага болгон түбөлүк мурасы. Мухаммед ((саллаллаху алейхи васаллам)) Кураны Карим менен Сүннөттү үммөтүнө кенч катары белеке тартуулап кеткен.

Ошондой эле Алланын акыркы Элчисине (саллалаху алейхи васаллам) пайгамбарлык озуйпасы бериле электен мурун эле, ал элдин сүймөнчүлүгүнө, ишеничине ээ болуп **«аль –Амиин жана ас-Садык» (Ишенимдүү, дайыма туура сүйлөгөн, чынчыл)** деген наам алган. Ага пайгамбарлык кызматы мына ушундай улуу наам-лакаб ыйгарылгандан бир топ убакыттан кийин берилген.

Эл анын адамдык каситинин жогору, бийик болгондугун, адамгерчиликтүү-лүгүн, ар-намыстуулугун, айкөлдүгүн, ишенимдүүлүгүн дурустугун пайгамбар-лык келе электен мурда эле билчү. Эл жапатырмак аны ар дайым кадырлап, урматтап келишкен. Арийне, күндөрдүн бир күнүндө Мекке шаарында сел жүрүп, көчөлөрдүн баарын, үй короо жайларды суу каптап, тамдар урап калган эле. Каабаны дагы суу алып кеткен. Ал кезде Кааба бутпарастардын колунда болгон. Бутпарастар дагы Каабаны өздөрүнүн ишенимдери боюнча ыйык деп билишкен. Ошентип Мекке шаарынын тургундары Каабаны кайрадан оңдоого киришет. Акырында Каабанын бир бурчуна «Хажарул Асватты»- «кара ташты» коюууда элдин ортосунда жаатташуу башталат. Анткени бул ташты ордуна койуу өзүнчө сыймык, мактаныч, кадыр-барк эле. Ар түрдүү пикир-ойлор айтылат. Акыры бир адам: «Токтоткула талаш-тартышыңарды! Азыр ким мына бул дарбазадан биринчи кирсе кара ташты ордуна ошол адам коёт.»-деген оюн ортого салат. Ошентип талаш-тартыштар күчөп бараткан кезде, аңгычакты болбой Пайгамабарыбыз келип калат. Баягы дарбазадан Азирети Мухаммед биринчи кирип калгандыктан эл баягы кишинин пикирине кошулуп, аль-Амииндин кара ташты ордуна койуусуна жапа тырмак ыраазы болушат. Ошентип бул маселеге эч кимдин таарынычысыз, адилеттүү түрдө чекит койулган экен.

Анткени Алла Элчиси (саллалаху алейхи васаллам) өтө дурус, аманатчыл киши болгон. Дин Ислам жаңыдан телчигип келе жаткандагы күндөрдө Анын аттын кашкасындай таанымал душманы Абу Суфян дагы Византиянын императору Гераклдын:

«Сага же элге берген убадасына турбай койгон учуру болду беле?» - деген суроосуна;

«Жок! Болгон эмес. Ал ар дайым убадасына бек турат!»-деген сөздөн башка эч нерсе айта алган эмес. (Бухари, Бадул вахий, 6, Салат 1, Садакат 28; Муслим, Жихад, 74)

Ошондой эле Пайгамбарыбыздын дагы бир душманы Абу Жахил өзүнө окшогон достору менен күндөрдүн бир күнүндө Мухаммед Пайгамбарга:

«Эй Мухаммед! Кудай акы биз сени жалганчы дебейбиз. Сен биздин алдыбызда дурус, түз жүргөн жана чынчыл кишисиң. Бирок биз сен алып келген нерсени кабыл албайбыз.»-деп айтышы, караңгылыктын туңгуюугунда кептелип турган араптар дагы Пайгамбарыбызга канчалык даражада ишенгендиктерин, анын эл арасындагы кадырын көрсөтүп турат.

Бул окуядан кийин мына бул аят түшүрүлгөн:

**«Алардын сөздөрү акыйкатта сени капа кылганын билебиз. Чындыгында алар сени жалгандашкан жок. Ал заалымдар Алланын аяттарын билип туруп танып жатышат.»** (Анам, 35)[6]

Башкача айтканда душмандары дагы Азирети Пайгамбарыбыздын (саллалаху алейхи васаллам) акыйкат пайгамбар экендигин дилдеринде кабыл алса да, напсилерине оор келгендиктен аны тануута аргасыз болушкан.

Ааламдын сыймыгы, кубанычы Азирети Мухаммедди жадагалса бутпарастардын дагы **«Мухаммадуль-амиин»** (Ишенимдүү, ишенүүгө татыктуу, ыйгарымдуу, ылайыктуу Мухаммед) - деп атоолоруна себеп болгон дагы бир мисал:

Хайбар согушу болуп жаткан мезгилде еврей улутундагы Ясар деген чабан Азирети Пайгамбарыбызга (саллалаху алейхи васаллам) келет. Бир канча убакыт аны менен маектешип отургандан кийин өз эрки менен Ислам динин кабылдайт. Ошентип баягы чабан Пайгамбарыбызга өзүн жооптуу сезип, мусулмандардын катарына кошулуп, душмандар менен жоого чыгууга даяр экенин билдирет. Бирок Азирети Мухаммед (саллалаху алейхи васаллам) ага алгач койлорун ээсине тапшырышын, андан кийин мусулмандардын катарына кошулууга уруксаат берээрин айтат.[7] Анын үстүнө согуш узагандан узап, мусулмандардын азыктары азайып бараткан эле... Албетте бул мисал эң оор учурда дагы жоопкерчиликтин, үммөткө кызмат кылуунун жана аманатка бек туруунун канчалык мааниге ээ экендигин айдан ачык көрсөтүп турат.

Пайгамбарыбыздын мындай улук адамдык касиетинен насип алуу үчүн, Мираж окуясында Азирети Абу Бакирге – Алла ага ыраазы болсун – :

«Ал айткан болсо туура айтат!»-деп айттырган бекем ыйман жана Ага толук моюн сунуучулук талап кылынат.

Пайгамбарыбыздын (саллалаху алейхи васаллам) теңдешсиз адилеттүүлүгү, ырайымы жана мээрими бүтүндөй адамзаада жана жин ааламы үчүн кыяматка чейин эң мыкты, эң эле изги мисал-үлгү бойдон кала бермекчи. Ошондой теңдешсиз шамчырактын ааламга чачкан жарык нурун көрө алган ар бир көкүрөгүндө көөдөн көзү бар адам, Анын чыныгы пайгамбар экендигин, акыйкатты, эң туура жолду алып келгендигин, баягы Пайгамбарыбыздын наадан душмандары сыяктуу, дили менен, көмүскөлүү болсо дагы кабылдабай коё албайт. Арийне, канчалаган илимдүүлөр, окумуштуу адамдар ыйман келтирбесе дагы акыйкат-чындыка моюн сунууга аргасыз болуп, Пайгамбарыбыздын

(саллалаху алейхи васаллам) жогорулугун, бийик адамдык касиетин дилинен тастык кылышкан. Буга далил катары төмөнкү мисалдарды көрсөтүүгө болот. Алардын бири Томас Карл мындай дейт:

«Анын бул дүйнө менен жүз көрүшкөн күнү, нур-жарык менен зулумдук, ак менен кара бири-биринен ажыраган.»

Ана Британика аттуу китепте Пайгамбарыбыздын бийиктиги мындайча тастыкталат:

«Мухаммеддин ийгилигине адамзат тарыхында эч бир пайгамбар жана эч бир инсан жете алган эмес.»

Б. Смит:

«Эч шек-күмөнсүз Мухаммед- жол башчылардын эң улугу.» - дейт.

Жазуучу Станли Лейн-Поло Пайгамбарыбыз тууралуу мындай дейт:

«Душмандарды кыйроого учуратып, Мухаммеддин эң чоң жеңишке жеткен күнү бул- анын рухий жактан дагы эң чоң жеңишке жеткен күнү болуп эсептелет. Ал Меккени каратып алган күнү мурун өзүн кордоп келген Курайш уруусуна эч кандай кордук көрсөтпөстөн, аларды кысымга албастан ээн-эркин коё берди. Ошентип жалпы эле Мекке элин дагы кечирүү менен өзүнүн ырайым пайгамбары болгондугун дагы бир жолу даңазалай алды!»

Дагы бир жазуучу Артур Гилман:

«Анын адамдык касиетинин бийиктигин, улуктугун Мекке шаары мусулмандардын колуна өтүп жатканда дагы айкын түрдө байкоого болот. Анткени дин Ислам жаңыдан гана телчигип келе жаткан мезгилде Пайгамбарга көрсөтүлгөн зордук-зомбулуктар, бут тосуулар алардан өч алууга кандайдыр бир түртү болушу мүмкүн эле. Бирок Азирети Мухаммед (ырайымдуулуктун пайгамбары болгондуктан) мындай кадамга барган жок. Ал инсан ошол жерде, дагы бир жолу кечиримдүүлүгүн, боорукердигин көргөзүп, Аллага шүгүрчүлүк келтирди»- дейт.

1789 – жылы Францияда жараян эткен ынкылаптын идеологиялык пайдубалына эмгеги сиңген, философ **Ла Файетте** аты алыска угулган **«Адам укугу баян наамасын»** жарыялай электе, адамзат тарыхындагы бардык укук системаларын изилдеп жатып, Ислам укугунун жогорулугун көрүп мындай дейт:

**«Эй атак-даңтуу Мухаммед! Адилеттүүлүктүн туу чокуга жеткен экенсиң! Ушул күнгө чейин эч ким ал даражага жеткен эмес жана мындан кийин дагы эч ким сен жеткен даражага жетпейт!»**[8]

Мына, чыныгы бийиктик, аруулук, жогорулук! Жадагалса минтип душмандары дагы анын бийиктигин, аруулугун кабылдап, тастыктоого аргасыз калууда!.. Азирети Пайгамбардын жогорулугу жана даанышмандыгы ага ишенбегендер тарабынан дагы тастыкталып келет...

Анткени Азирети Мухаммедин (саллалаху алейхи васаллам) теңдешсиз өмүрүнүн ар бир көз ирмеми, бүтүндөй адамзааданын жашоо образына татыктуу түрдө жооп берүүгө кудурети жетет. Ал жер бетиндеги бардык адамдарга тарбиячы катары жиберилген. Ал ар дайым нур-акыйкатты жан дили менен чындап тапкысы келгендердин жолуна жарык чачат. Анын жаркын элеси, баскан изи, туура-түз жолго түшүүнү эңсегендер үчүн жарык жана адаштыргыс нур болуп бере алат. Ал инсанияттын жалгыз гана жол башчысы.

Анын рухий тарбиясында тарбияланып жаткандардын арасында, коомдогу бардык катмарлардан адамдар бар эле. Бул жерде ар кайсы улуттагы башка тилде сүйлөгөн

адамдар, өң-түсү ар башка адамдар, байлар, кедейлер, багар- көрөрү жоктордун бардыгы бар эле. Бул жерге каалган киши кирүүгө укуктуу эле. Ал жер кайсыдыр бир коомчулука гана эмес, бардык адамзаадага таандык эле. Бул жер адамды чыныгы адам кыла турган илим-билим алчу жай жана руханий даргөй катары каралган! Ал жерде алдуу менен алсыздын, бай менен кедейдин кыпындай дагы айырмасы жок болгон. Бардык адамдар тең укуктуу деп эсептелген.

Азирети Пайгамбарыбызга (саллалаху алейхи васаллам) ишенип, анын жолуна түшкөн адамдарды тарых баракчаларынан карап көрсөңүздөр; маселен, Эфиопиянын падышасы Нажаши, Меан улутундагы Фарва, Химяр уруусунун башчысы Зулкила, Дайламдык Фирузи, Йемен жергесинен Маракабуд, Аман шаарынын казысы Убайд жана Жафар сыяктуу залкар адамдар ар башка улуттардан болушкан.

Ошондой эле жогорудагы эл бийлеген, жол баштаган адамдар менен бирге Билал, Ясир, Сухайб, Хаббаб, Аммар, Абу Фукайха өңдөнгөн үлгүлүү көрөр-багары жокторду жана Сумаййа, Любайна, Зиннира, Нахдия, Умму Абис сыяктуу дин Исламдын нуруна тушуккан, адам баласына өрнөк боло алган күң аялдарды, кароосуз калгандарды тарых баракчаларынан сөзсүз кездештирүүгө болот.

Пайгамбарыбыздын сахабаларынын арасында зээндүү, акылдуу, ойчул, илимдүү, билимдүү, эл башкарган, элдин мүдөөсүнө, талабына ылайыктуу жооп берген жоопкерчиликтүү инсандар дагы болгон.

Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) жолунан жүргөндөр, канчалаган шаарларды, мамлекеттерди башкарышкан. Алардын башкармалыгы менен ошол жерлердеги элдин жашоо-турмушу бир кыйла жеңилдеп, бейпил жашоого жетишкен. Бул адамдардын бийликке келиши менен эл чыныгы адилеттүүлүктүн даамын тата алган. Алар коомго бейпилдикти, биримдикти, тынчтык- ынтымактыкты, ырашкерликти орнотууга жетишкен. Ошол доорлордо эл бири-бири менен бир туугандай, жылуу мамиледе болуп бейпил турмушта жашап калышкан.

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ
## АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРДЫН БИЙИК АДАМДЫК САПАТЫ

Адамзат тарыхында Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) сыяктуу ар тарабы менен, ийне-жибине чейин изилденген эч бир инсан жок экендиги жалпыга маалым. Пайгамбарыбыздын үлгүлүү жашоо-турмушун ар тарабы менен изилдеп томдоп китептерди жазсак дагы анын бийик адамдык касиетин татыктуу түрдө кагаз бетине түшүрүүгө чамабыз жетпейт.

Исламий илимдер дагы мына ошол теңдешсиз Пайгамбардын соолугус өмүрүнө барып таянат. Пайгамбарыз Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) өмүр жолу ар тарабы менен изилденип, анын негизинде Ислам укугу, хадис илими, тафсир илими, Ислам тарыхы, тасаввуф илими, Ислам педагогикасы, Ислам социологиясы өңдөнгөн илим тармактары пайда болгон.

Арийне 1400 жылдан бери жазылып келе жаткан Исламий эмгектердин бардыгы тең, бир эле китепти башкача айтканда ыйык Курани Каримди жана бир эле адамды Азирети Мухаммедди (саллаллаху алейхи васаллам) түшүндүрүп, чечмелеп келет.

Адам баласынын эң мыктысы, Ааламдардын сыймыгы, мактанычы Пайгамбарыбызды (саллаллаху алейхи васаллам) пенделик акылыбыз менен толук түрдө, болгонун болсгондой аңдообуз мүмкүн эмес. Анткени бул ааламдагы чектүү аң-сезимдин жана акылдын Аны аңдоого, түшүнүүгө дарамети жетпейт. Кандайдыр бир кесеге жер

бетиндеги суулардын бардыгын сыйдырууга кандай мүмкүн эмес болсо, дал ошондой эле Пайгамбарыбызды дагы толугу менен аңдоого акылыбыз алсыздык кылат.

Эми биз бул жерде, Алланын акыркы Элчисинин чеги жок океан-мухит өңдөнгөн изги адамдык сапаты менен акылыбыздын чегинде гана таанышууга аракет кылабыз:

## Алланын сүйүктүү Элчисинин нурдуу жүзү жана көөнөргүс адеп-ахлагы

Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммеддин (саллалаху алейхи васаллам) жүзү сүйкүмдүү, киши жылдыздуу, нурдуу болгон. Анын тышкы турган турпатына, кебетесине окшош эч ким жаратылган эмес, жаратылбайт дагы. Алланын акыркы Элчисинин нурдуу жүзүн жана рухий ааламын аңдап-түшүнүү өтө оор. Арийне, бул жагдай туурасында Имам Куртуби:

«Пайгамбарыбыздын (саллалаху алейхи васаллам) жүзүнүн жамалы толугу менен элге көрүнгөн эмес. Эгерде анын жамалы, сулуулугу толугу менен көрсөтүлгөн болсо, сахабалар Пайгамбарыбыздын жүзүн кароого алы жетмек эмес.» - дейт.[9]

Чындыгында эле Пайгамбарыбыз – саллалаху алейхи васаллам – менен дайыма бирге болгондордун арасында дагы анын нурдуу жүзүн моокуму канганча карай алган адам болгон эмес экен. Жадагалса дилмаек учурунда дагы сахабалар ага болгон таазимдеринен улам, баштары төмөн шылкыйып, жерди карап тургандыгы, Пайгамбарыбыз менен Азирети Абу Бакир жана Азирети Умар гана бетме-бет сүйлөшө алгандыгы баяндамаларда айтылып калган. Алар Пайгамбарыбызды карап жылмайганда Алланын Элчиси дагы аларга жооп кылып жылмайып коёр эле. (Тирмизи, Манакыб, 16Ө3668)

Бул жагдай туурасында, «Египеттин Фатихи» (Египетти колго алган) деген наам менен тарых баракчаларында аты калган Амр бин Ас -Алла ага ыраазы болсун- өмүрүнүн акырында мындай деген экен:

*«Мухаммед Пайгамбарыбыз менен көп эле бир жерде отурдум. Бирок Ага болгон таазимим, урмат-сыйым себептүү, башымды көтөрүп анын нурдуу- жүзүн моокумум канганча карай алган жокмун. Эгерде азыр мага кимдир-бирөөлөр келип; «Бизге Пайгамбарыбызды сүрөттөп бер» - дешсе, ишенип койгула, аны түшүндүрө албайм.»* (Муслим, ыйман, 192)[10]

Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) тамылжып турган нур жүзү, дүйнөдөгү эң сулуу, чырайлуу жана эң тунук жүз эле. Мусулмандар Мадина шаарына көчүп келгенден кийин, Мадиналык жөөт аалымдарынан Абдуллах бин Салам сын ой менен Пайгамбарыбыздын жанына келип, анын нурдуу жүзүн көрөөрү менен:

«Жок, бул жүздүн жалган сүйлөшү эч мүмкүн эмес!»-деп айран таң калып, ошол жерден дин Исламды кабылдаган экен. (Тирмизи, Кыямат, 42, 2485; Ахмад, 5, 451)

Анткени андагы чырайлуулук, жамал, сулуулук, нур эң бийик даражада болгон. Анын Алланын чыныгы Пайгамбары болгондугун тастыктоого чындыгында жүзүнүн жамалы гана жетиштүү эле. Буга Анын нурдуу жүзүнөн башка өзүнчө мужизанын, башка далилдин кажети деле жок болгон.

Пайгамбарыбыз кандайдыр бир нерсеге ыраазы болсо же ыраазы болбой турган болсо, дароо анын нурдуу жүзүнөн байкалып турчу.

Анын күч-кубаттуулугу, чымырдуулугу, чыйрактыгы, чыдамкайлыгы, бийик адамдык сапаты эң жогорку даражада эле. Анын жумшактыгын, жүрөгүнүн назиктигин, актыгын сөз менен түшүндүрүү мүмкүн эмес.

Жүзүнөн нур тамып, сөзүнүн уйкалышып, куюлушуп турганын, эл менен болгон жылуу мамилесин, сыпаалыгын, тилинин таттуулугун, тактыгын, адабий тил менен сүйлөгөнүн айтпа!

Анын ар бир сөзү өзүнчө эле дайра, деңиз! Сөзүндөгү маанилүүлүк, даанышмандык, акыл-насааттарды кара! Ал эч качан ушак-айың, жөнсүз, дайынсыз, баш аягы билинбеген пайдасы жок сөздөрдү сүйлөгөн эмес. Ал кимдир бирөөлөр мене баарлаша турган болсо ал адамдын акылына жараша, жөнөкөй же адабий тил менен сүйлөшөөр эле.

Ал өтө сылык, сыпаа инсан болгон. Ал ашыкча эле каткырып күлчү эмес. Анын жүзү дайыма жылмайыңкы абалда болуп турчу.

Аны күтүүсүздөн, капысынан көрүп калган киши өзүнчө сүрдөнүп кетээр эле. Аны менен дилмаекте отурган адам, Ага жан дили менен ашык болуп, сүйүп калаар эле.

Ал кадырлуу, элдин купулуна толгон инсандарды сыйлап, урматтаар эле. Тууган-туушкандарын дагы конокко көп чакырчу. Үй-бүлөөсүнө жана сахабаларына жылуу мамиле жасагандай эле башка адамдар менен дагы ошондой сыпаа, сылык мамиледе болоор эле.

Кызматчылары ээн эркин жүрөөр эле. Өзү эмне жеп, эмнени кийсе, кызматчылары дагы ошону жеп-ичип, ошону кийишкен. Ал жоомарт, март, меймандос, боорукер, мээрман, эр жүрөк, баатыр жана ырайымдуу киши эле жарыктык!

Анын марттыгын жана меймандостугун ылайыктуу түрдө түшүндүрүүгө мына бул дүйнөдөгү чектүү тилибиз, сөзүбүз алсыздык кылат. Анын марттыгы, кедейликтен коркпогон адамдын жоомарттыгынан дагы жогору даражада эле.

Азирети Жабир -Алла ага ыраазы болсун- мындай дейт:

*«Андан бир нерсе суралганда, эч ким анын «жок»-деп жооп бергенин көргөн эмес.»* (Муслим, Фадаил, 56)

Тууган-туушкандарын эң көп зыярат кылган, элге эң көп боору ооруган, эң эле ырайымдуу, адамдар менен жылуу мамиледе болгон, жаман кылык-жоруктардан эң алыс турган, эң эле бийик адамдык касиетке ээ болгон адам Азирети Мухаммед ((саллаллаху алейхи васаллам)) эле.

*«Кыямат күнү, мусулман адампенденин таразасында бийик адамдык сапатынан дагы оор нерсе турбайт. Алла Таала жат, адамды ирээнжите турган, жаман кылык-жоруктарды жасаган, жаман сөз сүйлөгөн адамды жек көрөт.»* (Тирмизи, Бирр, 62, 2002)

Алланын Элчиси ар дайым сөзүнө, убадасына бек, бекем турган. Адамгерчилиги, адеп-ахлагы, акылы, зээнинин зиректиги жагынан бүтүндөй адамзаададан жогору жана алкышка татыктуу эле.

Анын жүрөгүн дайыма кандайдыр бир кайгы-муң жана терең ойлонуу чырмап турган. Ал кандайдыр бир себеп болмоюнча сүйлөбөйт эле. Бир сөздү баштагандан кийин аны толук, ийне-жибине чейин түшүндүрүп берээр эле. Сөздү жарым-жартылай, түшүнүксүз кылып калтырчу эмес. Ошондой эле кыска, нуска жана жеткиликтүү түрдө даана, так сүйлөөр эле. Ашыкча эле сүйлөп адамды тажатып дагы жиберчү эмес же болбосо кем сүйлөп адамды эки анжы ойдо калтырып койчу да эмес. Ал салабаттуу, баатыр, эр жүрөк адам болгон.

Акыйкаттуулук четке кагылып, адамдын укуктары тепселип жатса дароо ачуусу келип, кабагын каар басаар эле. Эгерде бир адамдын укугу тепселип жатканын көрүп калса жаны чыгып кетчүдөй болуп ачуусу келип, анын акысын кайтарууга жан далбас

ураар эле. Ал адамдын акысы кайтарылгандан кийин гана ачуусу тарап, нурдуу жүзүнө жылмайуу кирээр эле. Ал эч качан өзү үчүн, өзүнө көрсөтүлгөн зомбулуктар, акаарат сөздөр үчүн ачуусу келбейт эле. Жалгыз өзүнө гана айтылган акаарат-шылдың сөздөргө, келекелерге жана атайын өзүнө гана жасалган кыйноолорго, зордук-зомбулуктарга каршы жооп кайтарбайт эле жарыктык киши!

Ал кимдир бирөөнүн үйүнө уруксааты жок эч кирчү эмес. Өзүнүн кандайдыр бир руханий абасы бар, жанды сергите турган жарык үйүнө келгенде, үйүндө боло турган убактысын үчкө бөлүп койчу; биринчиси Улуу Жараткан Алла Таалага ибадат кылуу үчүн, экинчиси үй-бүлөсү үчүн, үчүнчүсү болсо өзү үчүн деп. Өзү үчүн бөлүнгөн убакытты элге арнап, элдин ар түрдүү көйгөйлөрүнө ортоктош болуп, алардын көйгөйлөрүн чечүүгө аракет кылаар эле. Эч кимдин жүрөгүн оорутчу эмес. Ошентип ал бардык инсандардын купулуна толуп, жүрөктөрүнүн толтосунан түнөк табууга жетишкен.

Пайгамбарыбыз мечитте белгилүү гана бир жерде отуруунун салтка айланып кетпөөсү үчүн мечиттин ар тарабына келип отурчу. Анткени Ал кандайдыр бир жердин же жайдын ыйык жай катары кабылданып, текебердикке себеп боло турган жер болуп калышын каалаган эмес. Кайсыдыр бир жыйналышка киргенде, кайсыл жер бош болсо, ошол жерге отураар эле.

Кимдир бирөө муктаждыгын, арыз-муңун Пайгамбарыбыз менен тең бөлүшүү үчүн келсе, колунан келишинче анын муктаждыгын дароо орундатып, эгер анын муктаждыгын орундатууга Пайгамбарыбыздын дагы мүмкүндүгү жок болуп калса, анда түшүнүктүү, жылуу-жумшак сөз менен ал адамдын көңүлүн оорутпастан жооп берээр эле. Ал бардык адамдардын дарттарына ортоктош болууга ар дайым даяр болчу. Адамдар кайсыл катмардан же даражадан болсо дагы; бай-кедей, аалым-наадан, сабатсыз дебей, ал бардык адамдарга бийик адамдык сапаты менен бирдей мамиле жасаган. Анын жыйындарынын бардыгы рухий илим, билим, адептүүлүк, сабырдуулук, тобокелдик жана аманат өңдөнгөн адамдык касиеттердин негизинде жүрчү.

Кимдир бирөөнүн кемчилигин, жаңылыштыгын көрүп калса, анын көңүлүн оорутпай турган сөз менен түшүндүрүп койчу. Ал адамдын тышкы кебетесин карап, эч качан аны шылдыңдаган эмес, мындай иш аракеттерге катуу тыйуу салган.

Ааламдардын сыймыгы Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) сооптуу, пайдалуу сөздөрдөн башка маселелер жөнүндө сүйлөбөйт эле. Анын дилмаектери ары берекелүү, ары таасирдүү өтчү. Ал сүйлөп жаткан кезде, маңдайында отурган инсандар анын айткан ар бир сөзүнө жан дүйнөсү менен берилип кулак төшөп, кандайдыр бир рухий бейпилдикке бөлөнүшөөр эле. Алар бул абалды мындайча түшүндүрөт:

«Ал жерде отурган кезде, өзүбүздү башыбызга бир куш конуп алгандай сезээр элек. Эгер кыймылдай турган болсок баягы куш учуп кетчүдөй болуп тынч отураар элек» (Абу Давуд, Сүннөт, 23-24, 4753)

Пайгамбарыбыздагы адеп, ыйбаа, адамдык аруулук касиет өңдөнгөн мыкты сапаттарын сахабалар колдорунан келишинче өздөрүнө жугузуп, сиңдирип алышкан. Алар жадагалса Пайгамбарыбызга болгон таазими, урмат-сыйы себептүү Ага суроо узатуудан дагы тартынып, ыйбаа кылып турушчу. Мына ошондуктан алар, кадимкидей чөлдө жашаган бедуин адамдарды күтүшөөр эле. Анткени сахабалар, чөлдөн кайсыдыр бир бедуин адам келип Пайгамбарыбызга суроо салып, ошонун айынан биз дагы пайдаланып, жан дүйнөбүзгө кандайдыр бир азык таап калсак деген аруу тилекте болушкан.

Анын жашоосунун ар бир көз ирмеми-адамзаада үчүн соолугус булак. Анын адамдык сапаты-ыйык Курани Карим эле. Ал эч качан өзү жасабаган ишти башка адамдардын жасашын буйурган эмес.[11]

**Алла Элчисинин жөнөкөйлүгү**

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) кыска убакыттын ичинде дүйнөдө эч бир падыша жете албаган даражага эгедер болуп, Меккенин бутпарас бай адамдары тарабынан сунушталган дүйнө мал-мүлкүнө, байлыгына кыпындай дагы көңүл бөлбөстөн мурункудай эле инсандардын идеалдуу тарбиячысы катары элдин жүрөгүнө толуп, кыштан салынган өзүнүн мурунку үйүндө кедей жана жөнөкөй жашоосу менен өмүр сүрө берген. Ал курманын жалбырагынан жасалган таардын үстүндө уктап, жөнөкөй кийим кийген. Пайгамбарыбыз эң кедей адамдын жашоо образынан дагы төмөн жашаган. Кээде эч бир тамак таппай, ошондо дагы Аллага шүгүр келтирип, курсагына таш байлган күндөрү да болгон. Ал өткөндөгү жана келечектеги бардык күнөөсү кечирилгенине карабастан, күнү-түнү Алла Таалага чексиз мактоо-алкыш айтып, шүгүчүлүгүнөн жазган эмес. Түнүчүндө буттары шишигенче намаз окуу менен таң атаар эле. Жетим-жесирлерге, кем-багалдарга күчүнүн жетишинче жардам берээр эле. Ал эң төмөн катмардагы адамдар менен өзү алек болуп, аларга болгон ырайымдуулугун, боорукердигин, мээримин төгүп жылуу жумшак мамиле жасаган.

Мекке шаары мусулмандардын колуна өткөн күнү, Меккелик бир адам Пайгамбарыбыздын алдына келип корkконунан буттары титиреп, толкундана:

-Эй Алланын элчиси! Мага дин Ислам жөнүндө кабар бер! –деген мурунку жердешин сооротуп:

*«-Коркпо, тынчтан боордошум! Мен өкүмдар же болбосо падыша эмесмин. Мен сенин мурунку, күнгө кургатылган эт жеген кошунаңдын жетими болом!»*[12]-деп, кичи пейилдиктин теңдешсиз үлгүсүн көрсөтүп кеткен.

Ошол эле күнү эл чогулган жерге улгайып калган атасынынын ыйман келтириши үчүн аркасына көтөрүп келген Абу Бакирге:

*«-Ээ Абу Бакир! Атаңды эмнеге алып келдиң бул жерге? Жанын кыйнап. Биз анын жанына басып бара албайт белек?!»-* деген экен теңдешсиз Алланын сүйүктүүсү.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) өзүнүн дагы алсыз кул болгондугун ар дайым эскертип тураар эле.

*«Мен дагы силерге окшош эле адаммын. Силерден айырмам, мага болгону вахий берилет.»* (аль-Кахф, 110)

Ал келимеге «абдуху; Алланын кулу»-деген сөздү мурунку коомчулуктардын катачылыктарына түшүп калбообуз үчүн ар дайым кошо айта жүрүүбүздү эскертип кеткен.

Өзүнө ашыкча таазим кылган адамдарга:

*«Мени, ашыкча жогору, бийик тутпагыла! Анткени Кудай Таала мени өзүнө элчи кылуудан мурун, кул катары жараткан»* (Хайсами, 9, 21)-деп эскертүү берчү.

Пайгамбарыбыздын төрт киши араң көтөрө алган «гарра»-деген азык салынуучу мүшөгү бар эле. Күндөрдүн бир күнүндө бешим намазы окулган соң, пайгамбарыбыз баягы мүшөгүн алып келет. Мүшөктүн ичинде катыган токочтон жасалган тамак бар эле. Сахабалар аны тегерегине чогулуп калышат. Сахабалар көбөйүп кеткен кезде Пайгамбарыбыз тизелеп калат. Муну көргөн чөлдөн келген бедуин адам:

-Бул эмне дегениң, муну кандай түшүнсө болот?-дейт. Анда Алланын Элчиси:

«-Алла Таала мени кадырлуу, даңктуу (сылык) кул кылып жаратты, заалым кылып эмес!» (Абу Давуд, Атима, 17, 3773)-деп жооп берген экен.

Күндөрдүн бир күнүндө Пайгамбарыбыз мындай дейт:

«-Эч ким иш-амалы жана ибадаты менен бейишке кире албайт.»

Сахабалар таң кала:

«-Сиз дагыбы, эй Алланын Элчиси?» -деп сурашат.

*«-Ооба мен дагы... Эгерде Жараткандын ырайымына тушукпасам!.. Ал Өз мээримине, ырайымына жана кечиримине мени бөлөмөйүн, мен дагы бейишке кире албайм! Жасаган иштерим, амалдарым да эч нерсе кыла албай калат!»*-деп жооп берген экен. (Бухари, Рикак 18; Муслим, Мунафикун, 71- 72; Ибн Мажа, Зухд, 20; Дарими, Рикак, 24) Анткени жасаган амалдарыбыз, ибадаттарыбыз менен Алланын баасы бычылгыс нематтарын ылайыктуу түрдө актоого күчүбүз жетпейт. Ага канча шүгүрчүлүк айтсак дагы аздык кылат. Бирок бул, «андай болсо убара болуп шүгүрчүлүк келтирүүнүн эч кажети жок турбайбы»-дегенди түшүндүрбөйт. Тетирсинче бул түшүнүк, адам баласынын колунан келишинче Аллага шүгүрчүлүк, хамд-алкоо айтышын буюрат.

Ошондой эле Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), текебер, бой көтөргөн, менменсинген, өзүн жогору сезген адамдын Кыямат күнү шермендеси чыгып, тозок отуна таштала тургандыгын айтат. Куттуу хадистердин биринде мындай деп айтылат:

*«Алла Таала кыямат күнү, бул дүйнөдө өзүн жогору сезип, кийиминин этегин жерге сүйрөп баскан адамдын жүзүн карап да койбойт.»* (Бухари, Либас, 1 -5)

*«Кимде-ким бул дүйнөдө текебердиктин кийимин кийсе, Алла Таала кыямат күнү ага шерменде044иктин кийимин кийдирет»* (Ибни Мажа, Либас, 24)

## Алла Элчисинин марттыгы

Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) өзүн жөн гана садага таркатуучу катары карап, бардык нерсенин ээси Алла Таала болгондугун дайыма эскертип турчу.

Курайш уруусунан бутпарас Савфан бин Умаййа, Хунайн жана Таиф салгылашууларында Пайгамбарыбыздын жанында жүргөн.

Жирана деген жерде Савфандын топтолгон олжолорду таң калып карап турганын көргөн Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам):

«-Олжолор сага аябай жаккан окшойт ээ?»-дейт. Савфан жооп кылып: -Ооба, дейт. Анда Пайгамбарыбыз:

«-Андай болсо ал, ошонун бардыгы сеники!»-деп айтаары менен Савфан бир четинен аябай таң калып, бир четинен толкундана:

«-Пайгамбардын жүрөгүнөн башка эч бир жүрөктүн мынчалык март болушу мүмкүн эмес!» - деп, ыйман келимесин келтирип, мусулман болгон экен.[13]

Ошентип Савфан Курайш уруусуна келип:

«-Эй туугандарым! Келгиле мусулман бололу! Анткени Мухаммед, кедейликтин дартынан эч коркпостон, элге садака берип жатат. Ал өтө бийик марттыкка ээ экен!» –деп айткандан кайра тартпаптыр. (Муслим, Фадаил, 57-58; Ахмад, 3, 107)

Дагы бир адам Пайгамбарыбызга келип, арыз-муңун, муктаждыгын айтат. Бирок Пайгамбарыбыздын ага бере турган эч нерсеси жок эле. Ошентсе дагы жарыктык Зат башка кишиден өзүнүн атынан карыз алып туруусун айтып, ал карызды кийин өзү кайтарып берүүгө убадасын берген экен. (Хайсами, 10, 242)

Пайгамбарыбыз чоң аталарынан Ибрахим -Ага Алланын саламы-тынчтыгы болсун- сыяктуу тамакты коноксуз, өзү жалгыз жечү эмес эле. Бул дүйнөдөн кайтыш болуп кеткен адамдын карыздарын төлөттүрүп же болбосо өзү төлөйт эле. Карызы төлөнмөйүнчө анын жаназа намазын окубайт эле. Хадисте мындайча айтылат:

*«Март адам Аллага, бейишке жана адамдарга жакын, ал эми тозок отунан алыс болот. Ал эми сараң адам болсо, тетирисинче, Аллага, бейишке жана адамдардан узак, тозок отуна жакын болот!»* (Тирмизи, Бирр, 40, 1962)

*«Чыныгы момун-мусулманда ушул эки сапат болбойт: Сараңдык жана жаман адеп-ахлак!»* (Тирмизи, Бирр, 41, 1962)

## Алла Элчисинин такыбаалыгы

Мухаммед Пайгамбарыбыз адампенденин эң эле такыбаасы болгон. Улуу Кудай Тааладан өзүнө такыбаалык насип кылышын төмөнкүчө суранаар эле:

*«Оо Жараткан Алла! Напсиме такыбаалык ыроолο жана аны тарбияла! Сен ага эң сонун тарбия берүүчүсүң. Сен анын Эгеси жана Ээсисиң!»* (Муслим, Зикир, 73)

*«Оо жараткан Алла Таала! Сенден туура жол, такыбаалык, ариет жана жан дүйнө байлыгын беришиңди каалайм.»* (Муслим, Зикир, 72)

Такыбалыгынан улам кедейлер сыяктуу өмүр сүрдү. Айша -Алла ага ыраазы болсун- Азирети Пайгамбардын (саллалаху алейхи васаллам) өмүрүндө эки күн арпа нан менен, бир башка риваят боюнча, үч күн буудай нан менен курсагын тойгузбастан акыретке көчүп кеткенин баян кылат. (Бухари, Айман, 22; Муслим, Зухд, 20 – 22; Ибн Мажа, Атима, 48)

Ал үммөтүн такыбалыкка чакырып мындай деген:

*«Инсандардан мага эң жакын болгондор, кайсыл жерде болбосун Алладан корккон такыбаа момундар эсептелинет..»* (Ахмед, 5 – 235; Хусайми, 9 – 22)

*«Шексиз түрдө менин досторум такыбалар.»* (Абу Давуд, Фитан, 1 – 4242)

*«Кайсыл жерде болсоң да Алладан корк жана жамандыктын артынан дароо бир жакшылык иш кыл. Жамандыкты жок кылсын. Адамдар менен жылуу мамиледе бол!»* (Тирмизи, Бирр, 55 – 1987)

Чыныгы такыбалыкка жетүүнүн жолун мындайча баяндайт:

*«Кул күмөн санаган нерселерин таштабаса чыныгы такыбаалардын катарына кошула албайт.»* (Тирмизи, Кыямат, 19 – 2451; Ибн Мажа, Зухд, 24)

Анын назарында ак адамдын кара адамга, араптын башка улутка карата эч кандай жогорулугу болгон эмес! Ал ар дайым жогорулук, жалгыз гана такыбалыкта, деп билген. (Ахмед, 5 – 158)

Такыбаалык боюнча Азирети Иса пайгамбар эмне дейт:

Күндөрдүн биринде бир киши Исага -Ага Алланын саламы-тынчтыгы болсун- келип:

«Эй жакшылыктын мугалими! Адампенде канткенде Алла Тааланын сүйүктүү такыбаа кулу боло алат?» - деп сурайт.

Иса – алейхиссалам- :

*«Бул оңой эле иш:*

*Алла Таалага терең сүйүү менен байлансаң*

*Анын ыраазычылыгы үчүн күчүңдүн жетишинче жарамдуу амалдарды кылсаң...*

*Бүтүндөй адамбаласына өзүңө боор ооругандай боорукер жана мээримдүү болсоң!»*

*«Өзүңө каалабаган нерселерди сен да башкаларга жасаба! Ошондо гана Алланын чыныгы такыбаа кулу болосуң.»*[14] - деп жооп кайтарган экен.

**Алла Элчисинин зухд жашоосу**

Убагы келип бардык улуттар өз каалоосу менен Пайгамбарыбыздын (саллалаху алейхи васаллам) коргоосуна, кол астына кирип олтуруп Арап жарым аралында жашаган элдердин бардыгы Пайгамбарыбызга баш ийип калышкан мезгил. Ошентип Пайгамбарыбыз каалаган нерсесин аткарса болоор маал келип жетти. Өтө чоң байлыкка дагы ээ болду. Ал мына ушундай мүмкүнчүлүктөргө ээ болгону менен баягы жөнөкөй жашоосун уланта берди. Өзүнүн эч нерсеге эгедер болбогондугун, бардык нерсе Алланын кудуретинде экендигин жар салды. Ал байлыгын төөлөргө жүктөп, Мадина Мунавварага жиберди. Ал мунун баарын муктаж адамдарга, кедей-кем багалдарга таркатты. Өзү болсо мурунку руханий жашоосун өркүндөтүп өмүр сүрө берди. Ал минтип айтаар эле:

*«Ухуд тоосунчалык алтыным болсо дагы аны - карызымдан башка - үч күндөн ашыкча колумда кармамак эмесмин.»* (Бухари, Таманни, 2; Муслим, Зекет, 31)

Пайгамбардын (саллалаху алейхи васаллам) үйүндө канча күн тамак бышыруу үчүн жадагалса от дагы күйгөн эмес экен. Ал көбүнчө ачка бойдон уктап калчу. (Ахмед, 6, 217; Муслим, Зекет, 31)

Күндөрдүн бир күнүндө Азирети Умар Азирети Пайгамбардын үйүнө келген эле. Эшиктен кирип дароо эле Пайгамбарыбыздын бөлмөсүнө көз чаптырды. Үй бош. Бөлмөсүнүн бир бурчунда курма жалбырагынан жасалган жерге салынган таар өңдөнгөн нерсе жатат. Кийизде Пайгамбарыбыз уктап жатыптыр. Алланын Элчиси (саллалаху алейхи васаллам) ойгонгон кезде анын жүзүндө, денесинде баягы кургап калган жалбырактардын издери калган экен. Анан бөлмөнүн сол бурчунда бир баштыкта бираз ун, ундун жогору жагында эле мыкка асылып эски суу кумурасы турат. Пайгамбарыбыздын бөлмөсүндө болгону ушулар гана бар экен!... Бүтүндөй Арап жарым аралы Пайгамбарыбызга моюн сунуп турган мезгилде дагы анын дүйнөгө таандык, болгон байлыгы, мал-мүлкү ушулар гана экен!.. Баягы жерде Азирети Умар өзүн-өзү кармай албай, көздөрүнөн мөлт-мөлт жаш тамып, жүрөгүнүн түпкүрүнөн эчкирип ыйлап жиберди. Азирети Пайгамбар (саллалаху алейхи васаллам):

*«-Эмне болду, Умар? Эмне ыйлап жатасың?»*-деп сураганда Умар -Алла ага ыраазы болсун-:

«-Кантип ыйлабайын, эй Алланын Элчиси! Кайсер менен Кисра дүйнөдө ырахаттын туу чокусунда балкып, учуп-кайып сүзүп жүрүшөт! Ал эми Алланын эң сүйүктүү Элчиси болсо минтип катып калган кийизде жатат.!..» - дейт.

Анда Азирети Пайгамбар (саллалаху алейхи васаллам) Умарды сооротуп:

*«-Болду эми Умар, Ыйлаба! Дүйнөдөгү бардык немат жана ырахаттар аларга, ал эми акыреттеги нематтар болсо бизге таандык болот, коркпо!»*- деген экен.[15]

Пайгамбарыбыз куттуу хадистеринин биринде мындай дейт:

*«Дүйнөнүн мага эмне кереги бар! Дүйнө менен менин байланышым мындай: жайдын күнү алыска сапарга чыгып, жолдо чаалыгып калган кезде бир дарактын астында көлөкөдө отуруп, анан кайра жолуна түшкөн киши сыяктуумун.»*[16]

Азирети Пайгамбарыбыз (саллалаху алейхи васаллам) дүйнөдөгү нематтардын сурагы кыяматта оор боло тургандыгын билип ар дайым:

*«Оо Жараткан Алла! Мени кедей кыла көр! Менин жанымды кедей инсан катары ала көр! (О жараткан!) Мени кедейлер менен бирге тирилтсең экен!»*- деп дуба кылаар эле, жарыктык! (ТирмизиЗухд, 37 – 2352; Ибн Мажа, Зухд, 7)

Пайгамбарлардын бейишке кирүүлөрү кепилдикке алынган болсо дагы, алар, өздөрүнө берилген нематтар боюнча жана динди жайылтуу иштери боюнча жоопко тартылышат. Бул жагдай туурасында Араф Сүрөсүнүн 6-аятында мындай делет:

**«Албетте** (Биз) **пайгамбар жиберилген коомду да, ошол пайгамбардын өзүн дагы суракка тартабыз!»**

## Алла Элчисинин сыпаалыгы

Азирети Мухаммеддин (саллалаху алейхи васаллам) жүрөгү ушундай жумшак, ак, назик, ичинде кыпындай дагы кири жок инсан эле, жарыктык киши! Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз бир кишинин жолго түкүрүп жатканын көрүп, нурдуу жүзү кыпкызыл болуп, ошол жерде туруп калды. Пайгамбарыбызды туура түшүнгөн сахабалар дароо баягы түкүрүктү кум менен жаап койгондон кийин Алланын Элчиси (саллалаху алейхи васаллам) жолун уланткан экен.

Кийим дегенди таза, түз, тыңгылыктуу кийүүнү буйруган жана жүдөп кийингенди эч жактырбаган Азирети Пайгамбар (саллалаху алейхи васаллам) үрпөйүп, таралбаган чачты жана каралбаган сакалды дагы жактырчу эмес. Арийне, бир күнү Пайгамбарыбыз мечитте отурган эле. Аңгычакты болбой эле сырттан чачы саксайган, сакалы таралбаган бир адам кирип келет. Азирети Пайгамбар (саллалаху алейхи васаллам) баягы кишини карап, таранып оңдонушун колунун ишараты менен буйрук берет. Ал киши бул буйрукту аткарган соң, Алланын Элчиси:

*«Мына бул абал, чачы саксайган жүдөңкү шайтан сыяктуу жүрүүдөн дагы жакшыраак!»* - деп айтты. (Муватта, Шаар, 7)[17]

Дагы бир жолу Азирети Пайгамбар (саллалаху алейхи васаллам) чачы саксайган адамды көрүп:

*«Эмнеге бул киши башын жууп, чачтарын тарабайт?!»* - деп таң калып, кыжыры келген экен.

Кир кийим кийип жүргөн дагы бир кишини көрүп:

*«Эмне, бул адам кийимдерин жууганга суу таппай калыптырбы?»* - деп мусулмандардын ар дайым таза жүрүүлөрү керектигин эскерткен. (Абу Давуд, Либас, 14 – 4062)

Күндөрдүн бир күнүндө эптеп-септеп эле кийинип алган, жүдөгөн, саксайган адам Пайгамбарыбызга келет. Пайгамбарыбыз:

-Мал-мүлкүң барбы? Ал-акыбалың кандай?- дейт. Тиги киши «бардыгы жайында, жакшы»-деп, жооп бергенде Ал:

*«-Андай болсо: Алла Таала сага мал-дүйнө бергенден кийин, анын изи сенде көрүнүп, байкалып турушу керек! (муну эсиңе түйүп ал!)»* - деп эскертүү берген экен. (Абу Давуд, либас, 14 – 4063; Несаи, Зинат, 54; Ахмед, 4 – 137)

Куттуу хадистердин биринде мындай деп айтылат:

*«Кудай Таала, пендесине ыроологон нематынын, ал адамдан байкалып, көрүнүп турушун каалайт!»* (Тирмизи, адеп, 54 – 2819; Ахмед 2- 311)

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) ырайымдуу, назик, боорукер, жумшак болгондуктан:

«-Эй Мухаммед, эй Мухаммед!»-деп кыйкырган копол, орой адамдарга дагы жылуу жумшак гана:

«-Эмне болду, кандай каалооң бар!»-деп жооп берээр эле.[18]

Ошондуктан Алланын Элчиси (саллалаху алейхи васаллам) үйүнө келген конокторун өзү коноктоп, өзү кызмат кылчу. (Бейхаки, Шуаб, 6 - 518, 7- 436)

Ал жадагалса балалык чагында эч кимдин жүрөгүн оорутуп, капа кылып койгон дагы эмес экен.

## Алла Элчисинин ыйбаалыгы жана уялчаактыгы

Пайгамбарыбыз (саллалаху алейхи васаллам) эч качан бийик үн менен сүйлөгөн эмес. Адамдардын жанынан акырын, жайбаракат, жыйлмайыңкы жүз менен учурашып өтчү. Пайгамбарыбызга карата айтылган орой, жаман сөз айтылса дагы ал кишинин жүзүнө карап да койчу эмес. Анын жүзүндөгү нур, ички жан дүйнөсүн чагылдырып тургандыгы үчүн, адамдар ага дыккат сөз сүйлөп, этият мамиледе болушкан. Пайгамбарыбыз ушунчалык бийик адамдык касиетке ээ болгондуктан, кандайдыр бир күлкүлүү нерсеге эч каткырып күлгөн эмес экен, жөн гана жылмайып койчу экен жарыктык! Ал сахабалардын айтымына караганда, жоолукчан жаш, уялчаак кыздан дагы ыйбаалуу болгон.

Хадисте мындай деп айтылат:

*«Ыйбаа кылуу бул- ыймандан. Ал эми ыйбаалуу адам бейиште болот! Ыйбаасыздык бул-жүрөктүн катуулугунан. Ал эми жүрөгү катып калган адам болсо, тозоку!...»* (Бухари, Иман, 16)

*«Ыйбаа менен ыйман ар дайым бир жерде болот; бирөөсү кетсе экинчиси дагы кетет.»* (ал өлсө өлөт, тирилсе тирилет, деген эле кеп) (Табарани, Авсат, 8 – 174; Байхаки, Шуаб, 6 – 140)

*«Орой сөз, айыптан, уяттан башка эч жакшылык алып келбейт! Ал эми ыйбаалык жана адептүүлүк бар жерде барктуулук да, сулуулук-коздук дагы болот.»* (Муслим, Бирр, 78; Абу Давуд, Жихад, 1)

Чыныгы ыйбаалыкка, уялчаактыкка дүйнөгө болгон сүйүүнү жүрөктөн чыгарууга себепкер- өлүм жөнүндө ойлонуу менен гана жетүүгө мүмкүн. Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) ар дайым сахабаларынынын Алладан чын дилдери менен ыйбаа кылууларын эскертип турган. Күндөрдүн биринде сахабалар Аллага алкоо, шүгүр-хамд келтиришип, ыйбалуу болгондуктарын айтканда, Алланын акыркы Элчиси, чыныгы ыйбаалык бул- денени бардык арам иштерден оолак кармап, өлүмдү эч качан эстен чыгарбай жүрүү. Акыретти арзуу кылган адам качан гана дүнүйөнү сүйүүдөн баштартканда гана Алланын алдында чыныгы ыйбаалыкка жете алаарын айтып кетишкен. (Тирмизи, Кыямат, 24 – 2458)

Азирети Пайгамбарыбыз эч кимди көпкө тиктеп карап турган эмес. Ал көбүнчө тик эмес, жерди көп карачу. Ал ушундай адамдык бийик сапаты себептүү, кимдир бирөөнүн жаңылыштыгын көрүп калса, аны элге жар салып же болбосо урушуп анын жүрөгүн ооруткан эмес.

Азирети Аиша энебиздин айтымы боюнча, эгерде кимдир бирөө Ага жагымсыз, орой сөз айтса:

«Буга эмне болуп калган, жин урганбы?»-дегендин ордуна, «кээ бир адамдарга эмне болуп калган, минтип же болбосо тигинтип айтат го...» - деп айтаар эле. (Абу Давуд, Адаб, 5, 4788)

Пайгамбарыбыз кээде, адамдардын жаңылыштыгын байкап калса, бул катачылыктар өздөрүнө жарашпастыгын билдирүү үчүн сөздү кыйырынан сүйлөп:

«-Коё турчу, Мага эмне болуп калган, чын эле силерди көрүп турамбы?»[19]-деген ары сылык, ары кыйыр сөзү менен сахабаларына теңдешсиз тарбиясын берип турган.

Сахабаларына, элге акыл-насаатын айтып жатканда дагы аларды капа кылып, жүрөктөрүн оорутуп албоо деген коркунуч Аны ар дайым жүрөгүнүн түпкүрүндө орун алган.

### Алла Элчисинин эр жүрөктүүлүгү

Алла Элчисинен, (саллаллаху алейхи васаллам), өткөн улуу баатырды элестетүү кыйын. Себеби, өмүрүндө бир да жолу анын коркуп чакчелекейге түшкөнүн көрүшкөн эмес. Өзгөчө кырдаалдарга туш болгондо сабырдуулук жана чыдамкайлык көрсөтүп, коркуп же болбосо тынчсызданып ылайыксыз кыймыл-аракет жасабачу.

Аны өлтүрүүнү каалагандардын ортосунун Йасин сүрөсүнүн төмөнкү эки аятын окуп эч жалтанбастан басып кеткен.

إِنَّا جَعَلْنَا فِي أَعْنَاقِهِمْ أَغْلاَلاً فَهِيَ إِلَى الأَذْقَانِ فَهُم
مُّقْمَحُونَ ﴿٨﴾ وَجَعَلْنَا مِن بَيْنِ أَيْدِيهِمْ سَدًّا وَمِنْ
خَلْفِهِمْ سَدًّا فَأَغْشَيْنَاهُمْ فَهُمْ لاَ يُبْصِرُونَ ﴿٩﴾

**“Акыйкатта, Биз алардын моюндарына, тээ ээктерине чейин (каптаган) кишендерди уруп койдук, ошондуктан алар какайган бойдон калышты (Эми алар Акка ийилишпейт). Дагы Биз алардын алдыларынан бир тосмо парда, арттарынан бир тосмо пайда кылып, аларды ороп-чулгап койдук. Эми алар көрө алышпайт”.** (Йаасин 8-9).

Азирети Али, -Алла ага ыраазы болсун!-, мындай дейт:

*“Бадрда уруш күчөп уланып жатканда кээде биз Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам), артына жашынар элек. Баардыгыбыздан өткөн эр жүрөк Ал эле. Душмандардын алдынкы саптарына эң жакын турган да Ал болчу* (Ахмад, I, 86).

Бера, -Алла ага ыраазы болсун!-, дагы Пайгамбарыбыздын эр жүрөктүүлүгү тууралуу мындай дейт:

*“Валлахи (Кудай урсун), биз уруш күчөр менен Пайгамбарыбыз Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам), барып баш калкалар элек. Биздин эң эр жүрөктүүбүз деп, Алла Элчиси менен бир сапта урушканды кишини айтар элек”* (Муслим, Жихад, 79)

Ал илахи калиматулла үчүн, тагыраак айтканда Алланын дини эң улуу болсун деп дайыма алдыңкы саптарда урушар эле. Хунейн урушу башталганда Ислам армиясы ыдырап кетүү коркунучунда болгондо, Ал эч тайманбастан душмандардын дал ортосуна жарып кирип, минген атын улам улам камчылап отуруп алдыга жылып сахабаларга дем берген жана акырында Алланын жардамы менен жеңишке жетишишкен. (Муслим, Жихад, 76-81)

Аз. Пайгамбар -саллаллаху алайхи вассалам- мындай деген:

*“Алланын кудурети жана эрки менен жашагандыгыма касам ичип айтам: Алла жолунда согушуп шейит болууну, кийин кайра тирилтип согушта шейит болууну, дагы тирилтип кайра эле согушта шейит болууну абдан каалары*м *анык...*(Муслим, Имаре, 103)

**Алла Элчисинин мээримдүүлүгү**

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), адам баласынын эң мээримдүүсү эле (Муслим, Нас, 137). Айша энебиз мындай дейт:

“Адеп-ахлак жагынан Азирети Пайгамбардан өткөн мыкты киши жок. Сахабаларынан же болбосо үй-бүлөсүнөн бирөө жарым аны чакырган болсо, дароо «*Угуп атам!*» деп айтып даяр боло калчу. Ушундай улуу адеп-ахлакка ээ болгондугу үчүн Алла таала:

**“Албетте, сен улуу адеп-ахлак үстүндөсүң!”** (Калем, 4), аятын түшүргөн. (Вахиди, 463-бет)

Пайгамбарыбыз өмүрүндө эч качан жөнү жок өч алыш үчүн кан төкпөгөн.

Анын чексиз мээримин жана ырайымын көрсөткөн кээ бир өзгөчөлүктөрүн Азирети Айша, -Алла ага ыраазы болсун!-, мындайча мүнөздөп берген:

*“Ал эч кимди айыптап жамандыкка жамандык менен жооп берчү эмес. Кечиримдүүлүк жана сыпайылык менен мамиле кылып, жамандык жасоодон алыс турчу. Напсиси үчүн бир кишиге кек сактап өч алган жок. Эч бир кулга жана кызматчыга, жада калса малга да адилетсиз мамиле кылган эмес...”*[20]

Азирети Анас Пайгамбарыбыз тууралуу айтып жатып мындай деген:

“Мен Пайгамбарыбыз нын колдорундай жибектен өткөн жумшак нерсени көрбөдүм. Алла Элчисинин жытынан өткөн жыпар жытты жыттаган жокмун. Пайгамбарыбызга туура он жыл кызмат кылдым. Мага бир да жолу «өх» деп айтканын укпадым. Жасаган ишим үчүм «неге мындай кылдың?» дебегени сыяктуу, жасабай койгон иш үчүн да «мындай кылсаң болбойт беле?» деп зекигенин да уккан жокмун.. (Бухари, Савм 53, Менакыб 23; Муслим, Фезаил 82)

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), бир сахабаны:

*“Сенде Алла жактырган эки сонун мүнөз бар: хилим (мээримдүүлүк) жана тээнни (этияттуулук)” деген сөздөр менен мактаган.* (Муслим, Иман 25, 26)

Бир бедуин Масчиди Набавиде (Пайгамбар мечити) кичине дааратын ушатты. Сахабалар дароо аны тилдеп уруша башташты. Муну көргөн Азирети Пайгамбар, саллаллоху алайхи ва саллам:

*“Ал адамды тим койгула, даарат ушаткан жерине бир чака суу төккүлө. Сиз жеңилдик көрсөтүүш үчүн жөнөтүлгөнсүңөр, кыйынчылык көрсөтүш үчүн эмес”* деди. (Бухари, Вуду, 58, Адаб 80)

Андан кийин ал кишиге мечиттин маанилүүлүгүн жана бул жерде өзүн кантип алып жүрүүнүн адебин жылуу жумшак сөздөр менен түшүндүрүп берди.

Анас, -Алла ага ыраазы болсун!-, мындай дейт:

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алайхи васаллам) менен бирге басып бара жаткам. Үстүндө Нежран матасынан тигилген, четтери калың жана катуу чапаны бар болчу. Аңгыча бир бедуин келе калып жакасынан катуу тартты. Чапандын моюн тарабын карадым: бедуин катуу тарткандыктан чапандын жакалары моюнуна өтүп кеткенин көрдөм. Андан кийин бедуин:

*–Эй, Мухаммад! Сенин карамгындагы Аллага таандык мүлктөн мага да берилишине буйрук бер,-* деди.

Ааламдардын ээси Пайгамбарыбыз бедуинге кайрылып күлүмсүрөдү. Андан кийин ага бир нерселер берилишин буйруду. (Бухари, Хумус, 19, Либас 18, Адаб 68; Муслим, Зекет 128).

Анын Исламга чакыруу милдетинин ийгиликтүү болушу ушул улуу мүнөздөрүнүн берекесинин натыйжасында болгон. Улуу Алла Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам), бул туурасындагы кемелин төмөнкүчө билдирген:

فَبِمَا رَحْمَةٍ مِنَ اللّ ... □يظَ الْقَلْبِ لاَنْفَضُّوا مِنْ حَوْلِكَ

**“(Эй Мухаммад!) Алла тарабынан болгон бир мээрим себептүү аларга (сахабаларыңа) жумшак сөздүү болдуң. Эгер одоно, дили катуу болгонуңда, албетте, алар айланаңдан таркап кетишкен болор эле...”** (Аали Имран 159)

Чындыгында эле ошол замандын түркөй адамдардын жүрөктөрүндөгү музду Ал мээримдүү, кечиримдүү, адеп-ахлактуу, камкордуу мамилеси менен эрите алган. Себеби, Ал адамзаттын хидаятка келишин каалаган. Азапка түшүшүн эмес, бактылуулукка бөлөнүшүн көздөгөн.

## Алла Элчисинин мээрими жана камкордуулугу

Азирети Пайгамбар, саллаллоху алайхи ва саллам, бир куттуу хадисте:

*“Ырайым кылганга ырайымдуу Алла таала дагы ырайым көрсөтөт. Дүйнө жүзүндөгүлөргө ырайым жана мээрим көрсөтсөңөр, асмандагылар да силерге ырайым кылат”* деп айтат (Тирмизи, Бирр, 16Ө1924; Тирмизи, Бирр, 16Ө1924).

Баласы ыйлаган эне кыйын абалга түшпөсү үчүн жана эртерээк барып баласын карасын деп намазды кыска окууга уруксат бериши, далай түндөр көздөрүнөн жаш агып үммөтү үчүн дубалар окушу, баардык убактысын адамдардын тозоктон кутулушу үчүн арнашы, Алла Элчисиндагы чексиз мээримдин эң терең жана эң сонун белгилери.

Азирети Пайгамбар, саллаллоху алайхи ва саллам, ааламдарга ырайым катары жөнөтүлгөндүгү үчүн Анын сүйүүсү жана мээрими ар бир жандууну кучагына алат. Бир күнү андан бирөөгө каргыш айтуусун сураныштты. Ал болсо:

*“Мен дүйнүөгө каргыш айтуу үчүн жөнөтүлгөн жокмун. Мен - ырайым Пайгамбарымын”* деди (Муслим, Федайил, 126; Тирмизи, Дааватт, 118)

Исламды жаюу максатында Таифке барганда түркөй, бутпарас жана өзүмчүл Таиф эли аны таш менен урушкан. Тоо периштеси Азирети Жебирейил менен бирге келип, Пайгамбарыбыз Мухаммедге, саллаллоху алайхи ва саллам:

–Ушул турган эки тоону бири-бирине кагыштырып, бул элди жер менен менен жексен кылайынбы?-дегенде, Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), буга макул болгон жок.

*–Жок, мен улуу Алладан алардын урууcунан Аллага гана ибадат кыла турган жана Ага шерик кошпогон урпактарды жаратуусун тилеймин,-*деди. (Бухари, Бед уль-халк, 7; Муслим, Жихад, 111)

Шаарларынан таш бараңга алып, ар кандай акараттар айтып кууп чыгарган таифтиктер, хижраттын 9-жылына чейин аёосуз каршылык көрсөтүп мусулмандарды чоң зыяндарга учураткан жана бул туурасында:

*“Эй Раббим! Ал урууга хидаятты (Ислам жолун) насип кыл! Аларды бизге жөнөт!”* деп, Пайгамбарыбыз улам-улам дуба окуп турган. Акырында Таиф калкы мусулман болуш үчүн Мединеге келишкен (Ибни Хишам, IV, 134; Тирмизи, Менакыб, 73Ө3942).

Абу Усейд, -Алла ага ыраазы болсун!-, Бахрейнден алып келген бир нече туткун менен Пайгамбарыбыздын алдына келет. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), бир аял туткундун ыйлаганын көрөт. Ага кайрылып:

*–Эмне үчүн ыйлап жатасың?* -деп сурады.

–Мобу киши уулумду сатты,- деп жооп берди аял.

Анда Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), Абу Усейдге:

*–Анын уулун сатканың чынбы?-* деп сурады.

–Ооба, - деген жообун укканда :

*–Кимге?-* деди. Сахаба:

–Абс уруусуна, - деп жооп берди

Ошондо Алла Элчиси, сахабага:

*"–Атыңа мин,чаап барып ушул аялдын уулун алып кел,* -деп буйруду.[21]

Умму Кайс бинти Михсан, -Алла ага ыраазы болсун!-, мындай дейт:

"Уулум чарчап калган эле. Аябай капа болуп кайгырдым. Анын сөөгүн жууган кишиге кайгырганымдан:

–Уулумду муздак суу менен жууба, аны өлтүрөт экенсиң! –дедим.

Уккаше, -Алла ага ыраазы болсун!-, дароо Пайгамбарыбыз Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам), барып, менин сөздөрүмдү айтып берет. Алла Элчиси жылмайып:

*–Ошондой дедиби! Андай болсо анын өмүрү узарды,* - деп айтты.

Хадисти жеткирген киши да «Биз ал аялдай узун жашаган башка бирин билбейбиз» деген. (Насаи, Жанаиз, 29)

Пайгамбарыбыз нын (саллаллаху алейхи васаллам), мээрими жана камкордуулугу бүткүл дүйнөгө таандык мүнөзгө ээ. Ал биркүнү:

*–Жанымды кудурет колунда кармаган Аллага ант берем: бири-бириңерге ырайым көрсөтмөйүн бейишке кире албайсыңар, - деген.*

Сахабалар :

–Эй Пайгамбарыбыз ! Баарыбыз ырайымдуубуз, - дешти.

Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

*–(Мен айткым келген нерсе) ырайым, силер түшүнгөндөй бир гана бири-бириңерге болгон ырайым эмес, тескерисинче, баардык макулуктарды өз кучагына алган ырайымдуулук!..* (Хаким, IV, 185Ө7310).

## Алла Элчисинин кечиримдүүлүгү

Алла таала кечиргенди жакшы көрөт. Пенде жасаган каталары үчүн чын көңүлдөн өкүнүп азап тартса жана артынан тооба кылса, Алла таала анын тообасын кабыл аларына сөз берет. Өзү да кечиримдүү болгондугу үчүн пенделеринин да кечиримдүү болууларын талап кылат.

Кечиримдин шарты - өкүнүү. Алланын буйруктарына баш ийүү жана арам нерселерди жасабоо. Кечиримдин эң сонун мисалдарын Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам)дын, жашоосунан таба алабыз. Ухуд согушунда өч алгысы келген Хинд Пайгамбарыбыздын абасынын, Азирети Хамзанын, ичин жарып боорун тиштейт. Бирок Мекке каратылган күнү келмеи тавхидди келтирүүсүнүн урматына пайгамбарыбыз аны кечирет.

Хаббар бин Асвад Исламга душман болгондордун ичинде мартабасы бийик болгондордон эле. Азирети Пайгамбардын, саллаллоху алайхи ва саллам, кызы аз. Зейнеп -Алла ага ыраазы болсун!- Меккеден Мединага төө үстүндө минип көчүп баратканда, Хаббар бин Асвад ага жетип барып найзасы менен сайып (уруп) төөдөн кулаткан. Азирети Зейнеп кош бойлуу болгондуктан бала түшүрүп алат; оор жаракаттар алып кан жая болот. Бул жаракат кийинчерээк анын өлүмүнө себеп болот. Хаббар ушуга окшогон көп

кылмыштарды жасаган. Мекке каратылгандан кийин качып кеткендиктен колго түшүрүлө албай калат жок. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), Мединеде сахабалары менен отурган учурда алдына келип мусулман болгонун билдирет. Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) аны да кечирди. Жада калса ага акарат айтып сөз тийгизүүсүнө да тыюу салды (Вакыди, II, 857-858).

Абу Жахилдин уулу Икрима элдешкис Ислам душмандарынан болчу. Мекке каратылгандан Йеменге качты. Жубайы мусулман болуп аны Азирети Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам) жанына алып келди. Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам), Икриманы сүйүнүп тосуп алды.

*“Эй көчмөн атчан, куш келдиң!* – деди жана мусулмандарга каршы кылган зулумдуктарды бетине айтып кине койбостон кечирди. (Тирмизи, Истизаан, 34Ө2735).

Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), үзгүлтүксүз:

*“Аллам, үммөтүмдү кечир, анткени алар эмне кылып жаткандарын билишпейт!-* деп дуба кылар эле (Ибни Мажа, Менасык, 56; Ахмад, IV, 14).

Йамаманын башчысы Сумама бин Усал мусулман болору менен Мекке мушриктери (каапырлары) менен соода-сатык байланыштарын толук үзөт. Курайштыктар бардык азык-түлүк жана бөлөк муктаждыктарын ар дайым Йамамадан алып тургандыгы үчүн, Меккени ачкачылык жана жокчулук каптаганда меккеликтер аргасыздан Азирети Пайгамбарга (саллаллаху алейхи васаллам), кайрылышат. Алла Элчиси Сумамага кат жазып, соода-сатык байланышын кайрадан улантуусун айтат.[22]

Бирок да, ошол эле мушриктер үч жыл бою мусулмандарды ачкачылык ичинде жашатып абдан кордошкон эле. Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам), аларды дагы кечирген.

Андан кызыгы Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам), хижраттын 7-жылы Хайбер жеңишинен кийин кургакчылык жана жутчулукка дуушар болгон Мекке калкына алтын, арпа жана курма данектерин жөнөтүп жардам берген. Абу Суфйан булардын баарын алып, курейштин кедей-кембагалдарына тараткандан кийин:

“–Алла, тууганымдын уулун жакшылык менен сыйласын! Себеби, Ал туугандык акысын кайтарды!” деп, сүйүнгөнүн билдирди. (Якуби, II, 56)

Ушундай улуу пазилеттердин алдында жүрөктөрү жумшарган Мекке калкы көп өтпөй толугу менен мусулмандыкты кабыл алышкан.

Худейбийеде күтүлбөстөн кол салып Алла Элчисин өлтүргүсү келген чакан аскер тобу колго түшөт. Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), буларды дагы кечирди. (Муслим, Жихад, 132, 133).

Хайбердин каратылышынан кийин бир аял Алла Элчисинин тамагына уу кошту. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), этти оозуна салганда уулуу экенин байкады. Жөөт аял тамакка уу кошконун мойнуна алганда Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), ал аялды кечирди (Бухари, Тыбб, 55; Муслим, Салам, 43)

Алла Элчисин сыйкырлап ага оору жөнөткөн жана анын жаны кыйналып азап чегүүсүнө себепкер болгон мунафык (эки жүздүү) жөөт Лебидди, ошондой эле аны бу ишти жасоого үндөгөн кишилерди вахий аркылуу билип алган. Бирок Лебиддин бу кылган кылмышын эч качан эстебеди да айыптабады. Өмүрүнө кол салган Лебидди жана ал тийешелүү болгон Бени Зурайк жөөттөрүнөн эч кимисин өлтүрткөн жок.[23]

Себеби, Кураны каримде:

**“(Эй Мухаммад!) мээримдүү болгун, жакшылыкка буюргун жана сабатсыз, караңгы надаандардан жүзүңдү бургун!”** (Аараф, 199) деп айтылат.

**Алла Элчисинин коңшунун укугун көзөмөлдөшү**

Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), коңшунун укугуна урмат көрсөтүлүшүн талап кылчу. Куттуу хадисте:

*“Жебирейил мага коңшуга жакшылык кылууну ушунчалык көп кайталап кеңеш бергендиктен дээрлик коңшуну коңшуга мураскор кылып дайындайт деген ойго кабыла жаздадым”* деген. (Бухари, Адаб, 28; Муслим, Бирр, 140-141)

Дагы бир -деген куттуу хадисте :

*“Каапыр болгон коңшунун бир укугу. Мусулман коңшунун эки укугу бар. Мусулман жана тууган болгон коңшунун үч укугу бар”* деди.[24]

Коңшунун терезесин кароо, даамдуу тамактын жыты менен аны эзүү, ал жактырбаган жорук жасоо – коңшунун укугун бузганга барабар

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам):

*“…Алла тааланын ою боюнча, коңшулардын ичинен эң жакшысы- коңшусуна пайдасы тийгени адам”* (Тирмизи, Бирр, 28)

*“Коңшусу ачка турганда курсагы ток жаткан мусулман эмес”* деген (Хаким, II, 15Ө2166а).

Абу Зар Гифари :

*“Мага Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), тамак бышырарда суусун көбүрөөк куюумду, андан коңшума да берүүмдү буйруду...”* деп айтат . (Ибни Мажа, Атыме, 58)

Абу Зар кедей сахабалардан болчу. Демек, коңшунун укугун көзөмөлдөөдө кедейлик дагы шылтоо боло албайт.

Абу Хурайрадан, -Алла ага ыраазы болсун!-, риваят кылынган бир хадисте, бир күнү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам):

– *Валлахи (Кудай урсун), ыйман келтирген эмес, Валлахи, ыйман келтирген эмес, Валлахи, ыйман келтирген эмес!*- деп кайталады.

Сахабалар:

–Ким ыйман келтирген эмес, эй Пайгамбарыбыз ? – деп сурап калды.

Ааламдардын сыймыгы:

– *Коңшусуна дагы жамандыгы-залакасы тийген киши!* - деп жооп берди. (Бухари, Адаб, 29; Муслим, Иман, 73; Тирмизи, Кыямат, 60)

Дагы бир риваят боюнча:

*“Коңшусуна жамандык кылган киши бейишке кире албайт”* деди. (Муслим, Иман, 73)

**Алла Элчисинин кедей-кембагалдарга жасаган мамилеси**

Пайгамбарыбыз (*саллаллаху алейхи васаллам),* кедейлерге, жетим-жесирлерге мээримдүүлүгү жана жакындыгы менен таанымал эле. (Бухари, Нафакат, 1; Муслим, Зухд, 41-42). Материалдык жактан деңгээли начар болгон адамдарга абдан мээримдүү мамиле кылган.

Абу Саид, -Алла ага ыраазы болсун!-, мындай дейт:

“Мухажирлердин[25] кедейлери арасында чакан бир топ болуп отургам. Булардын бир бөлүгү (бүткүл денесин жапкан кийими болбогондуктан) башкалардын көлөкөсүндө жашынып отурушкан эле. Алардын бири болсо бизге Куран окуп жатты. Аңгыча Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), келип жаныбызга токтоп калды. Алла

Элчисинин келиши менен Куран окуган киши окуганын токтотту. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), салам берди.

–*Эмне кылып атасыңар?* – деп сурады.

–Эй Алланын Расулу! Ал – мугалимибиз. Бизге Куран окуп жатат. Биз болсо Алла тааланын китебин угуп жатабыз, - дедик.

Муну уккан Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам):

–*Үммөтүмдүн ичинде алар менен биргеликте сабыр кылуум буйрулган кишилерди жараткан Аллага мактоолор болсун!*- деди.[26]

Андан кийин Алла Элчиси жупунулук менен ортобузга отурду. Колу менен жаңсап:

–*Мындай болуп (тегеректеп отургула!),*- деди.

Жамаат дароо анын айланасын тегеректеп жүздөрүн Ал тарапка бурушту. Акырында Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), бизге ушул сүйүнчүнү айтты:

–*Эй жарды мухажирлер, сүйүнчү! Силерге кыямат күнү жарык түшөрүн сүйүнчүлөйм. Силер бейишке байлардан жарым күн мурда киресиңер. Бул жарым күн (ушул дүйнөнүн күндөрү боюнча) - беш жүз жылга тете.”* (Абу Давуд, Илим, 13Ө3666)

Бир күнү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), Мединеде отурганда итке минген кедей уруу келди: бут кийимдери жоктугунан жыңайлак, ачкачылыктан жана ысыктан терилери сөөктөрүнө жабышып сөлөкөткө айланышкан. Муну көргөндө Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), аябай кумсарып, кызыл өңү кубарып кетти. Билалга, -Алла ага ыраазы болсун!-, азан айттырып сахабаларды чогултту. Кедей адамдарга көмөк көрсөтүлүп, абдан көп тартуу-белек берилгенин көргөндө, жүзүнө кызыл жүгүрүп абдан ыраазы болду. (Муслим, Зекет, 69-70; Ахмад, IV, 358, 361).

Азирети Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам), өмүрү укмуштуу, ибараттуу, чындык, чынчылдык, мээрим жана камкордук көрүнүштөрүнө өтө бай. Жубайы Айшага, - Алла ага ыраазы болсун!-а:

*“Эй Айша! Жарты курма менен болсо да, кедейди куру кетирбе. Эй Айша! Кедейлерди жакшы көр жана аларды өзүңө жакындатсаң, Алла да сени кыямат күнү өзүнө жакындатат”*деп кеңеш берген. (Тирмизи, Зухд, 37Ө2352).

Аббад бин Шурахбил, -Алла ага ыраазы болсун!-, мындай дейт:

Бир убактарда аябай жакырланып, жээрге нан таппай калгам. Ошондуктан Мединенин бир бакчасына кирип, машак ушалап жеп дагы, баштыкка да салып жаттым. Капыстан бакчанын ээси келип мени кармап алды. Өлөрчө сабап баштыкты тартып алды да, мени Пайгамбарыбыз нын алдына алып барып арызданды.

Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам), бакчанын ээсине

−*Билбей турганда үйрөтпөдүң, ачка болгондо тойдурбадың!* – деди.

Андан кийин бакчанын ээсине баштыгымды кайтарып берүүсүн буйруду.

Ошондон кийин Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), мага бир же жарым саа ( бир саа - 3,12 кг) өлчөмүндө азык-түлүк берди (Абу Давуд, Жихад, 85Ө2620-2621; Насаи, Кудат, 21).

Исламда, биринчиден, кылмышты жасоого түрткү болгон себептер териштирилип изилденет. Кылмышкердин оңолуусу үчүн аракет кылынат. Бул өңүттөн, Ислам укугундагы жазалоолор - ата-эненин баласын жазалаганы сыяктуу. Максаты – аны коомдук турмуштан алыстатуу эмес, коомго кайрадан киргизүү.

## Алла Элчисинин туткундар менен кызматчыларга жасаган мамилеси

Алла Элчисинин чексиз мээрими согушта колго түшкөн туткундарга чейин жайылат: аларга жакшы мамиле жасоолорун буйрук кылган эле. Мусаб бин Умайр бир тууганы Абу Азиз төмөндөгүдөй ибараттуу окуяны баяндап берген:

“Бадр согушунда мен да туткунга түшкөн элем. Ансардын бир жамаатына өткөрүлүп берилдим. Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

*−Туткундарга жакшы мамиле жасагыла!* - деди.

Анын бул буйругун аткарыш үчүн, мени кайтарган Ансар жамааты эртеден кечке үлүштөрүнө тийген нанды мага берип, өздөрү курма жеп гана тим болушчу. Мен болсо уялып, нанды жебей алардын бирөөнө берчүм. Ал дагы эч тийбестен кайра мага кайтарып берчү” (Хейсеми, VI, 86; Ибни Хишам, II, 288).

Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам), илгертен бери уланып келе жаткан кулчулук системасын жоюуну көздөгөн жана бул жолдо чоң ийгиликтерге жетише алган. Ал ар учурдан пайдаланып, кулду азаттыкка чыгарууга үндөп, мунун чоң ибадат экенин айткан. Кандайдыр бир мусулмандын бир маселеде ката кетирип, анын каффаратын (кечирилишин) каалаганда, ар дайым биринчи иретте кулду азаттыкка чыгарууну кеңеш берген. Эң жакын досу Абу Бакир, -Алла ага ыраазы болсун!-, байлыгынын көпчүлүк бөлүгүн Анын үндөөсүнүн натыйжасында кулду азаттыкка чыгаруу үчүн жумшаган.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), бир күнү Абу Зардын -Алла ага ыраазы болсун!-, билбестен кулуна катуу мамиле жасаганына күбө болот. Абдан капаланат.

*–Эй Абу Зар, сен али жахилия (Исламдан мурунку караңгы доор) адаттарын таштай элексиңби?* - деп сурады. Анын артынан:

*“Алланын жараткандарына зыян бербе! Мүнөзүңөр келишпесе, аны азаттыкка чыгар. Ашыкча жүк жүктөбө, жүктөсөң ага жардамчы бол!”*-деп айтты (Бухари, Иман, 22; Муслим, Эйман, 38; Абу Давуд, Адаб, 123-124).

Бир киши кулу менен күңүн үйлөнтөт. Кийинчерээк аларды ажыраштырайын дейт. Кул барып жагдайды Азирети Пайгамбарыбызга айтып арызданат. Муну уккан Пайгамбарыбыз кулдун ээсине:

*-Үйлөнтүү жана ажыраштыруу укугу сага таандык эмес; сен кийлигишпе!* - деди (Ибни Мажа, Талак, 31; Таберани, *Кебир,* XI, 300)

Ушул жана ушуга окшош жоопкерчиликтер алдында сахабалар ар дайым кулду боштондукка чыгарууну дагы пайдалуураак деген чечимге келген. Барган сайын кулчулук жоюлуп, бүгүнкү күндөгү абалга жетти. Тактап айтканда, Ислам адамзаттын моюнунан кулчулук чынжырын алып салган.

Ислам кулдун ээсине дайыма: “Жегениңен жедир, ичкениңен ичир, кийгениңен кийдир, Ашыкча жүк жана иш жүктөбө, анын муктаждыктарын көзөмөлдө!” деп үйрөтүп турат. Кулду азаттыкка чыгарууну мусулман киши үчүн жакшы кутулуу жолу жана амели салих (динге дал келген) иш катары мүнөздөйт. Кулдар үчүн ушунчалык чоң укуктар ыйгарылгандыктан, алар аткарылганда, кул кармабоо кулдуу болуудан дагы жакшы деген ой пайда болот. Кулдун ээси болуу, мындайча айтканда, өзүнүн дагы кул болуусу деген мааниге келип калган

Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам), кайтыш болордогу акыркы сөздөрү абдан мазмундуу:

*“Намазга, асыресе намазга көп көңүл бургула. Кол астыңарда болгондордун акылары үчүн да Алладан корккула”* (Абу Давуд, Адаб, 123-124Ө5156; Ибни Мажа, Васайа, 1).

Тактап айтканда, Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), кулчулукка кириш эшигин колдон келишинче жапкан; кулчулуктан чыгуу эшигин болсо аягына чейин ачып койгон жана кулга айланган адамдарды боштондукка чыгарууну ар бир мүмкүнчүлүктө үгүттөгөн. Кулчулукту жоюш үчүн мындан сонун усул болушу мүмкүнбү?

Исламдын кулду кайсы орундукка койгонун көрүү үчүн төмөнкү окуя жетиштүү мисал боло алат: Маалым болгондой, Билали Хабаши Исламдан мурда негр кул эле. Бирок мусулман болуу менен бирге Пайгамбардын, башкы азанчысы болду жана ага бүткүл азанчылардын пири аттуу наам (даража) берилди. Ошондой эле маданиятыбыздагы пенделиктин эстеликтери деп эсептелген мечиттерде азанчынын чыгып азан айткан жердеги «Эй Азирети Билал Хабаши» жазуулары муну эң сонун көрсөтүп турат.

Кыскасы, Ислам кулду төрө орундугуна көкөлөтүп чыгарган. Мушриктер дагы дал ушул себептерден улам Исламга каршы чыгышкан. Бүгүнкү күндөгү, тактап айтканда, 21-кылымдагы Исламды кабыл албаган динсиздер да дал ушул эле өзгөчөлүктөрү менен айрымаланып турбайбы, же бул калппы? Же азыркы учурдун дүйнөсүндөгү баскынчылар нечендеген эркин адамдарды туткун сыяктуу жашатууда Бир гана материалдык байлыктарын колдорунан тартып алыш үчүн күнөөсүз жана ак көңүл адамдардын укуктарын «эркиндик» апкелебиз демиш болуп тебелешкен жокпу? Укканда кулакка жылуу учураган терминдерге жана аттарга жамынып алып, азыркы дүйнөдө болуп жаткан аёосуз заманбап кулчулук системасы илгерки залымдардыкынан башкачабы?

Андай болсо илгерки кул ээлөөчүлүктү улуу принцип жана мыйзамдар менен алсыратып, акыр-аягында жойгон Исламдын адамды улуулаткан баалуулуктар түшүнүгү, бүгүнкү күндө да кайрадан адамзаттын кутулуу жолу болушу керек. Антпесе адамзат, аты эркиндик, иш жүзүндө кулчулук болгон өзүмчүл түшүнүктөрдүн айынан жок болуп кетүү корунучунда турат. Азирети Пайгамбарыбыз туткундар жана кызматчылар тууралуу:

*“Алар силердин бир тууганыңар; жегениңерден аларга да жегизгиле, ичкениңерден да аларга ичиргиле!”*[27] деп адилетсиздикке чек койгон Исламдын улуулугун көрсө болот.

Ошон үчүн илгеркидей эле азыр да адамзат үчүн кутулуунун жападан-жалгыз айласы - Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам). Ага моюн сунуу. Себеби, Ал бай-кедей, падыша-букара, башчы –жумушчу дегеле ким болсо да, адам баласын адамгерчилик касиетине жеткизген жана бул жолдо өлбөс-өчпөс мыйзамдарды орноткон. Бир сахабасы келип Андан:

–Кызматчыларыбыздын кемчиликтерин канча жолу кечирели? - деп собол узатканда:

*–Аны күндө жетимиш жолу кечиргиле!*- деп жооп берген (Абу Давуд, Адаб, 123-124Ө5164; Тирмизи, Бирр, 31Ө1949).

Мээримдин деңизи болгон Пайгамбарыбыздын төмөнкү кеңешинен кишинин көңүлүн кароочулукта баа жеткис кылдаттык байкалат:

*“Бирөө жарымыңарга кызматчысы тамак алып келгенде, аны бирге тамактаныш үчүн дасторгконго отургузбаса, анда, жок дегенде, тамактан бир-эки жолу ооз тийгизсин, же болбосо жегенге бир-эки нерсе берсин. Себеби, ал тамакты мээнет кылып ысык-суугуна чыдап жасаган”* (Бухари, Этиме, 55; Тирмизи, Этиме, 44)

Алла таала каалаcа жагдайды тескериге айлантып, кызматчыны кожоюн, кожоюнду кызматчы кылып коёт. Ошондуктан Аллага шүгүр кылып, кол астыңардагыларга жакшы мамиле жасагыла.

**Алла Элчисинин аялдарга жасаган мамилеси.**

Жахилия (Исламдан мурунку) доорунда аялдардын ар-намысын кордогон мамиле кылышчу. Сойку болот деп коркушуп, кыздарын ымыркай кезинде эле аёосуз түрдө тирүүлөй жерге көмүшчү. Таш боор жүрөктөрү менен, түркөйлүктүн айынан келип чыккан балаадан сактаныш үчүн мындан да жаман кылмыштарды жасашчу. Алла таала да Кураны каримде, Нахл сүрөсүнүн 58-аятында алардын абалдарын мындайча сүрөттөйт:

**"Алардын бирөөнө кыздуу (болгону жөнүндө) сүйүнчү кабар берилгенде, ачууга буулуккандан жүздөрү карарып кетет!"**. **(Нахл, 58)**

Аялдар жана кыздар намыска шек келтриген көңүл ачуу каражаты катары кабыл алынып, кемсинтилишчи.

Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам), буйругу менен аялдардын укуктары негизделип, аял коомдо пакизалыктын үлгүсүнө айланды. Энелик милдет кадырлуу болду.

*"Бейиш - энелердин тамандары астында!"*[28] -деген куттуу хадисте Мухаммед пайгамбарыбыздын мактоосу менен аял киши өзүнүн чыныгы баасын алды.

Азирети Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам), аялдарга карата сылык мамилесин көрсөткөн төмөнкү мисал мунун эң сонун далили:

Бир саякатында Анжаша аттуу кызматчы ыр ырдап төөлөрдү ылдамдатты.[29] Азирети Пайгамбар да (саллаллаху алейхи васаллам), төөлөрдүн үстүндөгү аялдардын назик денелери кыйналып калат деген ойдо:

*"Эй Анжаша! Абайла, айнектер сынып калбасын!"* деди. (Бухари, Адаб, 95; Ахмад, III, 117)

Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), дагы бир куттуу хадисте мындай дейт:

*"Оо Жараткан Алла! Эки алсыз кишинин, башкача айтканда, жетимдин жана аялдын укуктарына зыян келтирбешиңерди талап кылып эскертем"* (Ибни Мажа, Адаб, 6)

*"Мусулман киши аялын жек көрбөсүн: анын бир мүнөзүн жактырбаса, анда сөзсүз башка мүнөзүн жактырат"* (Муслим, Рада, 61).

Себеби, чындап эле аял киши жек көрүндү тикенек эмес, тескерисинче, сүйүү жана махаббатка татыктуу гүл сыңарында. Аны сүйүү сезими жеке Алла таала тарабынан берилген. Ошондой эле Азирети Пайгамбар да (саллаллаху алейхи васаллам), бул туурасында мындай дейт:

*"Мага бул дүйнөдө аял киши жана жыпар жыт сүйдүрүлдү; намаз болсо көзүмдүн нуру кылынды"* (Насаи, Ишретун-Ниса, 10; Ахмад, III, 128, 199)

Адамдын жаратылыш уясы болгон аялдын Азирети Пайгамбарга сүйдүрүлүшү туура эмес кабыл алынбашы керек.[30] Сүйүү Алла тааланын табийгатыбызга жайгаштырган эң улуу сезим. Ошондуктан эч качан пастык ойго кабылып аялга буюм мамилесин жасабай, тескерисинче ага ылайыктуу болгон урматты көрсөтүү керек. Адамзат тарыхында аялзат ушундай теңирдик кадыр-баркка Исламдын улуу чөйрөсүндө гана жетише алган. Исламдан тышкары аялзатты кадырлаганын айтышкан башка коомдор, аны бир гана реклама каражаты катары карап, иш жүзүндө аялзатын экономикалык жана пайдачыл максатта колдонушууда

Бул жагынан алганда, адамзат аялзатына болгон көз карашын кайрадан Исламдын берекелүү жана улуу принциптеринин негизинде карап чыгышы керек жана аялзаты чыныгы ордуна чыгарышы зарыл. Аялзаты жана эркек алгач жаратылгандан бери бири-бирин толуктап турган эки дүйнө. Бирок эркекке караганда Алла аялга көбүрөөк

таасирдуу рол берилген. Анткени коомду ураткан да аялзаты, түбөлүктүү кылган да аялзаты. Ошондуктан Ислам үчүн түбөлүктүү кылган аялзатын тарбиялоо эң чоң идеалы болгон. Бир куттуу хадисте мындай деп айтылат.

*"Кимде-ким үч кыз баласын же кыз бир туугандарын багып чоңойтсо, жакшы тарбия берип турмушка берсе жана аларга жакшылык кылууну улантса – ал киши бейишык"* (Абу Давуд, Адаб, 120-121Ѳ5147; Тирмизи, Бирр, 13Ѳ1912; Ахмад, III, 97).

Дагы бир куттуу хадисте Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам):

*"Кимде ким эки кыз баласын чоңойгонго чейин багып тарбияласа, кыямат күнү ал киши менен мындай (эки бармагын жанаштырып) турабыз"* деди (Муслим, Бирр, 149; Тирмизи, Бирр, 13Ѳ1914).

Андан кийин адептүү чоңойгон аялдын кадырын мындай деп баса белгеилеп айтып кеткен:

*"Дүйнө туруксуз пайдадан турат. Ага пайда алып келген эң сонун байлык – диндар, пакиза аял"* (Муслим, Рада, 64; Насаи, Nikâh, 15; Ибни Мажа, Nikâh, 5)

Ар дайым улуу адамдардын артында адептүү аялдар турат. Мисалы, Азирети Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам), алгач Исламды жарыя кылган учурда ага эң биринчи болуп чоң колдоону Азирети Хатиже энебиз көрсөткөн жана Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), аны өмүрү өткөнчө унута алган жок. Ошондой эле Азирети Алинин ийгиликтеринде Азирети Фатима энебиздин ролу зор.

Башкача айтканда адептүү аял, бул дүйнөнүн эң чоң жана эң сонун нээматы. Бул жагынан алганда Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), жакшы адам болуунун шарты катары аялдарга жакшы мамиле кылуу деп, аны мындайча айтып кеткен:

*"Мусулмандардын ыйман жагынан эң мыктысы – адеп-ахлагы эң жакшы болгон адам. Силердин эң жакшыңар болсо - аялдарына адеп-ахлак жагынан эң жакшы мамиле кылгандар"* (Тирмизи, Рада, 11Ѳ1162)

Мындай болгон соң аялды көңүл ачуу каражаты деп эсептөө, аны напсилик арзуу жана каалоолор үчүн буюм сыяктуу кароо жана анын тышкы сулуулугуна гана маани берүү эң чоң жаңылыштык жана жан дүйнөнүн жакырлыгы. Аял кишини билбөө. Алланын аялга берген улуу касиеттерди көрбөгөн сокурлук. Бүгүнкү күндө да аялды рекламалоо каражаты катары колдонулушу, кандай гана бактысыздык жана жүрөк өйүткөн жагдай.

Аялзат коомдун чыныгы куруучусу катары өстүрүлүшү керек. Ал жеңүүчүлөрдү тарбиялап чоңойткон эне болушу керек. Энелер бизди көпкө кыйналып курсактарында, кийин колдорунда көтөрүп, өлгөнгө чейин жүрөктөрүндө ташыйт. Мындай чыныгы энелердеги сүйүү жана урмат сезимдерине тең келген башка жандык дегеле дүйнөдө жаратылбаган. Өзүн үй-бүлөсүнө арнаган эне чексиз сүйүүгө, терең урматка жана ыраазычылыкка татыктуу.

**Жыпар жыт-жакшы жытка** келсек, анда анын Азирети Пайгамбарга сүйдүрүлүшүнүн хикматы – рухка берген терең маанисинен келип чыгат. Жыпар жыт периштелер да жактырган, жайкы аптапта соккон сыдырым жел сымалында. Асыресе пакизалыктын ишараты. Себеби, таза болгон адам жакшы жыттанат. Азирети Пайгамбарыбыздын да (саллаллаху алейхи васаллам), денеси ар дайым гүлдөй атыр жыттанып турчу. Гүл өзүнүн атыр жытын анын аккан терлеринен алгандай таасир калтырчу. Ал бир баланын башын сылаган болсо, ал балананын башы көпкө жыпар жыттанып калчу.

**Намазга** келгенде, ал дагы Азирети Пайгамбар үчүн көзүнүн нуру кылынды. Анткени намаз – Алла менен сүйлөшүү жана Аны көрүп тургансып ибадат кылуу. Бул жагынан алганда көздүн нуру болуп эсептелет.

**Алла Элчисинин жетимдерге жасаган мамилеси**

Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам), жетимдерге кастарлап мамиле жасачу. Себеби, Кураны каримде жетимди коргоолорун айткан аяттар көп. Алла таала жетимдерге аяр мамиле кылуусун айтып мындай деген:

**"Жетимди кыйнай көрбө!** (Жаман мамиле жасап аны кыйнаба!)**"** (ад-Духа, 9)

Куттуу хадисте мындай деп айтылат:

*"Мусулмандардын ичиндеги эң жакшы үй – жетимге жакшы мамиле жасалган үй. Мусулмандардын ичиндеги эң жаман үй болсо – жетимге жаман мамиле жасалган үй"* (Ибни Мажа, Адаб, 6)

*"Бир киши мусулмандардын арасында жашаган жетимди жанына алып тамак бериш үчүн үйүнө алып барса, кечирилбес күнөө кылбаса гана, Алла таала аны сөзсүз түрдө бейишке чыгарат"* (Тирмизи, Бирр, 14Ө1917).

*"Бир киши бир гана Алла ыраазычылыгы үчүн жетимдин башын сыласа, колу тийген ар бир чач талы үчүн ага соол жазылат..."* (Ахмад, V, 250)

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), коомдогу муңайган жүрөктөргө зарыл болгон коомдук милдеттердин жасалышын ар дайым кеңеш берер эле.

*"Кимде ким жоопкерчилигин алган кыз же эркек жетим балага жакшы карап бакса, ал менен Мен бейишта бирге болобуз"* деп, эки бармагын жанаштырып көрсөттү (Бухари, Адаб, 24).

Таш боорлугун айтып даттанган сахабага төмөндөгүдөй кеңешти берген:

*"Эгерде боорукер болууну кааласаң, кедейди тойдур, жетимдин башын сыла!"* (Ахмад, II, 263, 387)

**Алла Элчисинин жаныбарларга жасаган мамилеси**

Ырайым Пайгамбарынын ар бир кылган иши мээрим жана сүйүү негиздерине таянган. Себеби Ал жаратылгандарга мээримин төккөн жана ар бир бечаранын муктаждыгы менен эсептешкен. Ушундай чексиз махаббат деңизинен жаныбарлар да өз насибин алышкан. Ошол эле Жахилия доорунун адамдары жаныбарларга да ынсапсыз жана ырайымсыз мамиле жасашчу. Тирүүлөй малдын эттерин кесип жешчү, жаныбарларды уруштурган таймаштарды өткөзүшчү. Бул шермендечиликти Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), тыйды.

Абу Вакыд, -Алла ага ыраазы болсун!-, мындай дейт:

"Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), Мединаге келгенде, мединалыктар тирүү төөнүн өркөчүн кесип, койлордун буттарын жулуп жешчү.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), буга тоскоол болуп:

*–Мал тирүү турганда, андан эмне кесилген болсо, баары арам өкүмүндө, жегенге болбойт,*-деди" (Тирмизи, Сайд, 12Ө1480)

Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), бир күнү жолдо бетине тамга басылган качырды көрүп капаланды.

*"Алланын каргышы ага тамга салгандарга тийсин!"* деп айтты. (Бухари, Зебайих, 25)

Уясынан балапандарын алып, эне кушту тынчсыздандырган кишилерге:

*−Ким бул байкуштун балапандарын алып, аны кыйнып жатат, балапандарды дароо уясына койсун!”* деди. (Абу Давуд, Адаб, 163-164Ө5268)

Териси кабыргаларына жабышкан арык төөнү көргөндө, ээсине:

*“Сүйлөй албаган бул жаныбарлардын акысы үчүн Алладан корккула! Семиртип туруп мингиле, семиртип туруп союп жегиле!”* –деген экен. (Абу Давуд, Жихад, 44Ө2548).

Пайгамбарыбыз кой сойгон бир кишини көрөт. Ал киши койду союш үчүн жерге жаткызгандан кийин бычагын бүлөй баштады. Анын бул таш боор жоругун көргөндө Пайгамбарыбыз ага мындай деп эскертүү берди:

*“−Деги койду канча жолу өлтүргүн келип жатат? Бычагыңды аны жерге жаткыза электен мурда курчутсаң болбойт беле?”* (Хаким, IV, 257, 260).

Пайгамбарыбыз дагы бир куттуу хадисинде:

*“Силерге кимдин тозоктон, тозоктун да ал кишиден алыс экенин айтайынбы?”* деп сурагандан кийин:

*“Ал кишилер назик, мээримдүү, камкор жана боорукер болгондор”* деген (Ахмад, I, 415).

Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), боорукер жана таш боот кишилердин акыбалын бир -деген куттуу хадисте мындай деп түшүндүрүп кеткен:

*“Күнөөкөр аял, чөлдө суусагандыктан тили менен кумдарды жалаган итти көрөт. Ага боору ооруп бут кийими менен кудуктан суу алып иттин чаңкоосун басат. Алла таала да бул аялдын күнөөлөрүн кечирди. Башка аял мышыгына көңүл бөлбөй ачка калтырат. Ал турсун курт-кумурскаларды жегенге да уруксат бербей коёт. Акыр-аягында мышык ачкалыктан өлөт. Ал аял таш боордугунун айынан жаханнамга жөнөдү!”*[31]

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), бул мыйзамдары менен түркөй жахилия коомун Асры Саадат (пайгамбарыбыз жашаган доор) абалына жеткизди. Илгери адамдарга дагы мамилеси катуу болгон кишилер, жадагалса өзүнүн ымыркай кыздарын тирүүлөй жерге көмгөндөр, натыйжада тирүү жандыктарга чейин боорукер жана камкор болгон кишилерге айланды.

Себеби аларга усваи хасана (эң сонун өрнөк) болгон Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам), кичинекей чымчыктын да укугуна да көңүл бурат жана аларды дагы ырайымдуу болууларына чакырат.

Жылан жана чаян сыяктуу зыяндуу жандыктардын дагы ашыкча кордолуп кыйналбасын үчүн бир уруп өлтүрүүлөрүн буюрат:

*“Кимде ким келемишти бир уруп өлтүрсө, ага жүз сооп жазылат. Эки уруп өлтүрсө азыраак жазылат. Үч уруп өлтүрсө, андан да аз сооп табат”* деп айткан (Муслим, Салам 147; Абу Давуд, Адаб 162-163Ө5263; Тирмизи, Сайд, 14Ө1482)

Зыяндуу жандыктарды өлтүргөндө дагы мээримдүү болушубузду кеңеш бериши, теңдеши жок боорукерликтин туу чокусу эмеспи?

✿

Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), көрсөткөн бул улуу пенделик жана адеп-ахлагы менен эч качан мактанбачу. Алланын Ага берген нээматтарын эсептеп чыгып, **Ла Фахре – мактанган жерим жок** деп сыпаалык көрсөтчү (Тирмизи, Манакыб, 1; Ибни Мажа, Зухд, 37; Ахмад, I, 5, 281).

Менменсинүүнүн себеби – макталуу жана алкыш угуу. Бул жагдай адамдарды чектен чыгарган себептердин бири. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи

васаллам)адамдардын эң шарапаттуусу болуп, Алланын мактоосуна татыктуу болсо да, сахабаларына:

*“Мени «Алланын кулу жана Элчиси» дегиле!”* деп айткан. (Бухари, Анбия, 48; Ахмад, I, 23)

Адамда пенде болуу өзгөчөлүгү бар. Киши же буюмдун жана пайдасынын-кызыкчылыктарынын, же болбосо Раббинин кулу болот. Раббисинин кулу болушу - кишини напсисинин кызыкчылыктары менен буюмдардын кулу болуусунан сактайт.

Пайгамбарыбыз жашоонун карама-каршылыктары арасында курган тең салмактуулукта кымындай кемчилик, мажүрөөлүк жана мандем жок. Тарыхта Ага тең келген улуу инсанды табуу мүмкүн эмес.

Ар бир элдин турмушунунун ар кыл бөлүмдөрүндө кайсы бир чебердиги жана улуулугу менен таанымал болгон баатырларды жолуктура алабыз. Азирети Пайгамбарга келсек (саллаллаху алейхи васаллам), анда бардык улуулук сапаттары бир кишиде гана топтолгондугу тарыхтагы жападан-жалгыз мисал.

Ошондой эле Ал, ар тараптан алганда да тарых боюнча өткөн кеткен инсандар арасында жападан-жалгыз жана улуу инсан үлгүсү. Бир өмүр аралыгында:

1. Пенделикте,

2. Мамилелеринде,

3. Адеп-ахлакта бүткүл адамзат үчүн теңдешсиз мүнөздөр, пазилеттер, кыскача айтканда, материалдык-руханий сулуулук-байлыктарды тартуулады.

Себеби, Ал бир үммөттүн алдында жалгыз үлгүлүү инсан болуу жоопкерчилигин эң сонун түшүнгөн, түбөлүктүү бактылуулукка жетектөөчү көсөм болгон.

Ошол эле учурда Анын **намазга** берген мааниси баардыгынан бийик. Көбүнчөсү түндө уйку көзүн көрбөй өткөрүп, жылуу жуурканга жатканы сейрек эле. Баардыгы түндө таттуу уйкуда жатканда, Ал саждада көз жашын төгүп Аллага жалбарчу. Өмүрүнүн аяк чендеринде, оорулары күчөсө да болбой, болгон күчүн топтоп, үйүнөн чыгып мечитке барган жана намазын жамаат менен бирге кылган.

Абдулла бин Шыххир, -Алла ага ыраазы болсун!-, Пайгамбарыбыздын намаздагы хушусун (Алладан коркуусу) мындайча баяндайт:

“Бир жолу Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам), жанына бардым. Намаз окуп, ыйлагандыктан көөдөнүнөн кайнаган казандан чыккансып үндөр угулуп жатты.” (Абу Давуд, Салат, 156-157Ө904; Насаи, Сахв, 18)

Рамазан орозосунан сырткары мусулмандарга парз кылынган орозолор болбосо да, Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), орозо кармабай өткөргөн ай же болбосо апта дээрлик жок эле.

Азирети Айша -Алла ага ыраазы болсун!-, мындай дейт:

*“Алла Элчиси кээде тынбай орозо кармачу. Биз ошондо мындан кийин орозону такыр таштабайт деп ойлоп кетер элек.*” (Бухари, Савм, 53)

Ар бир айдын он үчүнчү, он төртүнчү жана он бешинчи күндөрү, Шаввальда алты күн, Мухаррамда (араб айлары) ашура орозосун эч калтырбачу. Буларга кошумча кылып, дүйшөмбү жана бейшемби күндөрү орозо кармоо адаты болчу.

**Зекет** аяты аркылуу мусулмандарга зекет жана кайыр садага берүүлөрүн буйруган. Бирок эң мыкты кайыр садаганы эң оболу өзү берчү. Улуу Алланын:

**“... Биз ырыскы кылып берген нерселерден кайыр садага кылышат”** (Бакара 3) буйругун эң сонун кылып аткарган, кайыр-садагага берилген мал-мүлктү жана такыба ээси болгон соодагерлерди мактаар эле.

## ЖЫЛДЫЗДАРГА ТЕҢЕШҮҮ

Алла Элчисина гана (саллаллаху алейхи васаллам), тийиштүү өзгөчөлүктөрдүн бири катары Анын дүнүйөлүк болгон эч нерсе жыйнабаганын, колунда эмне болсо баарын Алла жолунда сарптаганын айта алабыз. Сахабалардын ичинен Абу Зер, -Алла ага ыраазы болсун!-, мындай дейт:

Азирети Пайгамбар менен Мединанын чет жакасындагы таштак жерде басып бара жатканбыз. Алдыбыздан Ухуд тоосу көрүндү. Алла Элчиси мага:

*"–Эй Абу Зар!*- деди.

*–Угуп атам, эй Пайгамбарыбыз !* - дедим.

*–Менин ушул турган Ухуд тоосундай алтыным болсо, бул мени сүйүндүрбөйт болчу. Карызды төлөш үчүн бөлүп койгон акчамдан тышкары, жанымда бир динар болсо, анын үч күндөн ашык чөнтөгүмдө жүрүүсүн каалабайм"* (Муслим, Зекет, 32; Бухари, Истикраз, 3).

Кээде эки, кээде үч күн катары менен оозуна наар албай орозо кармачу. Сахабалардын бир бөлүгү дагы дал ушунтип жасагылары келгенде:

*"Силердин буга дарманыңар жетпейт"* деп, аларды муну жасоолоруна тыю салган. (Бухари, Савм, 48).

Ошондуктан мына бу өзгөчөлүктү айтып кетүүбүз зарыл: Азирети Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам), бизге жападан-жалгыз туура жол көрсөтүүчү жана үлгү экенин билүү менен Андан үлгү алгыбыз келгенде өзүбүздүн дараметтерибиздин чегин да билүүбүз абдан маанилүү. Себеби, Анын жүрүм-туруму жана аткарган иштери:

1. Бир гана Ага тийешелүү болгондор,
2. Баардыгына тийешелүү болгондор деп, эки категорияга бөлүнөт.

Бул жагынан алганда, жеке Өзүнө гана тийешелүү болгон улуу пазилеттерде бизге андан өрнөк алуу милдети жүктөлгөн эмес. Канткен менен мындай улуу ишке киришүү, мындайча айтканда жылдыздар менен теңешүүгө барабар жана биз да мындай нерселерди аткарууга дарманыбыз да жетпейт. Бирок экинчи бөлүккө кирген жүрүм-турум жана сөздөргө келсек, анда дараметибиз жана күчүбүз жетишинче ушул жашообузда Аны туурап, Андан үлгү алууга, Анын нур чачкан изинен жүрүүгө жоопкербиз жана милдеттүүбүз.

Эч ким кишилик кемелдикте (кеменгерликте) Пайгамбарыбыз Азирети Мухаммед Мустафанын (саллаллаху алейхи васаллам), деңгээлине жете албаса да, жөндөмүбүз жана дарманыбыз жетишинче, Анын жолун жолдогон ар бир киши өз жан дүйнөсүндө чакан Мухаммед боло алат.

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

### Пайгамбарыбыздын жолун жолдоодо дилибиздин бышып жетилүүсү

Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам), усваи хасанасын (эң сонун үлгү) толук кандуу пайдаланып, сахабалардын улуу адеп-ахлагына жетише алуубуз үчүн, биринчиден, дилибиздин бышып жетилүүсү керек. Себеби, усваи хасана тууралуу аятта:

**"Эй момундар силер үчүн Алла жана Акырет күнүнөн үмүткөр болгон, ошондой эле Алланы көп эстеген кишилер үчүн Алланын Пайгамбарында (ыйман ишеними жана кулк-мүнөзүндө) усваи хасана (эң мыкты өрнөк) бар** (Ахзааб, 21) деп айтылат

Көрүнүп тургандай, аятта айтылган **“Алла жана Акырет күнүнөн үмүткөр болуу”** жана **“Алланы көп эстеген”** сөздөрү Пайгамбарыбыздын үлгүлү жашоосунан зарыл болгон насибибизди ала билишибизде маанилүү баскычтарын түзөт.

Ибадаттар белгилүү убакыттарда аткарылат. Бирок ыймандын корголушу ар дайым шарт. Жүрөктөгү бушаймандыкка каршы туруунун жалгыз жолу Алланы ар дайым эстөө аркылуу жетишилет.

Улуу Алла ар кайсы аяттарда:

**“Эй, момундар, Алланы көп зикир чалгыла!”**[32] (Ахзааб 41) деп айтат. Бирок бул аяттарда белгилүү бир сан жана өлчөм билдирилбегенден кийин, зикир чал деген деген сөз буйрук маанисинде гана колдонулат.[33] Бул учурда пенденин моюнуна түшкөн милдет - ар мүмкүнчүлүктө жана колунан келишинче Алланы көп-көп зикир кылып эстөө.

Дагы бир ыйык аятта:

**“...Алла тобо кылган кишилерди Өз динине баштайт. Алар – ыйман келтирген жана дилдери Алланы эстөө менен ырахат ала тургандар. Байкагыла, Алланы эстөө менен гана дилдер ырахат алат!”** (Раад 27-28) деп айтылат.

Алланы зикир кылуу – Алла деген сөздү жөн эле кайталап коюу эмес экендигинде калет жок. Зикир кылуу - сезүү жөндөмдүүлүгүнүн борбору болгон жүрөктө орун-очок алып, ага бейпилдик бериши жана ырахат тартуулашы. Жүрөктүн зикир менен күчтөнүүсүнүн натыйжасында, дилибиздин кесели айыгып, кирден-даттан арылат; нурга бөлөнөт; боорукерлик жана жароокерлик сезимдери пайда болуп, теңирдик сырларды изилдеп ачуу ырахатына батат. Жүрөктүн ар бир согушу Аллага арналганда, ниеттер жана иштер да ошого жараша болот.

Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам), бир -деген куттуу хадисте:

*“Алланы сүйгөндүгүңүн белгиси – Алланы зикир кылууну сүйүүң”* деп айткан. (Суйути, II, 52)

Сүйгөндөр сүйүктүүлөрүн эч качан унутушпайт, ооздорунан жана дилдеринден түшүрүшпөйт. Ыймандуу жашоонун жыргалын татышкылары келген дилдер, зикирди жүрөктүрүндө улантышат. Басып жүргөндө да, отурганда да, жата турганда да зикир кылып, жер менен асмандын жаратылышынын тереӊ мазмундуу хикматтарын акыл калчап ойлонушат да:

**“…Жаратканыбыз, бул баардык бар нерселерди бекер жаратканың жок! Сен (бейпайда бир иш кылуу айыбынан) аруу тазасың! Өзүң бизди тозок азабынан сактагын, Аллам!”** (Аали Имран 191). дешет.

Бул тереӊ ойду жана кылдаттыкты түшүнө албаган дилди Алла, жалла ва жалалуху, каалабайт. Ошондуктан Зумар сүрөсүнүн 22 – аятында:

**“...дилдери Алланы эстөөдөн катып калган (Алланы эстебегендерге) кыйроо болсун!.. (Зумар 22)”** деп айтылат.

Аятта зикирден алыс болгон кишинин адамгерчилик касиетин жоготкону айтылат.

Ошондой эле Алла Элчисина (саллаллаху алейхи васаллам), моюн сунуп, Анын үлгүсүнөн туура пайдалана алыш үчүн, жүрөктөр Алла сүйүүсү менен толуп, жалган сүйүүдөн арылып, Аллага жана акыретке жетүү ниети жана да Алланы зикир кылуу менен арууланыш керек.

## Пайгамбарыбыз мухаммедге бүткүл сүйүүсү менен берилүү

Алла Элчисина (саллаллаху алейхи васаллам), болгон чыныгы ашыктык сезим жана махаббат натыйжасы бул - Анын жолунун чаңын аздектеп, Ага чын көңүлдөн баш ийип берилүү дегендикке жатат.

Себеби, Ал ушунчалык улуу адам болгондуктан, ар тараптан алып караганда да адамзат үчүн ынак ырайымдын үлгүсү болгон. Ошондой эле Анын жүрөгү мусулмандарды канчалык даражада камкордук жана боорукерлик менен сүйөрүн төмөнкү аяттар эң сонун далилдеп турат.

**“(Эй адамдар) акыры силерге өзүңөрдөн чыккан, силердин кыйынчылык-машакатка кабылсаңар, кыйналуучу, силердин (Чындык Динге келишиңерге) куштар болгон жана баардык момундарга боорукер, мээримдүү бир пайгамбар келди го!** (Тауба, 128)

Анын үммөтүнө болгон камкордугун жана мээримин айкындаган куттуу хадистердин бири төмөнкүдөй:

*“Эй ыйман келтиргендер! Алла силерге бейпилдик берсин! Силерди өз колдоосуна алсын! Силерди жамандыктардан коргосун! Силерге жардам берсин! Силерди улуулатсын! Силерге туура жол көрсөтсүн! Силерде өз канатына алсын! Силерди ар кандай бактысыздыктардан сактап, диниңерди силер үчүн коргосун!..”*[34]

Ал жүрүм-туруму, сөздөрү жана адеп-ахлагы менен бүтүндөй адамзат үчүн ырайым, жол көрсөтүүчү. Хидаят (Ислам жолу) жолунда ар кандай машакат жана мүшкүлдөрдүн эң чоңу анын моюнуна жүктөлгөн эле. Үммөтүн хидаятка жана ырайымга жетишүүсү үчүн болгон күч-аракетин жумшап сабырдуу эле. Кээде өз жанын аябай жан үрөп аракеттенгендиги үчүн өзүн аясын деп теңирдик эскертүү дагы түштү.

**“(Эй Мухаммад) эгер алар ушул сөзгө-Куранга ыйман келтиришпесе, сен алардын артынан, өкүнүч бушайман менен өзүңдү жок кылышың ыктымал (мындай кылуу сага ылайык эмес). ”** (Кехф, 6)

“**(Эй Мухаммад), а балким сен алар (Мекке бутпарастары) момун болбоду деп өз жаныңды кыймак белең!”** (Шуара, 3)

Аяттар Азирети Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам), бул дүйнөдө жашаган ар бир адамдын Аллага ишенишин жана өзүлөрүн жаханнам азабынан куткарышын көздөгөнүн, ырайымын жана мээримин эң сонун далилдеп турат.

Пайгамбарыбыз нын үммөтүнө болгон чексиз мээрим, сүйүү жана камкордугуна биз, үммөтү, бул сүйүүсүнө канчалык даражада жооп бере алабыз, ошону терең ойлонушубуз керек

**Чындап эле Алла Элчисина болгон сүйүүбүздүн өлчөмү - Куранды жана Алла Элчисин туу тутуп, Анын жашоо-турмушунан канчалык даражада күч-кубат ала алдык, ошону менен айкындаса болот. Аны сүйгөн жана Ал үчүн баардык нерсесин курмандыкка чалган сахабалар, Аны кантип кабыл алышып сезишчү? Анын жашоо-турмушунан кантип күч-кубат алышты жана адеп-ахлагын жашоосунда кандайча ишке ашырышып чагылдыра алды? Кызык, биз бул баскычтардын кайсы жеринде турабыз? Ага болгон сүйүүбүз бул өлчөмдөргө жараша таразалап, дилибизди Анын адеп-ахлагы менен арууланышыбыз керек. Күнөөлөрүбүз, каталарыбыз, кемчиликтерибиз жана Аллага каршы чыгууларыбызды Анын замзам сымал таптаза адеп-ахлагы менен тазаланышыбыз керек. Анын ыйык жашоосунун маани-маңызы жана хикматы менен руханий тирилүү-жандануусу башыбыздан өткөрүшүбүз керек.**

Васылы илаллах (Аллага жеткен) болуунун сыры – Алланын китебинде жана Пайгамбарыбыздын улуу сүннөтүндө, тактап айтканда, улуу адеп-ахлак жана жүрүм-турумдарына таза дилибиз менен жакындообузда, Алла Элчисинин сүйгөн нерселерди сүйүп, жаман көргөн нерселерди жаман көрүүбүздө жашырылган.

Себеби, теңирдик махаббат жүрөккө тынчтык берет; чыңдайт, жакшылыкка багыттайт. Махаббат жанан карама каршысы болгон жек көрүү - бир эле учурда экөөбү тең бир дилде боло албайт. Тилекке каршы, жүрөк ар дайым бош турбайт: бирөөнүн жок болушу, экинчиси бар экендигин тастыктап турат. Бул эки карама каршылык ортосундагы айрыма асман менен жердей.

Раббибиз бизди Ага чексиз махаббат менен берилген, татыктуу үммөтү кылсын! Себеби, Ал теңдеши жок мээримдин жана камкордуктунуюткусу эле!..

Чындап эле, хидаятка келүүлөрү үчүн бүткүл күч-аракетин жумшаса да, алардын Аны таш бараңга алып, акарат айткандарына карабай кайра эле алар үчүн Алладан аларга жакшылык тилеп, кайыр-дуба окуган. Ошон үчүн Азирети Пайгамбарга, Зейд бин Харисе:

–Эй Пайгамбарыбыз , алар сизди адам чыдагыс кордуктарга дуушар кылышты… Сиз болсо аларга дуба окуп жатканыңызды кандай түшүнсө болот?- деп сураганда Ал:

***–Башка эмнени кыла алмак элем! Мен азап салыш үчүн эмес, ырайым кылыш үчүн жөнөтүлгөм...-*** деп, алардын хидаятка келүүлөрү үчүн дуба кылган.

Чындыгында эле Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам), пайгамбарлыгы аркылуу адамзат көптөн күткөн улуу хидаят жол көрсөтүүчүлөрдүн эң мыктысына жолуккан. Ошондуктан бүгүнкү күндө да өзүмчүл, адепсиз өмүр сүрүүлөрү улантткандар, мындай улуу үлгүлүү инсан келе электен мурун түркөйлүктө жашагандарга караганда көбүрөөк жоопкерчиликтүү абалда.

Бул өңүттөн алып караганда, азыркы күндө адамзаттын басымдуу көпчүлүгү күчкө баш ийип, напсинин кулдары болушту. Асыресе, бүгүнкү күндө Пайгамбарыбыздын өрнөгүнө абдан көп муктаж экенибиз анык!.. Тарыхыбыздын салтанаттуу доорлорунун эң көрүнүктүү жаратуучусу бул - улуу Пайгамбарыбыздын мураскорлору болгон амели салих мусулмандардын -сахабалардын бар болушуна жана алардын коомго үлгүлүү инсандыгын тартуулаганына карыздарбыз. Бирок да азыркы күндөгү акыбалга назар салганыбызда, эң ачуу чындыктардын бири – мындай өрнөк болчу адамдардын аз болушу, ошон үчүн да руханиятыбыздын ирип-чиришинин себеби, ушуга байланыштуу болуп жатканына күбө болуп турабыз.

Азирети Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам), Анын жолун жолдогондордун жана өзгөчө биздин тарыхыбыздагы ыйман жана сүйүүнүн жоокерлеринин деңгээлине жетүү үчүн кайрадан ошолорго окшогон жаркын, үлгүлүү адамдарга ээ болушубуз керек.

Ошон үчүн аларды сезүүбүз, аңдап түшүнүүбүз жана алардын көңүл дүйнөсүнөн өз үлүшүбүздү ала билүүбүз зарыл. Тактап айтканда, бул оомалуу-төкмөлүү дүйнөнү кандай кабыл алып түшүнгөндөрүн, Алла аларга берген акыл-эсти, жанды, мал-мүлктү кантип колдонуп, өзүлөрүнө да, дегеле адамзатка да бакыт-таалай чыйырын ачканын жакшы билүүбүз абзел.

## Анын адеп–ахлак жана сүйүүсүн чагылдырган күзгү: асры саадат доору

Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам), ачык тарбиясы жана кыйыр таасири мүрөк сууснdай эле. Анткени андан мурда сабатсыз, жапайы, адамгерчилик деген түшүнүк жашабаган коомду, кыска мөөнөттүн ичинде адамзат тарыхынын али да болсо

суктанып **«сахаба»** атын беришкен коомго айлантты. Аларды бир дин, байрак, укук, маданият жана мамлекет тегерегинде бириктирди.

Түркөй жана кылмышкер адамдарды маданияттуу; күнөөкөр, шермендe, пас кишилерди такыба, тактап айтканда, Алла сүйүүсү менен күйүп жанган, Андан корккон укмуштуу салих-диндар адамдарга айландырды.

Кылымдар бою көзгө басар, жарытарлык бир дагы адам чыгара албаган Жахилия коому, Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам), иршад (туура жол) жана руханиятынын жардамы менен улуу мүнөздөргө сугарылган нечендеген адамдарды жаратты. Алар өз кезегинде руханий дөөлөттү, ыйман, илим чырагын дүйнөнүн төрт бүрчуна алып барды. Чөлгө түшкөн нур бүткүл адамзатка чындыкты, адилеттүүлүктү жана берекени таратты. **"Лавлака лавлака"**[35] сыры ачыкка чыгып, ааламдан жаратылыш максаты жүзөгө ашкан болду.

Адамзат ааламы үчүн эң мыкты үлгү болгон Алла Элчисинин тарбиясы аркылуу бышып жетилген асры саадат доорунун адамдары - илим коому эле. Ал доор – терең ой жүгүртүү доору, Алла тааланы жана Расулун жакшылап таануу доору. Сахабалар ой жүгүртүүнүн жана идеалдардынын борборунда тавхидди коюшуп, дилдеринен дүнүйөлүк кызыкчылыктарды, тактап айтканда, буттарды-кудайчаларды таштап арылууга жетишти. Мал-мүлк жана жан каражат катары колдонулду. Ыймандын ырахатына батышты. Мээримдин чеги кеңейип бүткүл дүйнөнү каптады. Кызмат ( бул жерде динге кызмат кылуу) жашоо мүнөзү болду. Бир хадис алыш үчүн сахаба бир айлык жол жүрүп кайтты. Атын алдап кармагандыгы үчүн хадис айтуучунун хадисин албады.

Сахабалар Пайгамбарыбыздан (саллаллаху алейхи васаллам), эмне алды?

Инңикаас (чагылышуу, жаңырык, Алла Элчисинин жашоо-турмушунан күч-кубат алуу),

Акрабийет билим алуусу (Аллага жакындоо, Аны дили аркылуу тааный билүү).

Булардын жардамы менен алардын өмүрүндөгү жакшылык жана адилеттүүлүк гүлдөп өсүп, жамандык жана жалгандын жийиркеничтүүлүгүн көрө алышты.

Сахабаларда Алла, аалам жана напси тууралуу жаңы түшүнүк пайда болду. Күндүн шооласынын кичине күзгүгө чагылышканы сыңарындай, Алла Элчисинин жашоо-турмушунан күч-кубат алуу - жашоолорунун максаты болду.

Медина шаарында түптөлгөн жана болжолу төрт жүз үй-бүлөдөн турган чакан Ислам мамлекетинин чек арасы он жылдын ичинде Иракка жана Палестинага чейин жетти. Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), көз жумган учурда Византия жана Иран менен согуш абалында болчу. Бирок сахабалардын он жыл мурдагы жүрүм-туруму, жашоо-турмушу, жашоо деңгээли эч өзгөрүүсүз калып, үйлөрүн кансарайларга алмашпады. Риязат түрүндө (напсисин тыюу) жашоосун уланта беришти. Аша чапкан ач көздүк, тойбостук, мансапкорлук, дүнүйөкорлук - булардын баары сахабалар кабыл албаган жашоо мүнөзү эле. Алар дайыма "Эртең бул дененин бара турган жери кабыр" деген түшүнүк менен жашашчу. Ошондуктан дүнүйө жыргалдарынан баш тартып, артыкбаш дүнүйөдөн жаа бою качышчу. Ыйман тартуу кылган ырахатка балкып, дүнүйө нээматтарын адамзатты хидаятка жана бакыт-таалайга жеткизиш үчүн каражат катары колдонушту. Өмүрлөрүн Алланын ыраазычылыгын алуу үчүн арнашты. Ошондой эле Исламдын эзилген, кор болгон коомдордун арасында тез эле тарап кетишинин бирден бир себеби, сахабалардын ар бир барган жерине Исламдын эң сонун мүнөздөрүн көрсөтүшкөндүктөрүнө байланыштуу. Себеби, Алла Элчисина гана таандык окуучулары-сахабалары, Алланын кулдарына Алланын чексиз мээримин жана камкордугун эң сонун

түрдө түшүнүп мамиле жасашкан чынчыл, адилеттүү, камкор, кең пейил үлгүлүү пенделер эле.

Алар достуктун тактысына Алла жана Расулун чыгарышты. Ошентип сабатсыз коом маданияттын туу чокусуна жете алды. Баардык дилдер “Алла бизден эмне талап кылат? Пайгамбарыбыз биздин кандай болушуубузду каалайт?” дешип, ар дайым өзүлөрүнө суроо берип турушчу.

Ал адамдар аркылуу кылымдар жана заман башка бир нукка бурулду. Адамзатка асры саадат (бактылуулук доору) доору тартуу кылынды.

Алар напсинин моюнтуругунан кутулуп, напсисин тыйган мусулмандардан болушту. Жапайы жана түркөй адамдар периштелерге окшош адамдар болуп чыкты.

Ислам укугу методологиясы боюнча эң көрүнүктүү өкүлдөрдүн бири – **Карафи** (ө.ж. 684)**:**

*“Пайгамбарыбыз нын (саллаллаху алейхи васаллам), башка эч бир мужизасы болбогондо, тарбиялап өстүргөн сахабалары Алла Элчисинин пайгамбарлыгын далилдеш үчүн жетиштүү болор эле. ”* деген.

Алар Куран мужизасын-кереметин далилдеген тирүү мисалдар.

Ошол доордо мусулманды кемелге жеткизген акыл-эс жана чын дил бир максат тегерегинде, бирдей ыргакта кызмат кылды. Адамдар ааламдын сынак жүрчү дарскана экенин түшүнүп жашашты. Алланын буйругун жүзөгө ашырыш үчүн Кытайга, Самарканга алардын артынан келгендер Андалузияга чейин сапар тартышты. Ошол түркөй коом «чындап билгендерден» болду. Түнүн күндүзгө айлантышты, Кыш жаз болду. Ой өнүктү, адамдын денеси бир тамчы суудан, куштун денеси жөнөкөй жумурткадан, дарактын жана мөмөлөрдүн кымындай данектен жаралганын ж.б. нерселер тууралуу терең ой жүгүртө башташты... Жашоо Аллага багытталды. Мээрим ырайым, камкордук туу чокуга жетти.

Сахабалар элге динди үйрөтүп Алланын сөзүн жеткизген учурларды жашоонун эң сонун жана мазмундуу учуру деп эсептешчү. Дарга асылганы жетеленип бара жатканда, ага үч мүнөт убакыт берген кишиге сахаба ырахмат айтып, мындай деди:

–Демек, дават кылуу үчүн үч мүнөттүк убактым бар экен.

Кыскача айтканда, сахабалар Куран менен бирге жана Куран үчүн жашашты; бүткүл өмүрүн Куранга арнашты. Кыйноого, зулумга, кысымга дуушар болушса да, ишенишкен баалуулуктарынан эч качан баш тартышпады. Алла жөнөткөн аяттарды жашоосунда жүзөгө ашырыш үчүн мал-мүлкүн, мекенин таштап, хижрат кылышты, ушул максатта бүткүл өмүрүн курмандыкка чалышты.

Ар бир аятты үйрөнүү жана аны менен жашоо үчүн бүткүл күчүн жумшашты. Алар эң коркунучтуу кырдаалдарда дагы Курандан ажырашпады, Пайгамбарыбыз бир казат учурунда кароолго деп койгон Аббад, -Алла ага ыраазы болсун!-, эки-үч ок тийгенден кийин гана жолдошун Азирети Аммарды ойготот. Аммар:

– Эмне үчүн биринчи ок тийгенде эле ойготкон жоксуң, - дегенде:

–Бир сүрө окуп жаткам, аны бүтүрбөй намазымды бузгум келген жок. Бирок октор катары менен тийгендиктен, окуганымды токтотуп рукуга бардым. Аллага касам ичип айтам: Алла Элчисинин коргогула деп буйрук кылган бул жерди колдон чыгарып жиберебиз деп кооптонбогондо, сүрөнү ара чолодо калтырып намазымды токтотпкончо өлгөнүм артык, - деп жооп берди. (Абу Давуд, Тахарет, 78Ө198; Ахмад, III, 344; Ибни Хишам, III, 219; Вакыди, I, 397)

Сахабалардын жашоосу Куранга багытталган эле. Диндин ар бир буйругу алар үчүн чексиз ырахат болчу. Алла түшүргөн ар бир аят алар үчүн асмандан түшкөн белек сыңарында эле. Бардык күч-аракеттерин Куранды толук түшүнүү үчүн, аны жашаш үчүн, башкача айтканда, үлгү тутуш үчүн арнашкан. Нике кыйылган учурда бир сахабанын болочок жубайы калың катары ага Курандан билген бөлүмдөрүн үйрөтүүсүн жетиштүү деп табышы, алардын ыйман сезимин кандай сонун көрсөтүп турат.[36]

Ал сахабалар кечинде туруп намаз окууну, таң заарда дубалар жана зикирлер айтууну жана Куран окууну жылуу төшөктө жаткандан артык көрүшчү. Жада калса караңгы түндө алардын үйлөрүнүн жанынан өтүп бара жаткан адам зикир жана Курандын окулушунан чыккан мукамдуу үндөрдү уга алчу. Пайгамбарыбыз, саллаллооху алайхи ва салам, эң катаал шарттарда дагы аларга Куран үйрөтүүнү улантчу.

Азирети Анастын, -Алла ага ыраазы болсун!-, айтымына караганда Абу Талха, -Алла ага ыраазы болсун!-, бир күнү Пайгамбарыбыздын жанына барат. Пайгамбарыбыз нын (саллаллаху алейхи васаллам), өйдө туруп Асхабы Суффага (жашоосун илим алууга арнаган сахабалар) Куран үйрөткөнүн көрөт. Алла Элчиси ачкалыктан карышып, белин түздөш үчүн кардына таш байлаган. (Абу Нуайм, *Хилйе,* I, 342)

Мына ошолордун иши Алланын китебин аңдап түшүнүү жана үйрөнүү, арзуу жана каалоо-тилектери болсо Куранды кайта-кайта окуу жана угуу.

Сахабалар Алла Элчисинен өрнөк алышты жана акыр-аягында Медина хафыз менен аалымдардын борборуна айланды

Мына асры саадат доору ушундай доор болчу.

Кызык, дүйнө жүзүндөгү бардык психологдор, социологдор, педагогдор, социал-антропологдор, философтор ж.б.у.с. адистер чогулушуп, Асры Саадат коомуна тең келчү, улуу адеп-ахлакка сугарылган чакан коом жарата алабы? Кайдан?!. Фарабинин кыялдарында гана жашаган идеалдуу коомдун проектиси, *«Мединетуль Фазыла»,* дагы жомок бойдон кала берди…

## Алланын Элчисине болгон сүйүүнүн күйүттүү кошогу.

Азирети Мухаммед, пендени Аллага жалгаган, сүйүүнүн дайрасын жээктете турган жападан жалгыз мээрим жана арналууга ылайыктуу аруу булак. Анткени Азирети Пайгамбарыбызга болгон сүйүү, Аллага болгон сүйүүнү; Ага моюн сунуу, Аллага моюн сунууну; Ага каршы чыгуу, Аллага каршы чыгууну туюнтат.

Жараткан Алла аятта мындай дейт:

**«**(Элчим! Үммөтүңө): **Эгерде Алланы сүйсөңөр. Мага моюн сунгула, Алла силерди сүйсүн жана күнөөлөрүңөрдү кечирип жиберсин!… деп айткын.»** (Ал Имран, 31)

Тавхид сөзүн айтууда لا اله الا الله «Ляа илааха иллаллах» дан кийин محمد رسول الله «Мухаммадур-Расуулуллах » деген сүйлөм жалганып айтылат. Айтылган ар бир тавхид сөзү жана ар бир даңктуу-салават, Жаратканга сүйүү жана жакындыктын арзуусун туюнтат. Эки дүйнөнүн таалайлуу жашоосуна жана рухий жүрүштөрдүн баары Ага болгон сүйүүнүн күчү менен оңунан чыгат. Аалам бул-Теңирий сүйүүнүн сүртүмү жана айкын көрүнүшү. Бул көрүнүштүн өзөгүн «Мухаммедий нур» түзөт жана Кудайдын алдына барууда да Ага болгон сүйүү менен жол арыйт.

Ибадаттагы руханият, мамиледеги жуурулушуу, ахлактагы сылыктык, көңүлдөгү ийкемдүүлүк, жүздөрдөгү нур жана сүйкүмдүүлүк, тилдердеги тактык жана куюлушуу,

сезимдердеги чебердик, назардагы тереңдик, кыскасы жамы сулуулуктар, Ал тирүүлүк нуруна[37] болгон сүйүүдөн жүрөктөргө агылган учкун болуп саналат.

Азирети Мавляна:

«*Келгин, эй көңүл! Азирети Мухаммеддин руханиятына жуурулушуу чыныгы майрам. Анткени аалам, ал куттуу заттын жамалынын нуру менен жаркырап турат!*» -деп айтат.

Мына ошондуктан, Жаратканды ыраазылыгына жана сүйүүсүнө арзуу үчүн Алланын Элчисинин үлгүлүү жолунун жолоочусу болуу зарыл. Башкача айтканда, момун пенде, ибадаттарында да иш-аракеттеринде да Азирети Пайгамбардын сүннөтүндө жол арбыта алмайынча, Ислам дини көксөгөн идеал инсан «инсаны-камил» дык деңгээлге жете албайт. Диндин нукура бейпилдигине да, бактылуулугуна да бара албайт. Анткени Алла Таала, биз сөз кылып жаткан «камил инсан» баралына келген инсандык моделди, Азирети Пайгамбардын жеке адамдык бейнесинде көргөзүп, Аны ааламдарга мээрим жана мүлдө момундарга үлгүлүү жан кылып жараткан.

Андай болсо Алла Таала бизди сүйүү үчүн шарт кошкудай мааниге ээ болгон бул баш ийүүнүн түпкүлүгү эмне?

Бул бийик абал шексиз, Алланын Элчисине чын дилден сүйүү бапестөө жана Анын жүрөк ааламынан тиешелүү насип алуу менен башталат. Анткени биз үчүн жалгыз «усва-и хасана» «мыкты үлгү» саналган Алланын Элчисине баш ийүү өңүтүндө Жараткан Алла Куран аятында:

**«… Элчи силерге эмнени берсе аны алгыла! Эмнеге тыю салган болсо андан оолак болгула жана Алладан корккула! Анткени Алланын азабы каардуу!»** (Хашр, 7)

**«Эй ыйман келтиргендер! Аллага моюн сунгула жана Пайгамбарга да баш ийгиле, амалдарыңарды текке кетирип албагыла!»** (Мухаммед, 33)

**«Кимде-ким Аллага жана Элчисине моюн суна турган болсо, Алла немат берген пайгамбарлар, сыддыктар, шейиттер жана салихтер менен чогуу болот. Алар кандай гана ынак достор.»** (Ниса, 69) деп буйруйт.

Кудай Таала тарабынан түшүрүлгөн Теңирдик жарлык жана таалимнаама саналган Кураны Карим дагы, үммөткө Алланын Элчисинин жүрөк ааламы аркылуу агып өткөн. Жүрөк, канчалык пайгамбардын руханиятына жуурулган сайын, Куран ошончолук сырларын ачат. Биз дагы ардактуу сахабалар сыңары ал ааламга кирүү жана Теңирий сулуулуктардын, буйрук-тыю, илим жана хикматтардын ал жактагы анык жүзүн көрүү таалайына татыктуу боло алсак, кыскасын айтканда Анын көңүл ырайындагы ышкы менен жана чечмелениши менен окуй алсак, мына ошол учурда бактылуулук кылымындагы пайгамбар сүйүүчүлөрү сыңары көңүлдөрүбүз Анын айланасында жарыкты айланып учкан көпөлөк болот, ар бир сөзүнө, ар буйругуна жадагалса ар жаңсоосуна да.

«Ата-энем, мал-мүлкүм жана жаным курман сага эй Алланын элчиси!…» деген сөздүн маңызындагы чыныгы ашыктык, берилүү жана арзууга жете алабыз.

Азирети Пайгамбарыбыздын азиз барлыгы, адамзаада үчүн сүйүүнүн чатыры жана берекенин булагы. Жаратылган мүлдө макулуктун жаратылуу себеби, Мухаммеддин нуруна багышталган теңдешсиз сүйүү экенин, кайыптан илим алган билгиндер айтып келишет. Мына ушул себептен бардык ааламдардын жаратылышы, Жаратылуунун Жаркын Нуру Азирети Мухаммедке арналгандай таризде. Аалам атпай, Азирети Мухаммеддин шарапатына кыйыр түрдө Ага багышталып жаратылган. Ал, анткени ушундай бир улук жан дейсиң, Алла Таала ага «сүйүктүүм» деп кайрылган.[38]

Алла Таалага жана Анын Элчисине көңүлдөрүн буруп, сүйүү бапестеген ал момундар кандай гана бактылуу. Алар бул улуу сүйүүлөрдү, башка сүйүүлөргө аралаштырбай, башка сүйүүлөрдүн көлөкөсүндө калтырбай тээ бийиктерде туткан бойдон кете беришкен!..

Пайгамбарыбыз Мухаммеддин көмүскөдөгү анығына, акылдан кечкен сүйүү жана ашыктык менен гана жакындоо мүмкүн.

Бул ааламды шарапаттандырган Рабиуль-авваль көгүлтүр асманы, момун мусулмандарга мээрим жана айкөл болуп ачылган.

Адабий булактар берген малыматтарга караганда, Алланын Элчисинин Халимадан башка сүт энесинин аты, таалайлуу Сувайба эле. Анын үстүнө бул аял, пайгамбардын душманы болгон Абу Лахабдын күңү болгон.

Сувайба, Абу Лахапка жээндүү болгонун сүйүнчүлөп келген эле. Абу Лахап болсо бир уруудан болгон тууганынын маңдай жаркыраткан кубанычы үчүн гана бул күңүн азат кылды. (Халаби, I, 138) Абу Лахаптын мындай тууганчылдыгы жана жакынына болгон сүйүнүчү, өлгөндөн кийин, өзүнүн дүйшөмбү күнү, түнү бою азабын жеңилдете алды.

Аббас -Алла ага ыраазы болсун!- төмөнкү окуяны баяндайт:

Тууганым Абу Лахапты, өлүмүнөн бир жылдан кийин түшүмдө көрдүм. Абалы жакшы эмес:

«-Сага кандай мамиле кылынды?»- деп сурадым. Абу Лахап:

«Мухаммеддин туулганына сүйүнүп Сувайбаны азат кылгандыгым үчүн дүйшөмбү күнкү азабым бираз жеңилдетилип жатат. Ал күнү, баш бармагым менен сөөмөйүмдүн ортосундагы ушул кичинекей тешиктен чыккан суу менен сергип жатам.»- деп жооп берди.[39]

Ибни Жазарий муну баян кылат:

«-Абу Лахап сыяктуу пайгамбардын душманы, Алланын Элчисинин туулганына, тууган болгондугу үчүн кубангандыктан тозокто азабы жеңилдетилген болсо, демек үммөт болуп туруп Пайгамбарыбыз төрөлгөн түнгө урмат көрсөтүп, Ааламдардын Мырзасына болгон сүйүү менен көңүлүн арнап, дасторконун жайнаткан момун Жараткандын даргөйүндө кандай сыйга жана артыкчылыкка тунуп калаарын жакшылап ойлонуп көрүү кажет! Андыктан Алланын Элчиси туулган айда рухий дилмаектерди көп көп уюштуруп берекени жандандыруу, куттуу айдын руханиятынан пайдалануу үчүн чөйрөдөгү мусулмандарга дасторкон жаю, карып, жетим, кароосуз жана кембагалдарга ар тараптуу жакшылыктарды жасап муңдуу көңүлдөрдү шаттандыруу, аларды кайырымдуулук, садака менен сүйүндүрүү жана Куран окуп, окутуу керек… »

### Ардактуу сахабалардын Алланын Элчисине бапестеген сыйы, сүйүүсү

Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) замандаштарына, жолдошторуна өзүн ушунчалык сүйдүргөндүктөн, бул сүйүүнүн тереңдигин сөз менен айтып берүү кыйынга тураар. Мындай сүйүү, Теңирий жардам жана береке менен гана жүзөгө аша алат; тескерисинче мүмкүн эмес.

Мына ошол сүйүүдөн бир көрүнүш:

Хижрат[40] учурунда Савр үңкүрүнө бараткан жолдо Азирети Абу Бакир бирде пайгамбардын артында, бирде анын алдына чыгып далдаалап баратты. Муну байкап калган кыраакы пайгамбар:

«-Эй Абу Бакир, эмне үчүн мындай кылып жатасың?»-деп сурады.

Абу Бакир –Алла ага ыраазы болсун!-:

«-Эй Алланын Элчиси! Оюма ар нерсе келип жатат. Аркабыздан жетип келеби деп артыңыздан, алдыбызга буктурма курганбы деген ойдо алдыңызга өтүп кетип жатам!»- деди. Акырында Савр үңкүрүнө да жетип келишти, Сиз бул жерде күтө туруңуз!» деп үңкүргө кирди. Ичин тазалады. Жадагалса колу менен жерди байкаштырып көрүп, тешик, ойук жерлерди кийиминен айрып бүтөп, түздөп жатты. Ал мына ушундай жол менен сырткы кийиминин бардыгы менен үңкүрдөгү тешиктерди бүтөп чыкты. Болгону бир тешике гана бүтөй турган нерсе табылбай калды. Тешиктин үстүнө согончогун коё калып:

«-Эми кире берсеңиз болот Эй Алланын Элчиси!»-деди.

Таң атып, жарык жер бетине жайылып үңкүрдүн ичи да толук бойдон жарып калган кезде жолдошунун абалын байкап калган пайгамбар:

«-Абу Бакир, кийимиңиз кайда калды эле?!»- деп таң кала сурады.

Абу Бакир, караңгыдагы окуяны толук баяндап берди. Анын бул кичипейил ишине ичинен ыраазы болгон Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) колун көккө карай көтөрүп Азирети Абу Бакир үчүн дуба кылды.[41]

Атасын, бир тууган агасын, өмүрлүк жолдошун жана күчкө толуп турган эки шер уулун Ухуд согушунда жоготуп алган, беш шейиттин ээсинин, Алланын Элчисине бапестеген урмат-сыйы жана сүйүүсү кандай гана ибараттуу эле:

Ухуд согушу башталган күн эле. Шаардын көчөлөрүндө «Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) өлтүрүлүптүр!» деген далилсиз кабар шамалдай желип олтуруп ар бир үйгө баш баккан шекилдүү. Көчөлөргө чыгып, кабардын аныгын биле албастан көз жаш төккөндөр андан көп. Муңканган үндөр Аршка дейре көтөрүлүп жарлап жатты. Бул кабардын чындыгын билүү үчүн жол тосуп көрүнгөн жолоочудан сурап жатышты. Жооп бермек турсун, кайра баш чайкап таң калып жатты кээ жолоочулар. Андан мурдараак, ансар Сумайрага атасы, агасы, күйөөсү жана эки уулунун шейит кеткендиги угузулган эле. Жакындарынын күйүтүн жеңил көргөн Сумайра, мындай шум кабарды укканда үчүндө чыдап олтура албады. Бүт ою Пайгамбардын абалын жана амандыгын билүү болуп калды. Сыртка чыгып анын абалына кабатырланган түрдө:

«-Ага бир нерсе болуптурбу?» деп жолуккан адамдардан сурай берди.

Акырында сахабалар:

«Аллага чексиз мактоолор болсун анын абалы жакшы! Сен да арзуу кылгандай ал тирүү!»- деп жубатышканына карабастан:

«-Аны көрбөстөн туруп көңүлүм жай албас, Мага Алланын Элчисин көрсөткүлөчү.» -деп, кишинин боору ооругудай жалдырап сурана берди.

Сахабалар аны көрсөткөн кезде тургандардын баарын ыйлатып, сырт кийиминин этегинен кармап маңдайына тооп кылып:

«-Ата-энем сага, сенин жолуңа курман эй Алланын Элчиси! **Сен аман турган кезде башка эч нерсеге кайгыра албайм!»** деди. (Вакиди, I, 292; Хайсами, VI, 115)

Айша энебиз –Алла ага ыраазы болсун!-, Пайгамбарыбыздын нурдуу жүзүн төмөнкүчө түшүндүрүп берээр эле:

وَلَوْ سَمِعَ أَهْلُ مِصْرَ أَوْصَافَ حَدِّهِ
لَمَا بَذَلُوُا فِي سَوْمِ يُوسُفَ مِنْ نَقْدٍ
لَوَائِمُ زُلَيْخَا لَوْ رَأَيْنَ جَبِينَهُ
لآثَرْنَ بِالْقَطْعِ الْقُلُوبَ عَلَى الأَيْدِ

«Алланын Элчисинин жүзүнүн сулуулугун, Мисирдин калкы укканда, Азирети Жусупту соодалоодо бир тыйын да коротушмак эмес. Зулайканы жамандаган аялдар. Данакер Элчинин жарык маңдайын көрүшкөндө, колун эмес, жүрөктөрүн кесишээр эле.»

«Күбөлүк берүү сөзүндө» (шахадат келимесинде) да айтылгандай Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) албетте адам катарында жана сырткы түзүлүш же көрүнүшү жагынан жөн гана **«кул»,** ал эми аруу жолун таразалаганыбызда ал «шахы-расул» тактап айтканда «Элчилердин Султаны.»

Мына ушул ары кылдат, ары сырдуу ааламга назар салган Азиз Махмуд Худайи олуя муну ырга төккөн:

Бул аалам күзгү мисал, карагын да Кудайды көр,
Мухаммеддей күзгүдөн да Алла көрүнөт дайым!..

Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам), жаратылыштагы көмүскө сүйүүлөрдү кемелине жеткирип бийиктеткен Теңирдик сүйүүнүн чагылуу борбору. Момун мусулман, Алланын Элчисинин алдында Теңирий ичиркенүүнү жана изги сезимдерин сезип, напсиге таандык нерселердин баарынан рухун бошоткон кезде, Аны менен жуурулушуп, Анын сүйүүсүнөн насибин ала алат. Азирети Мавляна –куддиса сиррух-:

*«Бир көңүл үчүн эки дүйнө жаратылыптыр!* ***«Сен болбосоң. бул ааламды жаратмак эмесмин!..»*** *деген айтылыштын маанисин ойлон!»* дейт.

Ошондуктан Алланын Элчисине болгон сүйүүнүн, эки дүйнөдө тең пендени шарапаттандыра турган касиеттүү таасири бар. Сахабалар дагы ушул сүйүүнүн урматы менен, башкача айтканда Ааламдардын Мырзасын жандай жакшы көрүп, ал үчүн күйүп жангандыктан биз сөз кылып жаткан тээ бийиктеги ардактуу мартабаларга жете алышкан.

Сахабалардын пайгамбарга болгон жакындыгын эмнеге салыштырба, эмнеге окшоштурба дал ошого татыктуу боло алышкан. Алар ашыктыктын күчү менен Ага байлануу асманынын жылдыздары болушкан. Жадагалса сахабалардын арасында, ага жакындыгын билдирүү же жакындык сезими тартуулаган ырахатты жашоо үчүн Ал баскан жолдон басып, Ал жыттаган гүлдү жыттап, Ал токтогон жерде токтогон жандар бар эле.

Пайгамбарыбыз Мухаммедке (саллаллаху алейхи васаллам) сахабалардын бапестеген дастанга айланган ашыктыгы жана сүйүүлөрүнүн жаңырыгын санап айтса түгөнгүс:

Анас бин Малик –Алла ага ыраазы болсун!- баян кылат:

Бир адам келип Алланын Элчисине суроо узатты:

«-Эй Алланын Элчиси! Кыямат качан болот?»

Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам):

«Кыямат үчүн эмне даярдыгын бар?»

Суроо салган адам:

«Алланын Элчисине болгон сүйүүнү даярдадым….» деп жообун берди.

Пайгамбардын жүзү жылмайып:

*«- Андай болсо сен сүйгөнүң менен чогуу болосуң.»* деп жооп берди.

Анас –Алла ага ыраазы болсун!- бул риваятын төмөнкүчө улантат:

«Адеп Исламга киргенде бизди, Алланын Элчисинин «Сен сөзсүз түрдө сүйгөнүң менен чогуу болосуң»-деген сөзүнөн башка эч нерсе сүйүндүрө алган эмес. Мына мен дагы Алла Тааламды, Анын Элчисин, Абу Бакирди жана Умарды сүйөмүн жана алар аткарган амалдарды аткара албасам дагы алар менен чогуу болууну самап келем үмүт тута.» (Муслим, Бирр, 163)

Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) бул сүйүнүчтүү кабарынын алкагына кирип калуу үчүн ар бир момун, пайгамбарга болгон ашыктык, сүйүү, ынтаа менен өз ич дүйнөсүн чырайына чыгарышы керек.

«Алланын Элчиси акыретке аттанды» деген кабарды уккан сахабалар кайгы муңга күйүп, ээрип бараткан шам сыяктанып турду. Ал күнү Алланын Элчисинен айрылган дилдер дирилдеп ыйлап турду, жүрөк канап. Эң кубаттуу деген Азирети Умар өзүн жоготуп, Азирети Абу Бакир болсо, буркурап көз жаш төгүп жаткан миңдеген көздөрдү жубата албай каңырыгы түтөп кетти. Анткени Ар күнү анын куттуу караанын көрүп жүрөгүн сүйүнтүп жүргөн жандар, эми бул армандуу дүйнөдө аны көрө албай калышпадыбы!!! Тулку боюн өрттөп бараткан кайгы муңга чыдай албаган Абдуллах бин Зайд –Алла ага ыраазы болсун!-, алакан жайып, Кудайга күйүттүү жалбарып:

**«Оо Жараткан Улуу Кудайым!» Көздөрүмдү алып койсоң деймин! Мен бүт нерседен артык көргөн пайгамбарымдан айрылган соң бул дүйнөдө башка нерсени көрбөшүм керек!..» -**деп буркурап ыйлап дуба кылаары менен көздөрү азиз болуп калды.[42]

«Азирети Абу Бакир -Алла ага ыраазы болсун- минбарга чыгып:

«-Баарыңыздардын эсиңиздерде бар, былтыр Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) арабызда ушу мен тургандай турган эле…» деди. Жашып кетти. Жанакы сөзүн дагы кайталап, кармана албай дагы ыйлады. Үчүнчү жолу сөзүн дагы кайталады. Эми бул жолу таптакыр мүмкүн болбой калды. Дагы ыйлап кирди.» (крз. Тирмизи, Даьават, 105Ө3558; Ахмад, I,3)

Азирети Абу Бакир -Алла ага ыраазы болсун!- пайгамбардын көзү тирүүсүндө ар убак жанында болгонуна карабастан ал үчүн кусаланганы кусаланган эле. Көзү өткөн соң, бул айрылуу себебинен, тез арада Ага жолугуу арзуусу күчөгөндөн күчөй берди.

Азирети Айша, оо дүйнөгө аттанаар алдындагы атасынын Азирети Пайгамбарга жолугушууга ашыккан толкундануусун мындайча эскерет:

«Атам Абу Бакир -Алла ага ыраазы болсун!- көз жумаар алдында:

«-Бүгүн кайсы күн?»-деп сурады.

«-Дүйшөмбү.» -деп айттык.

«-Эгерде ушул түнү көз жума турган болсом мени эртеңкиге калтырбастан жерге бергиле! Анткени Алланын Элчисине мени канчалык жакындата алган түн дагы күн дагы мен үчүн эң сүйкүмдүү.» деди.» (Ахмад, 1.т, 8,б)

Алланын Элчисин жан дилден сүйүп, тезирээк жолугууну самаган ооруулуу адамдар бар эле. Жаратканга жана Элчисине жолугуу сааты жакындап калгандыктан ал ооруулуу жандарга ардактуу сахабалардын кээлери суктануу менен карап, Көңүлдөрдүн Султаны болгон Пайгамбарга алардан саламдарын жөнөтүшкөн. Маселен Мухаммед бин Мункадир -Алла ага ыраазы болсун- Пайгамбарды жандай сүйгөн Азирети Жабирдин ал-абалын сурап коюу үчүн кирип калды. Сапарынын карып калганын баамдап, сагынычка толуп турган ооруулунун көңүлүн жубатуу үчүн:

«Алланын Элчисине бизден салам айта бар! Ардактуум!»деп маңдайынан сылап көпкө тиктеп олтурду. (Ибн Мажа, Жанаиз, 4)

Сахабалар Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) тууралуу эскерүүлөрдү угуудан кут алгандай кудуңдап калышаар эле.

Атасынын, кандай гана учур болбосун Пайгамбар тууралуу эскерүүлөрдү угууга зар экенин Бара (Алла ага ыраазы болсун) мындайча эскерет:

Азирети Абу Бакир атамдан он үч дирхамга бир ыңырчак сатып алды жана:

«-Барага айтсаң, мобул ыңырчакты үйгө жеткирип берсин.» деди. Атам:

«-Жок! Азирети Пайгамбар экөөңөрдүн артыңардан мушриктер аңдып, кууганына карабастан Меккеден Мединага кантип жеткениңди айтып бербесең ал да барбайт.» деп көшөрүп туруп алды. Унчукпай кутулушуна көзү жетпеген Абу Бакир эми ал сапарды кайра көздөн өткөрүп баяндап кирди:

«Үңкүрдөн чыгып жол тарттык. Ошол түнү жана эртеси да жол жүрдүк. Күн чак түш. Төбөдөн сызылган аптаптан аба үп болуп дем кыстыгат. Жакын арада көлөкө табалып калаар бекен дегендей айланага көз жүгүрттүм. Жакын эле жерде аз гана көлөкөлүү борчукту көрдүм. Тизгинди ошол тарапка буруп дароо жетип барып көлөкөлүү жерди түзөлтүп жиберип, көлдөлөң жая салдым да:

«-Келиңиз эй Алланын Элчиси! Бираз тыныгып алсаңыз!»дедим. Ал тыныгуу үчүн кынтая кетти. Анан мен, өткөн кеткендерге көз сала туруу үчүн жол тарапка көз салып жаткан элем. Бир кезде кайдан чыкканы белгисиз бир чабан биз турган борчук тарапка койлорун айдап жакындап келе баштады. Ал да мен сыяктуу көлөкө издеп келген өңдөнөт.

Кимдин койчусу экенин сураганымда Курайштан бир ысымды айты. Ал айткан ысым мага тааныш эле.

«-Койлоруңда сүт барбы?» дедим. Ал:

«Бар.» деди.

-Андай болсо бизге бираз сүт саап бере аласыңбы[43]? деп сурандым.

«-Жарайт!» деп койлордун арасынан бир койду кармап келди. Ободу колдорун жана койдун желинин жакшылап тазалоосун өтүндүм да Пайгамбарым үчүн жаныма ала чыккан аяктын оозун таза бөз менен тосуп ага бердим. Койчу өтүнүчүмдү аткарып сүт саап берди. Үстүнө аз гана суу кошконумда сүт муздай түштү. Колумдагы аякты жаңы эле ойгонгон Пайгамбарга сундум:

«Муну ичип алыңыз эй Алланын Элчиси!» дедим.

**«Алланын Элчиси Мен сунган сүттү ичкен соң жаным бираз жай ала түштү…»** (Бухари, Асхабун-Набий, 2; Ахмад, I, 2)-деди.

Сахабалар, Азирети Пайгамбарга эң жогорку даражада урмат-сый, таазим жана сүйүү бапестегендиктен, кээлери, Алланын Элчисинин куттуу колдору сылаган деп чачтарын дагы алдырышкан эмес экен. (Абу Давут, Салат, 28Ө501)

Сахаба аялдар балдарына Пайгамбарды сүйүүнү насаат кылышаар эле. Төмөндөгү окуя бул жакшы жөрөлгөнү эң сонун чагылдырып турат:

Балдары Азирети Пайгамбарыбыз менен көпкө көрүшпөй кала турган болсо сахаба аялдар балдарын урушуп калчу экен. Хузайфа (Алла андан ыраазы болсун) бир топ күндөн бери Алланын Элчисин көрбөй калганы үчүн энеси ага ачууланып урушуп коюптур. Бул окуяны өзү мындайча эскерет:

«Энекем менден сурап калды:

«-Акыркы жолу Пайгамбарыбыз менен качан жолуктуң эле?»

Мен:

«Бир топ күндөн бери ага жолуга элекмин.» дедим. Энекем мага абдан ачууланды жана катуу урушту. Мен болсо шашканымдан :

«Энеке сабыр кылыңыз! Мына азыр жетип барып Алланын Элчисинин жанына барып, шам намазын чогуу окуп жана экөөбүздүн күнөөлөрүбүздүн кечирилиши үчүн дуба кылышын Андан суранайын…» дедим. (Тирмизи, Манакыб, 30Ө3781; Ахмад, V, 391-392)

Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыздын баш азанчысы, Пайгамбар мечитинин булбулу Азирети Билалдин (Алла ага ыраазы болсун!) абалы таптакыр өзгөрүп кетти. Азирети Пайгамбарыбыз бул ааламдан көчкөндөн кийин Азирети Билал кудум тилин жутуп алгандай унчукпай түнт болуп кетти, анын оозун бычак дагы ача албас болду го кайран дулдул!!! Чоң Мадина шаары дагы тар келе баштады ага.

Халифа Азирети Абу Бакир, Алланын Элчисинин убагындагы азандардын кубулжуган үнүн дагы бир жолу жаңыртып кою арзуусу менен Азирети Билалга далай ирет өтүнүчүн жолдоду. Пайгамбардын күйүтүнө жалбырттап, дале болсо өзүнө келе албай жүргөн ал муңдуу зат:

«-Эй Абу Бакир менин арзуумду сурай турган болсоң Пайгамбарымдын көзү өткөндөн кийин азан айтууга дарманым жетпей келет. Мени кыйнаба! Суранам, өз жайыма койчу кымбаттуум!»-деп ал да далай жолу кечирим сурап баш тартты.

Азирети Абу Бакир болсо, Мухаммедди (саллаллаху алейхи васаллам) сагынуунун кусалыгына барган сайын куурулуп, эч болбосо ал ажайып учурду да бир жолу жүрөк менен сезип кою үчүн Билалдын жанын койбой кулагына куя берди:

«-Алланын Элчиси болсо өттү. Үммөт эми Анын азанчысынан да куру калынбы?»

Анын мындай жалындуу сөздөрүнө жана такай суранычына Азирети Билал эми чыдап тура албады. Акырында таңкы азанды айтуу үчүн салаалап аккан көз жаш менен мунарага чыкты. Башы мурункудай тик эмес. Көптөн бери мунарага чыкпай койгондуктан мурунку бактылуу учурдун жандуу элестери көз алдынан кетпей койду. Азан айткысы келди. Тамагы буулуп, ый аралаш зар какшаган аваз келе баштады. Ошентип азан айта албастан кайрадан түштү. Азирети Абу Бакир да эми аны кыйнагысы келген жок.

Ошентип булбул үндүү Билал, Алланын Элчисинин куттуу элестери толгон Мадина шаарында көпкө чыдап тура албасын түшүндү да ошол багымдат намазын окугандан кийин жол тартып кетти. Алгач Шамга (Дамаскка) барды. Пайгамбарына тез эле жолугууну самап, шейиттиктин шербетине чаңкагандай кыйырларда далай жолу согуштарга, кармашууларга катышты. Бирок Жараткандын буйругу экен ар жолкусунда гази (каарман-баатыр) болуп кайтып жатты. Ушинтип далай жылдар да өтүп кетиптир. Жадагалса Шамды кырып, кууратып жыйырма беш миң каарманды жалмап кеткен жугуштуу чума оорусуна карабастан Кудайдын хикматы менен Азирети Билал мында да аман калды. Бирок бул айрылуунун алоолонгон жалынынын ичинде көңүл дүйнөсү өмүрү өткөнчө куйкаланып кала берди.

Күндөрдүн биринде түшүндө Алланын Элчисин көрдү. Ааламдардын Мырзасы ага:

«-Бул эмне деген айрылуу эй Билал! Мени зыярат кыла турган убагың дале келбедиби?»- деди капалангандай элес менен. Уйкудан капалуу ойгонгон Билал ойлонуп олтурбастан дароо жолго чыкты. Бир топ күн жол жүргөн соң Алланын Элчисинин Мүрзөсүнө келип калды. Тизелеп олтуруп алып арналып ыйлады. Анын топурагына жүзүнү, көзүнү тийгизип жүрөктөн ыйлады. Дал ошол кезде Азирети Хасан менен Азирети Хусайн да келип калышты. Сүйүктүү пайгамбарынын эки данакер неберелерин көрөөр замат эстен танды, күйүткө жанып күл болду Билал. Өзүнө келгени менен аларды кучагына басып, сүйгөн адамынан калган сүйүктүү жандардын башынан өпкүлөп жатты. Алар да муңайган түрдө:

«Эй Билал! Сенин азаныңды угууга акактап чаңкап турабыз!»-деген суранычын аткаруу үчүн азан айта баштады. Дал ошол учурда Мадина шаары бүт кулак түрүп, мүлдө шаардыктардын көңүл дүйнөлөрү толкундардын арасында калып кети. «Ашхаду анна Мухаммадар- Расуулуллаах» деген айтылышты уккан эл, Алланын Элчиси тирилгенби,

деген ойго жетеленип Пайгамбардын Мечитине карай агыла баштады. Азирети Пайгамбарыбыздан айрылгандан кийин, Мадина шаары, элдин мынчалык он салаа көз жашын төккөнүнө күбө болгон эместир.[44]

Пайгамбарды жан дили менен сүйгөн, булбул үндүү сахаба алтымыш жаштарында Дамаскта көз жумган. Сапары жакындап калган кезде:

«Кудайым буйруса эртең досторума; Азирети Мухаммед –саллаллоху алейхи васалламга- жана жандай көргөн досторума жолугам.» деп сүйүнүп жатыптыр.

Байкуш аялы жалгыз калаарын жүрөгү сезгендей:

«-Башым кайгыга малына турган болду го!»- деп ыйлап жатса, Пайгамбарын сагынган Азирети Билал бир тараптан:

«-Эх кандай гана бактылуулук, кандай гана жагымдуулук!»-деп кайталап жатты. (Захаби, Сияр, I, 359)

Ардактуу сахабалардын мындай астейдил берилгендигин хадис риваят кылганынан да даана байкоого болот. Алар Азирети Пайгамбардан бир хадис риваят кылып жаткан кезде, байкоостон жаңылыштык кетирип албайлы деген коркунуч менен тизелери титиреп, жүздөрү албырып тураар эле. Маселен Абдуллах бир Масуд, «Алланын Элчиси минтип айттты»(Каала Расулаллах) деп айткан кезде тулку денеси ичиркенип кетээр эле. Ушул сыяктуу эле башка сахабалар дагы өзүлөрүнүн пенделик алсыз жактарын жадынан чыгарбастан, Алланын Пайгамбарынын бир сөзүн айтаарда сүрдөнгөндөй абалда калып: «Ал ушундай же болбосо ушул сыяктуу же ушуга жакын бир мааниде билдирди…» деген сөз менен сүйлөмдөрүн толуктап койушаар эле. (Ибн Мажа, Мукаддима, 3)

Анткени Ал, башкача касиеттеги, башкача жаратылыштагы пайгамбар эле. Мурдалары отуруп кутпа окуп жүргөн курма дөңгөчү, Андан айрылгандан соң, муңдуу ыйлаган. Суусуз калган үммөттөрүнө маанжаларынын учтарынан суу чыгарып мужиза көрсөткөн. Кумгандагы, дааратынан ашып калган сууну ичкен ооруулуулар айыгып шыпаа тапкан. Дасторконунда отургандар, оозуна салган ырыскысынын «Алланы улуктаган» тасбихин угушкан.[45] Андан калган сакал жана чачтарынын куттуу кылдары, мечиттердин минбарында дале болсо сакталып, үммөткө кылымдар бою таберик болуп келе жатат.

Ал, кыяматта махшар имамы,

Күнөөкөрлөрдүн шапаатчысы,

Үммөтү үчүн кабатырланып «Уммөтүм, үммөтүм!»деп сыздаган Ал –саллаллоху алейхи васаллам- …..

Ливаул-хамд туусу Анын колунда…

Мүлдө пайгамбар Анын көлөкөсүндө…

Бейиштин каалгаларын да биринчи болуп Анын колу ачат…

Шайх Галиб бул ажайып көрүнүштү кандай гана сонун кылып сүрөттөгөн:

Кутпаң окулат түбөлүктүүлүктүн ачык асманынын минбарында,
Кыямат күнүндөгү сотто тилегиң орундалат.
Гулбангы кудуму[46]ң тартылат Алланын аршында,
Жер жана көктө ардактуу ысымың эскерилет.
Сен Ахмау Махмууду Мухаммедсиң оо мырзам,
Жараткан Өзү тастыктап ыроолонгон Султансың оо мырзам.

**Ардактуу сахабалардан кийинки сүйүүнүн шаркыратмасы**

Ааламдарга ашыктык үнү менен аваз салып турган сүйүүнүн кербени, сахабалардын көчүнөн кийин дагы өзүнүн кубатуулугу жана туруктуулугу менен вуслат дайрасына карай куштарлануунун булагындай токтобостон ага берди. Анткени дүйнө жана акыреттин бактулуулугу жана саламаттыгы, Ага сүйүүдөн кенч өндүрүү менен жүзөгө ашат.

Алланын Элчиси –саллаллоху алейхи васаллам-, Өзүнө сүйүү бапестеп өмүр кечире турган кербендер кыяматка чейин улана берээрин төмөнкү хадисинде билдирген:

«Менден кийин келе турган үммөтүмдүн арасынан да мени жандай сүйгөндөр чыгышат. Алар мени көрүү тилеги менен малын да, үй бүлөсүн да багыштаганга даяр.» (Муслим, Бейиш, 12; Хаким, IV , 95Ө6991)

**Кудай Таала, биздей алсыз жандарды бул хадистин алкагына камтысын!..» Оомийн!…**

Алланын Элчисин сүйүп, сүйүүнүн убактылуу кыйынчылктарын ашып өткөнүн көрсөткөн төмөнкү мисал абдан ибараттуу:

Абдуллах бин Мубарак баян этет:

**«Имамы Маликтин»** жанында болчумун. Бизге Пайгамбарыбыздын хадистеринен айтып берип жаткан. Бул учурда ушунчалык кыйынчыылк чегип жатканы көзүнөн окулуп турду. Өңү түсү бирде кызарып, бирде кубарып айтор өзүн араң кармап турду. Ошентсе да хадис айтууну токтоткон жок. Сабагы бүтүп, тыңдоочулар тарган соң жанына барып:

«Эй Абдулланын атасы! Түрүң ажайып өзгөрүп калганын көрүп турам?» дедим.

Ал болсо:

«-Ооба тууганым. Сабак жүрүп даткан кезде чаян бир нече жолу чагып алды, баарысына сабыр кылдым. Мен буга Алланын Элчисине болгон сый-урматым үчүн гана чыдай алдым.» деди.»[47]

**Азирети Имамы Малик**, Алланын Элчисинин аягы баскан топурака урмат кылып, Мадина шаарында эч бир унаага минбеди. Бут кийимин дагы кийген жок. Кокус куттуу хадис тууралуу бир маселени сурай турган коногу келе турган болсо, оболу даарат алып, селдесин оронуп, жагымдуу жыт сүрүнүп бийик жерге отурган соң анан кабылдай турган. Пайгамбардын –саллаллоху алейхи васаллам- руханиятына кирүү үчүн өзүн даярдоого кам көрүп, ушунчалык аяр адеп-ахлака абдан маани берээр эле. Равзада имамдык кызматты аркалап жүргөн кезде ар убак үнүн акырын чыгарып сүйлөчү экен. Доордун халифасы Абу Жафар Мансур бир жолкусунда катуу үн менен сүйлөдү эле:

*«Эй Халифа! Үнүңдү акырын чыгар! Алла Тааланын, Пайгамбарыбыздын алдында катуу кыйкырып сүйлөбөө тууралуу эскертүүсү, сенден да улуу урматуу сахабалардын өзүнө эскертилген!»* деп токтотуп койду.

Чыныгы инсандык касиеттердин каймагын камтыган Имамы Малик:

«Алланын Элчисинин урпагы болгон затка акыретте доомат коюдан уялып кеттим» деп кордук көрсөтүп, заалымдык кылган Мадинанын ваалисин (губернатор) айкөлдүк менен кечирип жиберген экен.

Пайгамбарга болгон сүйүүнү да, Анын акыреттик жолун да жашоосунун ар бир көз ирмеминде жандуу туткан үммөттөн чыккан данакер **Сайид Ахмад Ясави**, 63 жашта оо дүйнө салган Пайгамбарды ушунчалык берилүү менен сүйгөн. Ал ушу сүйүүнүн урматына бул жаштан кийин жер кезүүнү токтотуп, өмүрүнүн акырына чейин он жыл бою, күмбөз сыяктуу бир жерден жылбастан ибадат кылып Туура Жолдун кербенине кошулуп андан ары сапарын улаган.

Хадис илиминин Чолпон Жылдызы жана дин каарманы **Имам Нави** болсо, Мухаммед Пайгамбарынын дарбыз жегенин укпагандыктан же кандай жегенин билбегендиктен өмүрү бою дарбыз жебей өтүптүр. Бул көрүнүш, жашоосунун ар бир кыймылын Анын изи мене жасаган жана Анын кыймылына жат келген иш аракеттерден өзүн оолак туткан заттын өмүрүнөн бир гана жалбырак.

Дүйнөдөгү бүт нерседен Алланын Элчисинин акыйкат руханиятына жылоолой турган бир олуяны бийик деп билген **Падыша Явуз Султан Салим** болсо:

*Алламга пааша болуу куру талаш нерсе экен;*

*Осуятын олуянын жашай билүү бүт нерседен изги экен!..* деп, Аллага жана Анын Элчисинин досторуна жакын болуунун маанилүүлүгүн жана зарылдыгын баса белгилеп кеткен.

Тээ мурдагы доорлордо мөөрлөргө төрт сап ыр же уйкаш сөздөрдү оюп жазуу көнүмүш салт эле. Жараткан Алла, Азирети Пайгамбарыбызга болгон сүйүүсүнүн урматына бул дүйнөнү жаратканын тилге келтирүү максатында **Базми аалам Валиде Султан** өзүнүн падышалык мөөрүнө:

*Махабаттан Мухаммед болду пайда,*
*Мухаммедсиз махабаттын көркү кайда?!*
*Ортосунан Вазми аалам жаралды.* -деген саптарды жаздырган

**Султан I. Ахмад Хан** Азирети Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам) куттуу изинин сүрөтүн падышалык баш кийиминин төбөсүнө тарттырып, окшоштуруп тарттырылган аяк изинен алган изги сезимдердин кучагында жашоого далаалат кылган:

*Падышалардын Азиретинин таза бутун,*
*Башыма дайым таажы кылып жүрсөм*
*Нубувват гүл бакчасы ал издин ээсиники,*
*Адам эй нестейбестен гүл изине жүзүңдү сүрсөң!...*

Азиз Махмуд Худайинин Пайгамбарга болгон ашыктыгынан төмөнкү саптар жаралган:

*Басканың ары мээрим ары таза эй Пайгамбарыбыз х,*
*Карааның ашык дартка даары дабаа эй Пайгамбарыбыз х,*
*Көрүнөөдөн, көмүскөдөн Худайиге шапаат кыл,*
*Кайырчыга каалгаңды ачып эй Пайгамбарыбыз х!*

Ажылык сапар үчүн жол жүрүп, Мадина шаарына кирүүгө ат чабым аралык калган кезде чубалжыган кербен тыныгууга токтогон болот. Дал ошол кезде кербендин алдындагы бир падыша байкоостон бутун Равзаи Мутаххара тарапка сунуп олтурганып акын Наби көрүп, баш чайкап, Пайгамбарга болгон сүйүүнүн таасири менен төмөндөгү маанини туюнткан ырды шыр айтып жиберген экен:

*«Жараткан Кудайымдын Өз назары,*
*жана Анын Сүйүктүүсү, Пайгамбары,*
*Мухаммеддын мекени турган жайы,*
*Бул аймакта чекиликтен алыстачы!»*
*«Эй Наби улук жайга адеп менен,*
*сый-урмат кадамыңды баштап киргин,*
*анткени периштелер, аруу жандар,*
*айланып көпөлктөй Элчилердин,*
*эшигин өпкөндүгүн сезе билгин!..»*

Жүрөктөн чыккан сезимдердин шыбыры, Акын Набинин бул ыры Азиртети Пайгамбарыбызга –саллаллоху алейхи васаллам- дароо эле кабарланат. Анан Пайгамбарыбыздын өтүнүчү менен Равзанын азанчылары бул ырды багымдаттан кийин мунараларга чыгып алып созолонтуп кирет. Али Мадинига жете элек Наби, өзүнүн ырын угаары менен таң калат. Чынында эле таң калыштуу. Анткени Наби муну эч кимге айта элек болчу. Мужизанын күчүнө тан берүү менен сезимдери туйлап, көз жашын төгүп ыйлай Равзага кирет…

Сулейман Челеби:

*«Көпөлөктөй күн дагы Аны айланат!..»* деп сезим үнүн уйкаштыра таштап кеткен экен.

Фузули болсо, атактуу Суу касыйдасында, Аны эң аруу, эң бийик сезимдери менен ардактап, ырга бөлөгөн:

*Өчүрбө көз! Жашың менен көөдөндөгү жалынды,*
*Ашыктыка бул жүрөк биротоло малынды.*
*Ал андыктан айла болбос суу бүркүү,*
Арылбас дарт бийлеп алды канымды.
*Көздөрүм дале ыйлайт, бир тыным жок,*
*Суу түсүн жамынганбы тээ бийик көк,*
*Көз жашым өзгөрттүбү асман түсүн,*
*Таң калуу, билбейт экем эсимде жок!*
*Багбандар миң убара чексе дагы,*
*Чаалыгып, топуракта калсын жаны.*
*Мухаммед нур жүзүңдөй гүл жаралбас,*
*Досторум! Кол өбө албай өлүп кетсем*
*Топурагымдан жасалган кесе менен,*
*Сүйүктүү Улуу затка суу сунгула,*
*Ошондо шапаат насип, өбөөр белем.*
*Ал Мээрим пайгамбардын бут баскан,*
*Жер кезип далай түзөң кырын ашкан,*
*Чаңкашып мына ошол ыйык изге,*
*Тынбастан, нечен кылым суулар аккан.*

Акыркы доордун шайыктарынан **М. Эсад мырза,** Азирети Пайгамбарга бапестеген деми өчпөс сүйүүсүн сөз арасынан гүл тандап коюздойт:

***Теңдешсиз жамалыңдын чырайына,***
***Ашыктык алоосунан жаз, гүл жалын,***
***Жалбырттап жалын жалын, тикен жалын.***
***Жоодурап жоогазын да сүйгөн өңдүү,***
***Жаңшыган махабатты булбул жалын.***
***Жүзүңдүн күн сыяктуу нуру жаркын,***
***Элжиреп көңүл жалын, жүрөк жалын,***
***Арбалып ашыктыка дабаасы зор,***
***Көл кылып жашын төккөн көздөр жалын.***

Мурдалары христиан диниде эле. Эбепке себеп болуп, Мухаммед Пайгамбарыбыздын чыныгы пайгамбар экендигин аңдаган соң, аянычтуу өткөн өмүрүнө үшкүрүнүп, Пайгамбардын жолуна, адамгерчилигине жана Анын өзүнө ашык болуп

калган **Яман Деде** атуу, жакынкы эле өткөн жылдардын талантуу акынынын ушул саптары кандай гана таасирдүү:

*Эрме чөлдө, кан какшап жан берсем да өкүнбөйм,*
*Көкүрөктү вулкан жакса, деңиздерге чөмүлбөйм,*
*Көктөн жааган жалынга баш тосуп да өкүрбөйм,*
*Жамалың деп чаңкап турам, суусун берчи Я Пайгамбарыбыз х!*
*Ак жолуңда ашыкыктан жаным берсем*
*Кандай гана -улуулук,*
*Насип барбы султаным Шаарыңда*
*Дүйнө салсам кандай гана сулуулук.*
Таянычың болоюнчу көздөр өчүп баратканда
*Жамалың деп чаңкап турам, суусун берчи Я Пайгамбарыбыз х!*

Алланын Элчисинин Миражга чыкканы баарына маалым окуя. Мына ошол көк ааламындагылардын толкундануусун жана ага болгон ынтаасын ырга айлантып акын **Кемал Эдип Күркчүоглу** төмөнкүдөй маани менен сунат:

«Алланын Элчиси Миражга чыккан түнү, чайыттай ачык асман анын жаркын жамалын талбай карайт. Карап карап канааттанып, Анын даңкын даңазалоо үчүн, басып өткөн издерине сажда кылды!.»

«Азирети Жабраийл периште, Алланын Элчисинин алдына кирүү үчүн ар түнү толкундануу менен ихрамга кирет!.»

«Бир көргөн жан жана дагы көрсөм деп, гүл жүзүнө көзү тайгылып, акылын жоготот. Аллах, Аллах, деп кайрадан көрүп калуу үчүн жан далбас урат.»

Алланын Элчисинин –саллаллоху алейхи васаллам- инсандык бейнеси нукура тунук болгондуктан, Аны ээрчигендердин ар бири көктөгү жылдыздар сымал инсаниянын изгилигине жетип; түбөлүктүү бактыга жана таалайга жолугушту. Ардактуу сахабалар, ар бир демин ибадатка арнаган олуялар (Алланын достору) жана салих пенделер, Ааламдардын Ардагына канчалык жакындаган сайын ошончолук шарапатка ээ болуп, Алланын алдында да, инсандардын алдында да бийик мартабаны багынта алышты.

Эми өзүбүзгө бир назар салып көрөлү. Ошол Абдуллах бин Зайд, Билал Хабаши, Имам Набавий, Саййид Ахмад Ясавий жана башкалардын дил, көңүл маанайынан канчалык даражада үлүшүбүз бар?.. Деги ошолордун сезиминен учкундарды, дилинен агылган дилгирикти же жүрөгүнүн жылуулугунан үлүш ала алдыкпы?.. Мына ошондуктан биз дагы, сахабалардан бери өз күчүн жоготпой келе жаткан сүйүүнүн учкундарынын алдында, Алланын Элчисине болгон сүйүүбүздү өлчөп, канчалык даражада ага үммөт болуп жашап жатканыбызды таразалап, анан рухубузга жандануу жана ойгонуу күчүн өзүбүз ширетишибиз кажет.

Биз бул жерде кеп салып кеткен Ислам залкарларынын абалы, албетте өзүн арнай алган каарман жылдыздардын чыныгы адамдык бейнесинин жогорулугу. Алланын Элчисине бапестеген сүйүүлөрүнүн күчтүүлүгү, тыгыздыгынын туруктуулугу жана байлангандыгынын кубаттуулугу аларды, кыяматка чейинки келе турган мусулман муундардын көңүл дүйнөсүндө жылдызга айланткан.

Баарыбыз билгендей эле ашыктык жана махабат деген нерсени, эки көңүлдүн ортосундагы жараян зымы десек жаңылышпайбыз. Мыкты мусулман болуу үчүн оболу жүрөккө жөндөмдүүлүктү ширетип жалгаштыруу зарыл. Учурда адам баласы башынан өткөрүп жаткан далил болуучу окуялар, жүрөктө жөндөмдүүлүк, зиректиктин жоктугунан болуп жатат. Ушул себептен нечелеген кенчтер, баалуулуктар туна кетип, напсинин

чаркында майдаланып анан жок болуп кетип жатат. Агым жана багыт же иш аракеттердин түпкү максаты дүнүйө же напси жыргалчылыгы боло турган болсо, рухтун табитине эч ким көңүл бурбай калат. Эгер жүрөк Мажнун сыңары саякатын Лейладан баштап Мавлада токтотсо, чийки жүрөк көнүгүү жолу менен бышып жетилип чыныгы ашыктыка тажрыйба, жөндөм табуу менен кыйыр сүйүүдөн акыйкат ашыктыка кадам таштаган болот. Учурда адамзаада ушул сүйүүгө муктаж. Көз көрүп жаткан кылымыштар, жамандыктар, апаат жана чийкилктердин бардыгы сүйүүнүн, чыныгы ашыктыктын жетишсиздигинен болуп жатат.

Акыйкат сүйүү, сүйгөн адамдын берилгендигине жана тобокели менен чыңалып, улуулука жетет. Ушунчалык акыл эсинен танганча сүйгөн кээ бирөөлөр натыйжада берилгендигинин сезимин туюбайт. Кудум карызын өтөп жаткансып, беймарал аракеттенет. Бирок чыныгы ашыктыкты таанныбаган, ашыктыктан насибин албагандар ,бышып жетилүү жолуна кирбей, напсинин кучагында жашап көңүлүн да, өмүрүн да ысырапка жана зыянга учураткан болот деп айтууга негиз бар.

Алп тоолор кабылдабаган аманатты, өз мойнуна алышы негизинен пендезаадага сунулган артыкчылык болуп эсептелет. Чыныгы ашыктыка, сүйүүгө жете алуу, бул пайда жана артыкчылыкты колдон чыгарбоонун шарты болуп саналат. Анткени адамдын ичиндеги уйгу туйгу талаш-тартыштар, чыныгы сүйүүнүн күчү менен ээрип жок болот. Кемелине келген пенде, бир үлгүлүү идеал инсандан алган берекелүү учкундардын багыттоосу менен рухун айбандык жактардан арылтып, көңүл ааламын бейиш гүлзарына айланта алса, ал жерден Теңирий сырларга караган терезелер ачылат.

Жараткан Кудай Куранда, «(Өз) рухумдан үйлөгөнүмдө»(Хижр, 29) деп буйруп Өзүнөн пендеге берилген улук артыкчылыкты эскертүүдө. Эгер бул улук артыкчылык жана сүйүнүч, ашыктыктын жана сүйүүнүн натыйжасында адампендени баралына келтире алса, жүрөк мына ошол учурда Теңирий сырлар ааламына карай жол арбытат. Теңирий ааламдын сырлары, нерсенин түпкү чындыгы, инсан жана аалам деген сыр айкын болот. Кул, калби-салимдин (рухий жактан илдетсиз, бышып жетилген жүрөктүн) аяндарын ала баштайт.

Кул, мына ошентип бул даражага жеткенде Алла Таала менен өзүнүн ортосундагы кайдыгерлик деген көшөгөлөрдү аралап олтуруп; **«өлүмдөн мурда өлүү»** -деген сырдан өз насибин алат. Дүнүйө жана анын алдамчы сүйүүсү, көз жоосун алган убактулуу сулуулугу, көзүнөн оолактап, көңүлүнөн чыгат. Натыйжада киши руху, Жаратуучусуна жакындоонун теңдешсиз жыргалынын кучагында калып кете берет.

Ал эми акыйкат сүйүүнү бапестей же тата албагандар, киши ичиндеги айбандык сызыкты сындырып өтүп, периштелик аянтынын чегине жете алышпайт. Сүйүүнү билбегендердин жүрөгү, чийки топурак сыңары. Маьрифат бул - сүйүү. Анткени сүйүү – барлыгыбыздын бирден бир себеби.

Адамбаласына изги үлгү кылынып ыйгарылган Алланын Элчиси, пендезааданы караңгылыктын туңгуюугунан, пастыктан таалайга жеткире турган Теңирий мээрим. Чыныгы сүйүүнү Андан үйрөнүү, Аны менен жуурулушуп кетүү (руханий жактан) жана бул сүйүү менен Анын жолунан изме из басуу нукура бактылуулуктун жолу болуп саналат.

Анткени Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам), бардык ааламдардын көз кареги, өзөгү жана бар болушунун себеби. Жаратkандын бийик сыйы. Кул менен Кудай Тааланын ортосундагы жалганууга жылоологон жол башчы. Ал, Аллага кулчулук кылууда аңдатууга сөз кудурети жетпеген изги жактары менен көзү өткөнчө бизге үлгүлүү шам

чырак болгон.  Кыскасы Ал, ааламдарды курчаган мээрим жана сүйүү. Ага баш ийип, ашык болгон көңүлдөр, бул ааламда дайым Ага болгон сүйүүнүн алоолонгон жалынына куйкаланышат жана ар бир демде Ага жолугууну самап турушат. Мындай абалды жашап жатып:

**«Жамалың менен сүйүндүрчү куйкаландым Эй Пайгамбарыбыз х!»** деген куштарлануу менен убакыт өткөн сайын күчү арткан сүйүүсүн даңазалайт.

Мына, Юнустарды Юнус кылган, Мавляналарды Мавляна кылган ушул даңазалуу ашыктык. Азирети Мавляна бул сүйүүсү менен түбөлүктүү жана анык таалайдын төрүнө кадам арыштаган. Анын бактылуулугу, Кадири-Мутлака (Чыныгы Кудурет Ээсине) жалгануу эле. Анткени алар, ажалдуу дененин туткунунан эрктүүлүк менен бошонуп чыгып түбөлүктүүлүкө карай кадам таштагандыктан, анык түбөлүктүүлүк менен бактылуу боло алышты. Өмүрү ченелүүлөр менен анык бактылуулук канчалык теңдикте болушу мүмкүн.? Анткеин анык бактылуулуктун жолу, сүйүүнү жана махабатты зарыл жерде, зарыл кезде ылайыктуу жерге багыттоого жараша аныкталат. Азирет Мавлянанын төмөнкү сөздөрү, мындай караганда анын бактылуулугунун жана таалайынын башатын да көргөзүп турат:

*«Өмүрүм өткөнчө Курандын каралымын. Азирети Мухаммеддин бутунун топурагымын. Эгерде кимдир бирөөлөр менин бул сөзүмдөн мындан башка аз гана өзгөрүүнү кошумчалап айтып жүргөн болсо, ал адамдын өзүнөн да, сөзүнөн да оолакмын.»*

Азирети Пайгамбардын –(саллаллаху алейхи васаллам) – бутунун топурагы болуунун жана Анын жолуна кулдук урууну; Өмүр бою аны сүйүп, сүйүүнүн күчүнө жараша ага байланып жана кандай жагдай болбосун анын сүннөтүнүн алкагында жашоо деп түшүнүү абзел.

Айрыкча Алланын Элсичине жарашыктуу деңгээлде моюн сунуп Анын руханиятына сүңгүп кире алуу үчүн, Аны менен жүрөктөн байланышты кубаттандырып жана Алланын Элчиси менен көңүлүбүзүдү берекеге толтура турган куттуу салаваттты айта жүрүүнү көнүмүш адатка айландыруу кажет.

## Салаваты Шариф

Алла Таала Куранда, Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) жашоосуна касам кылган. Анын ысымын Өзүнүн улук ысымы менен чогуу айткан жана момун кул болуунун шарты катарында, Анын пайгамбарлыгына ыйман келтирүүнү кошкон. Анын алдында катуу үн менен сүйлөөгө ыраазы болбоптур, куттуу ысымын катардагы эле бир ысым катарында айта салууну каалабаптыр. Булардын баарына кошумча катарында Өзү да, периштелери да Ага дайым салам жана салават айтышарын билдирип, үммөттү Ага салам жана салават айтып жүрүүгө үндөгөн.

Маселен Куран аятында:

**«Албетте Алла да, периштелери да пайгамбарга дуба жана салам айтышат. Эй момундар, силер да ага дуба жана салам айткыла! »** (Ахзаб, 56) деп буйрулганы, Ал даанышман инсанга салават жана салам айтуу, момун мусулмандар үчүн Теңирий буйрук экендигин айгинелеп турат.

Сахабадан Убай бин Кааб (Алла ага ыраазы болсун) мындайча баян этет:

«Түндүн үчтөн бири өткөн кезде Алланын Элчиси –алейхи салам- уйкудан турду жана мындай деди:

«Эй инсанар! Алланы зикир кылгыла! Алланы зикир кылгыла! Жерди ордунан ойноткон биринчи сур үйлөнөт. Аркасынан экинчиси келет. Өлүм алып кетет эң катуу күү менен. Өлүм алып кетет эң катуу күү менен.»

Азирети Пайгамбарга:

«-Эй Алланын Элчиси! Мен сага абдан көп салават айтып жүрөм. Муну канча айтышым керек!» деп сурадым.

«Канча кааласаң ошончо айт.» деп айтты.

«Дубаларымдын төрттөн бирин салават айтууга бөлсөм кандай болот?» деп суроо узаттым.

«-Каалаганыңдай бөлсөң болот. Бирок канчалык көп айтсаң сен үчүн кайырдуу болот.» деп билдирди.

«-Андай болсо дубамдын жарымын салават айтууга бөлөйүн.» десем, Ал:

«Каалаганыңдай бөлсөң болот. Бирок дагы көбүрөөк айтсаң сен үчүн кайырдуу болот.» деп айтты. Мен кайра сурадым:

«-Андай болсо үчтөн экиси жетеби?»

«Канча кааласаң аткар. Бирок көбөйткөнүң сен үчүн дагы да кайырдуу болот.» деди.

«-Андай болсо дубага бөлгөн убакыттын бардыгында салават айтсам кандай болот?» дегенимде:

«-Мына ошол учурда Алла Өзү сени бардык мүшкүлдөрүңдү кетирип, күнөөлөрүңдү кечирет.» деп билдирди.» (Тирмизи, Кыямат, 23Ө2457)

Мына ошондуктан пайгамбарды сүйгөн заттар, салаватты жана саламды тилдеринин көнүмүш сөзүнө айландырышат. Салам жана салават канчалык көп айтылган сайын Алланын Элчисине болгон сүйүү момундардын жүрөгүндө ошончолук арткандан арта берет тура. Ал эми Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) ыйлайыктуу деңгээлде моюн сунуп, Анын мыкты үлгүсүнөн (усваи хасанасынан) талаптагыдай пайдалана алуу, бир гана Куран жана Сүннөттүн чындыктарын аңдай билүү менен жүзөгө ашат. А бул болсо Азирети Мухаммеддин –саллаллоху алейхи васаллам- үлгүлүү ахлагына жакындап, ички дүйнөсүнүн кенчинен пайдалануу менен ишке ашат.

Болгонун болгондой кылып эч бир жан Аны сыпаттай албады. Бийик ахлагы, жана кишилик кыртышы керектүү деңгээлде ашкере түшүнүлгөн жок. Аалымдар, ойчулдар, көңүл султандары жадагалса Жабраил периште дагы Анын жолунун жолоочусу, эшигинин кайырчысы болууну ардак деп билишкен.

Бир башка жагына назар сала турган болсок, дуба кылуунун Исламдагы эрежесинде Жаратканга ыраазылык, хамд жана Алланын Элчисине салават менен башталып жана ушундай эреже менен эле аякташы кажет. Анткени Пайгамбар(саллаллаху алейхи васаллам) тууралуу Кудай Таалага жалбаруу жана мунажат түрүндө айтылчу куттуу салаватты четке какпоо жөнүндө бирдик бүтүм бар. Дубаларыбыздын башын жана аягын салам жана салават менен көркөмдөө мына ушул чындыктын негизинде. Тактап айтканда кабылдана тургандыгына үмүт байлап жана пайдубал түптөө деген түшүнүктүн алкагында сөзсүз кабылдана турган эки дубанын ортосуна өзүбүздүн тилектерди жайгаштырып айтуу жакшы жөрөлгө.

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун!):

«Алланын Элчисине салават айтылмайынча, дуба, жер менен асмандын ортолугунда тура берет. Алла Таалага көтөрүлбөйт.» (Тирмизи, Витр, 21Ө486)

Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), намаздан кийин Аллага ыраазылык билирип, хамд айтып, бирок Анын сүйүктүү Пайгамбарына салам жана салават айтпастан дуба кылган бир мусулманды байкап калып:

«Бул адам шашып кетти.»-деди. Анан ал адамды жанына чакырып алып мындайча буйруду:

«Кимде-ким дуба кыла турган болсо оболу Алла Таалага хамду сана, теңдешсиз алкоо-мактоо айтсын, андан соң Анын Пайгамбарына салават жана салам айтсын. Андан кийин каалагандай тилек кылсын.» (Тирмизи, Даават, 64Ө3477)

Дуба кылган кезде Азирети Пайгамбарыбызга салам жана салават айтып, Анын жүзү урматын ортого салуунун маанилүүлүгүн айкындаткан береги окуяны баян эткен:

Хайбар жөөттөрү менен Гатафан уруусунун ортосунда келишпестик чатак бар эле. Бул эки коом канча жолу беттешпесин Хайбар жөөттөрү жеңилүүгө дуушар болуп калышаар эле. Акыр аягында:

«Оо Жараткан! Акыр заманда чыгарууга убада кылган ал уммий (окуганды жана жазганды билбеген) пайгамбардын жүзү урматына бизди жеңүүчүлөрдөн кылышыңды Сенден тилейбиз!»-деген мааниде дуба кылышкан соң кийинки беттешүүдө Гатафан уруусун таш талканын чыгарышты. Бирок кези келип, өздөрү дуба кылганда жүзү урматын ортого салган Азирети Мухаммедди Алла Таала пайгамбар кылып жөнөткөндө, Анын Пайгамбарлыгын жана алып келген китебин кабылдашкан эмес. Ошондуктан Ала Таала:

**«Мурдалары** (Ал пайгамбардын урматын колдонушуп, Анын акы үчүн деп) **каапырларга каршы жеңишти каалаган кезде, колдорундагы** (Тооратты) **тууралай турган бир китеп келип,** (Тоораттан) **үйрөнгөн чындыктардын алдына чыккан учурда, аны танып кетишти. Мына Алланын наалаты ушундай каапырларга.»** (Бакара, 89) деген аятты түшүрдү. (Куртуби, II, 27; Вахиди, 3.б)

Окуяда байкалгандай Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам)Кудай Тааланын даргөйүндөгү орду жана урматын оозанып жардам тилеген кайрыдиндер дагы Аны менен ааламдарга келген мээрим жана берекеден пайдаланышкан.

Алла Таала Азирети Пайгамбарыбызга жаңсоо иретинде Куранда:

**«**(Элчим!) **Сен алардын арасында болгон чакта Алла, аларды азаптоочу эмес!..»**(Анфал, 33) деп буйруган.

Бул Теңирий билдирүү, мушриктер тууралуу түшүрүлгөн. Мына ошол мушриктер дагы материалдык муктаждык кыстап турган кезде Ага жакындаганы себептүү жогорудагыдай жеңилдике дуушар болгондугу айдан ачык болсо, момун мусулман болуп туруп нематтарга канчалык тунуп калаарыбызды бир Кудай билет. Жана ал момундар ал улук пайгамбарга ыйман келтирүү менен гана чектелип калбастан, ыймандын өзөгү саналган Алланын Элчисин дилден сүйгөн болсо… Сөз дал мына ушул жерде алсырап калат!.. Чынында эле момун пенденин көңүлү, сүйүүсү Алланын Элчисине канчалык даражада бекем байланган болсо, канчалык даражаны багынта алган болсо, бул дүйнөдөгү бейпилдиги жана бактысы, акыреттеги мартабасы, ошончолук бийик да кенен да болот.

**Ошол себептен, Ага салам айтып салават келтирүүнү унута көрбө! Алдыдагы эң коркунучтуу күндө Анын арачылыгына жана шапаатына муктажсың!…**

**Төртүнчү бөлүм**
**Эң зарыл муктаждык: Үлгүлүү адамгерчилик**
**Адамды адам кылган таалим: Теңирий тарбиясы**

Жараткан Кудурет жерлерди жана асмандарды адамзааданын кызматына ыроологон. А адамды болсо бул нерселердин жана Өзүнүн алдында жоопкерчиликсиз же ээнбаш дагы жараткан эмес. Башкача айтканда Алла Таала, ааламга да, инсанга да Өзүнүн мыйзамдары менен багыт көрсөткөн. Ал ошентип, бул сынак турмуштун, жагымдуу эркиндик менен олуттуу жоопкерчиликтин тең салмактуулугунда жашоону тагдыр буйруган. Бул чындык Куран аятында мындайча түшүндүрүлөт:

**«Алла көктү көтөрдү жана таразаны** (тең салмактуулукту) **койду. Тең салмактуулукту буза көрбөгүлө.»** (Рахман, 7-8)

Бул маани, инсан, ааламдагы Теңирий көрктүүлүк менен айкалышуусу керек дегендикти билдирет. Ушул кең ааламда кичинекей дагы мыйзамсыздык жараяны байкалбаганы сыңары, адам дагы Алла Таалага карай алган багытында байланышын үзбөстөн, напсиге алданып жолдо жолбун болбостон түз гана кеткени оң. Өмүрү бою, мына ушул тең салмактуулукту, кынтыкыз мыйзамды кыйшаюсуз аткарып жашаган адамдар Арифтер деп аталат. Алар эки дүйнөнүн тең эң бактылуу жандары. Ал эми бул дүйнөнүн миң түргө боёнгон алдамчы ляззаттарына кабылып, жолдогу тең салмактуулукту сактай албагандар бул аалмага келүү, кетүү сырына кайдыгер караган адамдар болот. Булар, Алла Тааланын ааламдагы мыйзамы жана көркөм чыгармасы менен айкалыша албай, теңдешсиз изги эрежени аңдай алышкан эмес. Өмүрлөрү, терең кайгы-муң, кайдыгерлик жана алданууда өтөт, акыреттик жашоосун ойрондоп алганы абдан эле өкүнүчтүү…

Бул маселенин түшүндүрмөсү, инсан окуясында (түпкү акыйкатында) катылуу. Адампенде бул дүйнөгө сыноо үчүн жаратылгандыктан жакшыга да жаманга да ийкемдүү экендиги шексиз чындык. Анткени сынак деген, туурага да, жаңылышка да эрктүүлүк көрсөтүүнү талап кылат.

Ошондуктан пенде өмүрү, ички жана тышкы ааламда такай жакшылык менен жамандыктын күрөшүндө өтөт. Анткени пенденин кыртышында экөөсү тең тайлашып, өкүм сүргүсү келет. Башкача айтканда өз ичибизде жакшылыктын да жамандыктын да (тарбияланбаган напсинин) тең тайлаша турган күчү бар. Бул күрөштө жакшылыктын жеңишке жетишин бир гана акыл, аңдоо, парасат жана эрк сыяктуу жөндөмдөрүбүз камсыз кыла албайт. Эгер бул күрөштө аты аталган туйгулар жетиштүү болгондо Алла Таала, алгачкы инсан кылып жараткан Азирети Адамды пайгамбарлык менен күчтөндүрбөс эле. Адамдарды эки дүйнөдө тең бактынын тактысына чыгара турган Теңирий акыйкаттарды өкүм буйрубас эле. Бирок Алла Таала, ар убак адампендени Теңирий вахий менен жана пайгамбарлары менен Чындыка багыттаган. Акылды да, көңүлдү да ынандыра турган, кубаттандыра турган китептерди жөнөтүп, кулдарына рухий тарбияны алууга милдет койгон.

Анткени акыл, бул- кош миздүү бычак сыяктуу, ал адамды жаман жолго дагы түртөт, жакшы иш-амал жасатууга дагы жөндөмдүү. Адам баласы, «ахсани таквим»ге башкача айтканда, пенде болгон күчү менен жете ала турган эң эле жогорку даражага акылдын жардамы менен жетет. Бирок көпчүлүк мезгилде «баль хум адзалл»га, тагыраак айтканда адам кандайдыр бир нерсени аңдап, түшүнүү жагынан айбандан дагы төмөн даражага, дагы эле мына ушул акылы себептүү түшөт. Мына ошондуктан акылды көзөмөлгө алууга, тарбиялоого зарылчылык туулат. Акылды көзөмөлдөөнүн булагы бул- теңирий вахий, башкача айтканда пайгамбарлар көргөзгөн жол, эсептелет. Эгерде акыл мына ушундай көзөмөлгө алынса, анда ал акыл адам баласын бакыттын туу чокусуна

алып барышы талашсыз чындык. Ал эми мындай булактан насиби жок акыл, адамды өкүнүчтүү, кейиштүү акыбет менен бетме-бет отургузуп коюшу толук ыктымал.

Адамзат тарыхында канчалаган заалым, зөөкүр өкүмдарлар жашап өткөн. Ал адамдар ошол мансапка, өкүмдарлыкка акылдарынын жардамы менен жетишкен. Алар өкүмдар катары элдин укугун коргомок түгүл, тетирисинче өздөрүнө каршы чыккан же болбосо өздөрүнүн пайдасы үчүн каалаган кишисин кыйнап, мыкаачылык менен өлтүргөнгө чейин барышкан. Алар мындай жоруктарынан кадимкидей ырахат алышып, кыйноонун түрлөрүн өркүндөтүп өөрчүтүүгө далбас урушкан. Анткени мындай зулумдуктар, зордук-зомбулуктар алардын ойу боюнча акылдуулук деп каралган. Маселен, Хулагу деген өкүмдар, Багдат шаарына барып, Тигр дарыясына 400 миң күнөөсүз, карапайым жаткан элди чөктүрүп жиберген. Хулагу бул жасаган ишине абдан маашырланып, андан кадимкидей жырткыч айбандай болуп ырахат алган. Ошондой эле Дин Ислам келбестен оболу, арап коомчулугунда, жаңы төрөлгөн кыз ымыркайларды тирүүлөй көмүү адатка айланып калган эле. Алардын аң-сезими боюнча, кул адамды муздоо менен отун кертүүнүн ортосунда эч кандай айырма жок болгон. Мындай иштер ал учурда жөнөкөй эле көрүнүш катары каралып калган.

Ошол адамдар дагы бизге окшогон адамдар эле да. Аларда дагы акыл, аң-сезим, рух деген нерсе болгон. Бирок алар тетири айланган чарык сыяктуу эле. Алар жакшылыкка каршы, тетири иш алып барууну өздөрүнө милдет катары кабылдап алышкан эле.

Мына ушунун баары, кишинин табиятындагы оң жана терс жөндөмдүүлүктөрдү эске алуу менен адам баласы кандайдыр бир тарбияга, багытка муктаждыгы бар болгондугун айдан ачык көрсөтүп турат. Албетте бул жерде багытка жөндөө дегенди, оң жана терс жөндөмдүүлүктөрдү табиятка ылайыктуу түрдө шыктандыруу деп түшүнүүбүз керек. Бул нерсе вахийдин негизинде гана, пайгамбарлар көргөзгөн жол боюнча ишке ашат. Ал эми мындай жолдон тышкары жүргөн акылдын акыбети жамандыкка гана себеп болот.

Адамдын табиятында кайсы өзгөчөлүк көбүрөөк болсо, ошол өзгөчөлүгү өзүнө карама-каршы турган өзгөчөлүктү жок кылууга умтулат. Эгерде кимдири бирөөнүн табиятында жакшылык көбүрөөк болсо, анда ал жөндөм жамандыкка өкүмүн жүргүзөт. Ал эми жамандык көбүрөөк болсо, жакшылыкты жоготууга аракет кылат. Ушинтип адам баласынын өмүрү өтүп кете берет. Мына ушул себептен улам Жараткан Кудай Таала, пайгамбар-элчилерин, сүйүктүү олуя пенделерин туура жолду көрсөтүү үчүн, тарбиялоо үчүн адамзаадага белек катары ыроолоп турган. Ошондой уста, көөдөнү ачык, берекелүү, үлгүлүү заттардын колунда тарбия көргөн адамдар, өздөрүндөгү мыкты сапаттарын элге көрсөтө алышкан. Алар дагы тарбия албастан оболу ызгаардуу кышта көк муз алдында тоңуп турган эле. Мына ушундай тарбиянын натыйжасында жаз сыяктанып жыпар аңкыган гүлзарларга айланып чыга келишти. Баягы жаңы дүйнө менен жүз көрүшкөн кыз ымыркайларын көмүп салуудан эч кыжалат болбогон мыкаачы адамдар, эми минтип Пайгамбарыбыз Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) келиши менен адамзаадандын эң кымбат, кадырман, элдин сүймөнчүлүгүндөгү, ишеничиндеги адамдарга айланышты.

Пайгамбарлар көрсөткөн жолдун негизинде жүргөн адам, Алланын ыраазылыгына, мактоого татыктуу пенде боло алат. Ал эми напсиге алдыргандар, шайтандын азгырыгына алдангандар, айбандан дагы төмөн, эң эле төмөнкү, даражага кириптер болушат. Бизди курчап турган дүйнө, адам баласынын мына ушул эки максаттан, жолдон кайсынысын

тандай тургандыгын аныктоо үчүн жаратылган. Адам өз табиятындагы оң жана терс жөндөмдү өз эрки менен ушул эки жолдон бирөөсүнө багыттайт. Мындай багыт, напси менен рух, жан дүйнөнүн ортосундагы күрөшүүнүн натыйжасы боюнча аныкталат. Бул багыт жүзөгө ашып жаткан кезде адамдар көптөгөн таасирлерге кабылат. Эгерде адам бул учурда гүлзардын ичинде аралап жүргөн болсо, эң жагымдуу ырахат тартуулоочу жыпар жытка бөлөнүп өзүнчө магдырап, ырахат алып, бакыттын туу чокусуна чыгат. Ал эми мындан тышкаркы башка жерлерде болсо, акыр аягы ал адам, жагымсыз, адамды ирээнжиткен жагдайларга тушугат . Адамга айлана-чөйрөдөгү ар түрдүү таасирлер жугушу толук мүмкүн. Чындыгында эле инсаният жандуулардын арасынан тарбияга, туура багытка напсини жөнгө салууга эң көп муктаждыгы бар жандык болуп эсептелет.

Инсандын ушул убактылуу дүйнөдө шайтандын азгырыктарына алданып, өз жашоосуна өзү балта чаап зыянга учурашы, тышкы жана ички терс карама-каршылыктардан улам жараян этет. Бул жерде карама-каршылыктар дегенди, адамды Аллага жакындатуучу эң жогорку адамдык сапаттар менен аны караңгылыктын туңгуюгуна кептей турган эң эле төмөн айбандык сапаттардын бир жерде биригиши деп түшүнүү абзел.

Демек, тарбия көрбөгөн жана жан дүйнөсү кандайдыр бир рухий ырахатка чөмүлбөгөн адамдардын ички дүйнөсү, жан-жаныбарлар, жырткыч айбандар баш калкалай турган токойго окшош. Алардын ар биринин мүнөзүндө, ар башка жаныбардын мүнөзү катылгандай. Кимдир бирөө түлкү өңдөнүп куу, амалкөй, кээ бири карышкыр сыяктуу жырткыч, дагы бирөөсү кумурскага окшоп эмгекчил, кээ бир адамдар болсо жылан өңдүү уу чачканды жакшы көрүшөт. Кээ бир кишилер акырын сылап-сыйпап туруп тиштеп алат, кимдир бирөө сүлүк курт сыяктуу кан соргуч. Булардын ар бири айбандарда дагы бар мүнөздөр.

Өз напсисинин торуна түшүп калган адам, напсисине рухий тарбия бермек түгүл, тилекке каршы мындай жат көнүмүш адаттардан кутулуп чыгып кете албайт. Кээ бир адамдарга бир гана жаныбардын, ал эми кээ бирлерине болсо бир канча айбандын мүнөзү ээлик кылат. Алардын баскан жолу, жүргөн жерлери, жоруктары бирдей болгондуктан, ал адам мындай айбандык кулк-мүнөзгө ээ экендигин өзү деле байкоого болот. Алардын кылык-жоруктары, кыймыл-аракеттери анын ички дүйнөсүн сырткы дүйнөгө чагылдыруучу күзгү сыяктуу.

Миңдеген инсандардын тирүүлөй көрүстөнү болгон пирамидалар, Фараондон бизге мураска калган варвардык эстеликтери болуп саналат. Тилекке каршы канчалаган адамдар тарабынан бул жана башка ушул сыяктуу нерселер айран таң калтырган, ажайып укумуштуудай тарыхый эстеликтер катары бааланып келет. Бирок бул нерселерге чындык көзү менен назар салган эч ким жок. Балким, чын эле бул нерселер адамдар бул жакта эле турсун, эң эле жырткыч, кутурган карышкыр, жолборс-кабыландардын дагы жүрөгүн түшүрө турган жырткычтык, мыкаачылык, варвардык калдыктар болуп жүрбөсүн?

Эгерде кайсыдыр бир коомчулукту курбака мүнөздүү адамдар башкарса, анда ал коом жашаган аймак баткакка айланат. Ал эми жылан же кескелдирик мүнөздүү инсандар башкарса, элдин баарысы ууланып, ал коомдо террор, талап-тоноочулук, зордук-зомбулук көбөйүп, баш аламандык өкүм сүрөт. Бирок мамлекетти гүл сымал назик мүнөздүү адамдар башкарганда, мамлекет гүлзарга айланып, эл чыныгы бакытка жетип, бейпил турмушта жашаар эле.

Мына ошондуктан вахий тарбиясы адамзатка сөзсүз түрдө керек. Мындай тарбия көрбөгөн адамдар жанакындай мыкаачылыкка, таш боордукка барышпаса дагы же

жарамдуу, жакшы иштерди жасаса дагы алар ар дайым жат кулк-мүнөзгө ээ болушат. Анткени теңирий тарбиядан башка тарбиянын жыйынтыгында пайда болгон жакшынакай оң көрүнүштөр, кыймыл-аракеттердин баарысы тең убактылуу гана. Өзгөчө кыйынчылык учурларда жана напси максатына жетүү үчүн, болгон күчү менен күрөшүп жатканда теңирий тарбиядан насиби жок адамдардын ичинде катылып жаткан баягы жат, жаман мүнөзү айдан ачык пайда болуп чыга келет. Анткени тарбия көрбөгөн напси, чычканга өч мышыктын эле өзү. Бул мышык аябай даамдуу тамак жеп жаткан учурда дагы, бир чычканды көрүп калса, баягы тамагын таштап, чычканды көздөй жүгүрөт. Инсан дагы эгер теңирий тарбия көрбөсө, жан дүйнө чексиз ырахаттарды, сулуулуктарды каалап турса дагы, напси ошол мышык сыяктуу көзүнө көрүнгөн чычкандын аркасынан кууп жүрө берет. Ошентип отуруп напси акырында адамды караңгылыктын туңгуюгуна кептеп кетет. Фараон менен Намрут дагы, жанагы кичинекей чычкандын айынан канчалаган адамдардын убалына, каргышына калышпады?!

Теңирий тарбия, киши өлтүрүү бул жерде эле турсун, адамдын акысынан кыпындай дагы уруксаатсыз пайдаланбоо, жебөө керектигин, инсандын укуктарына карата, карышкырдан коркуп титиреп турган коен сыяктуу мамиле жасообузду буйурат. Буга Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыз эң сонун мисал болуп берүүгө татыктуу. Ал дарактын бир бутагын дагы сындырып койууга ыраазы болчу эмес эле. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) сахабалары менен Мекке шаарын колго алуу үчүн аттанып кетип бара жаткан кезде, жолдо күчүгүн эмизип жаткан итти көрүп, аны тынчсыздандырбоо үчүн, ошончо армияны жолдун тигил өйүзүнө өткөзгөн эле жарыктык! Дагы бир жерде Пайгамбарыбыз кумурскалардын уюгунун күйүп жатканын көрүп: «Бул ишке кайсы адамдын (акмактын) колу барды экен!?»-деп аябай жини келген экен. Мына ушундай аң-сезимге жуурулган Осмон мамлекети, Азирети Пайгамбарыбыздан калган ырайым жел аргысы менен элге кызмат кылууга, жаратылган макулуктун бардыгына аяр мамиле жасоого болгон күчүн жумшаган. Буга далил катары канчалаган Исламдык фонддор элдин камын көрүүгө жетишкенин көрсөтүүгө болот. Бул фонддордун арасында жадагалса жаныбарларга дагы кам көргөн фонддор болгон. Ошол доорлордо Осмон мамлекетине саякатка келген адамдардын бир топ эскерүүлөрү тарых беттеринде калган. Бул эскерүүлөрдө, мусулмандар жашаган аймактардагы ит-мышыктар адамдарды айланчыктап эч коркпой эл аралап жүргөндөрү, ал эми башка аймактардагы ит-мышыктар кишини көрсө эле жырткыч көргөндөй болуп качкандыгы айтылат.

Бул эскерүүлөр коомдогу элдин кандай түшүктө болгондугун жана кандай тарбия менен өскөндүгүн даана, ачык-айкын айгинелеп тургансыйт. Адам өлтүрүп, кан соруп жерди канга боёгон дагы инсан, каны аз адамга өз канынан берип, ал адамдын жанын аман эсен алып калууга себепчи болуп, ага гүл сунган дагы инсан!..

Кандай гана сырдуу! Бул дүйнө жашоосунда, оң жана терс мүнөздөгү адамдардын бир жерде жашап жүрүшкөнү таң калычтуу!? Бул жагдай азоо, жылкынын жанына жаңы туулган козуну байлап койуу сыяктуу. Жашоодо тырышчаак, кессе кан чыкпаган сараң адам, жоомарт, айкөл адам менен; наадан аалым менен; мээрман, заалым-зөөкүр менен кошуна болуп жашаганын көрөсүң. Сараң киши негизинен ырайымсыз, коркок жана жалкоо болот. Ал эми жоомарт, март адам болсо, мээрман, кийи пейил жана эмгекчил келет. Акмак наадан инсан аалымдын айтканын түшүнбөйт, түшүнгүсү дагы келбейт. Заалым киши өзүн адилеттүү адаммын деп ойлоп, элге зордук-зомбулук колдонот. Кыскасы, периште сыңдуу адамдар менен шайтан кишилер бир жерде жашап жатышы өзүнчө эле сыр. Биринчиси Алланы таанып, Ага кул болууну эңсеп, Анын ыраазылыгына

ээ болуу үчүн жан үрөп жүрсө, экинчиси болсо, айбандык мүнөзү менен достошуп, напсиге кул болуп, анын ээлик кылуусу менен гана аракет кылып жүрөт. Бул экинчи адам, жашоону бир гана жеп-ичүү, шакабат, ырахат, байлык-бийлик, мансап жана башка ушул сыяктуу нерселерден гана тураарын ойлойт.

Негизи, мындай бири-бирине терс мүнөздөгү адамдардын бир дүйнөдө жашащы бул-эң оор сынак. Адам баласы бул сынактан өтүшү керек. Бул дүйнө сынагынан ийгиликтүү өтүп Теңирий ырайымга жалгашуу, адамдын алдына койгон эң биринчи максаты болушу керек. Ошондуктан бактылуу болгусу келген адам, жаман кулк-мүнөздөрүн, жосунсуз жоруктарды таштап, Кудай Тааланын гана ыраазылыгына дал, ылайык келген сапаттарга ээ болуп, адамдык ариет, ар намысы менен өмүр сүрүүсү керек.

Алла Таала Адамга рухту өзү берип, денесин топурактан жараткан. Мына ошондуктан адамдын руху Аллага кайтат да, ал эми денеси болсо топуракка айланат. Инсандын денеси башка жандуу-жансыздардагы кээ бир өзгөчөлүктөргө дагы ээ. Ошол себептүү адам өзүн-өзү рухий тарбияга салып, напсисин ар түрдүү терс көрүнүштөрдөн көзөмөлдөп, жанды эң даамдуу рухий азыктар менен азыктандыруусу зарыл. Антпесе, сырттан шайтандын азгырыктарынан, ал эми ичтен напсинин каалоолорунан кутула албай калат. Бул учурда рухтун күчү азайгандан азайып отуруп, акырында эч кандай таасирге, күч-кубатка эгедер болбой калат.

Курани Каримде мындай деп айтылат:

**«Жанга жана аны максатына жараша жаратып, анан аны ээн баштыкка-итаатсыздыкка да, такыбаалыкка да шыктандырган Затка ант болсун! Чындыгында аны** (тактап айтканда өз напсисин-жанын ыйман жана такыбаа менен) **тазалаган киши кутулду. Жана ал** (жанды бузукулук-итаатсыздык менен) **көмүп кордогон адам натыйжасыз болду.»** (Шамс, 7-10)

Бул аятта айтылган инсандын ички дүйнөсүндөгү баш ийбөөчүлүк, ээн баштыкты жана такыбаалыкты Азирети Мавляна мындайча сүрөттөйт:

*«Эй жолоочу! Чындыкты үйрөнөм десең, Муса дагы, Фараон дагы өлгөн жок. Алар бүгүн сенин ичиңде жашап жатат. Сенин ичиңе, жан дүйнөңө кирип, дагы деле болсо ортолорундагы салгылашуу, күрөшүү жүрүп келет! Мына ошондуктан сен, ал экөөнү тарых баракчаларынан эмес, өзүңдүн ичиңен издешиң керек!»*

Азирети Мавлянанын дагы бир катар учкай кептеринен:

*«Денени ашыкча азыктандырба! Анткени ал акыр аягы топуракка берилүүчү курмандык. Сен, эң негизгиси көңүл дүйнөңдү жакшылап кара! Бийик, жогору жакка баруучу жана теңирий ырайым менен шарапаттана турган нерсе, мына ошол сенин жан дүйнөң!»*

*«Денеңе бал, каймак өңдөнгөн нерселерди аз бер! Себеби аны ашыкча азыктандырган адам, акырында напсинин торуна түшүп, өкүнүүчүлөрдөн болуп калат.»*

*«Жан дүйнөңө рухий даамдардан көбүрөөк бергин! Ага сергек ой-жүгүртүү, терең түшүнүк жана рухий азыктардан бер, рухуң бара турган жерине кыйналбай, күчтүү болуп жетсин!»*

Тарбия көрбөгөн напси, тамыры чирип калган даракка окшош. Тамыры чирип калган даракты анын бутактарынан, жалбырактарынан жана мөмөлөрүнөн байкоого болот. Эгер жүрөк-көөдөндө ушундай оору бар болсо, дененин кыймыл-аракеттеринен анын залакасы байкалып турат. Бул ооруунун сөзсүз түрдө даарылоо керек. Маселен рухий оорууга кек сактоо, ичи тардык, бой көтөрүүчүлүк, текебердик өңдөнгөн тетири сапаттар

кирет. Мындай терс сапаттардан арылуу үчүн эң биринчи Алла ыраазы боло турган туура-ак жолдо жүрүү зарыл.

Инсан өз кишилигин, Алла Тааланын ыраазылыгына ылайыктуу түрдө жөнгө салуу үчүн эң негизги эки шыкка ээ; үлгү алуу жана ээрчип жүрүү.

### Үлгү алуу жана ээрчүү

Адам баласы бул дүйнө менен жүз көрүшөөрү менен эле ар жаатта кайсыдыр бир үлгүгө муктаж. Анткени ал дүйнөгө келгенде акырындык менен өзүнүн тили, дини, каада-салти, үрп-адаттары менен таанышып, мына ошолордун негизинде жашайт. Бул нерселерди өзү эле үйрөнө албайт. Ага мындай улуттук дөөлөттөрдү өзүнүн ата-энеси, айлана-чөйрө, коом үйрөтөт. Ал бул баалуулуктарды кандайдыр бир үлгүдөн көрүп же угуп ал нерселер менен таанышат. Маселен, ата эне кайсы тилде сүйлөсө бала дагы ошол тилде сүйлөп чыгат. Адамдын илим алуусу жана алган илимин элге жугузуусу анын табиятында бар болгон нерсе. Бул нерселер үйрөнүү ээрчүү, үлгү алуу жолу менен гана ишке ашат. Бала үй-бүлө, коом жана айлана-чөйрөдөн алган таасирлердин негизинде, өзүнүн жөндөмүнө жараша оң же терс кишиликке ээ болуп чыга келет.

Негизи, адам өз тилин жана башка ушул сыяктуу нерселерди үйрөнүүдө эч кандай деле кыйынчылык тартпайт. Бирок ал диний, адептик жана рухий дөөлөттөргө байланышкан касиеттерди жеңилдик менен үйрөнө албайт. Анда чоң тоскоолдуктар жана кедергилер бар. Анткени бул дүйнө- сынак жашоо. Андай болбосо сынактын эч кандай мааниси жок болоор эле да. Алла Таала адамды сыноо максатында напсиси жана шайтан сыяктуу кедергилер жараткан. Булар адамды рухий, диний дөөлөттөрдөн оолак кылууга болгон күч-аракети менен жан үрөшөт. Ал эми адам болсо мына ушундай тоскоолдуктарды Жараткан көрсөткөн жол менен жеңип чыгып кетиши керек.

Адам баласы табиятындагы ээрчүү жана үлгү алуу жөндөмү себептүү оң же тетири жол баштоочу кабылдап, өзүнүн дарамет-шыгына жараша анын изинен чыкпай жашоого кайраттанат. Ошондуктан анын жан дүйнөсү, пайгамбарлар же болбосо Алланын сүйүктүү пенделери тарабынан шыктандырылмайынча ал капилеттиктен, караңгылыктын туңгуюугунан, , туура эмес жолдун сормо сазынан, баткагынан чыга албайт. Ошентип ал өз каалоосу менен өз жашоосуна өзү балта чаап, айласыздан бактысыздыкка баш байлайт. Тилекке каршы бүгүнкү күндө дагы мына ошондой сормо саздардан чыга албай, рухий караңгылыктын түбүнө түшүп кеткен белгилүү кишилерди өздөрүнө идеал, үлгү катары кабылдап, ал адамдардын кишилигине жетүү үчүн жан үрөп жаткан адамдар дагы жок эмес. Кандай гана аянычтуу! жүрөгүндө ыйманы бар адамдын жүрөгүн түшүргөн мындай сук, укумуштуудай жагдай, баягы адам көөдөнүндөгү кандайдыр бир боштукту толтуруу үчүн, туура эмес багыт алып, зыянга учурашынан башка эч кандай жыйынтык алып келбейт. Мавляна -куддиса сиррух- бул сук, жат көрүнүш туурасында сөз учугун минтип улайт:

*«Карышкырдан качкан козуга таң калуунун эч кажет деле жок. Анткени карышкыр козунун эң биринчи душманы жана аңчысы. Бирок бул жерде таң калтыра турган нерсе, козунун карышкырга өз каалоосу менен жем болуп берүүсүндө болуп жатат.»*

Мына ошондуктан адамзаада ар дайым жан дүйнөсү кең, жүрөгү жумшак мыкты жол башчыларга, Алланын сүйүктүү пенделерине муктаждыгы бар.

### Үлгүлүү инсандар-пайгамбарлар

Адам баласынын кимдир бирөөнү идеал, үлгү тутуусу табиятындагы нерсе болгондуктан ал үчүн эң мыкты үлгүлөрдү таап алардын изинен жүрүү өтө маанилүү. Мына ошондуктан ырайымы мол, боорукер Алла Таала адам баласына ыйык китептерин гана түшүрүп койбостон аны менен кошо жандуу китептер деп эсептелген жана миң бир түрдүү эң жогорку сапаттарга ээ пайгамбарларды жөнөткөн. Алар ар тараптан эң мыкты өрнөк инсандар. Бардык пайгамбарлар адамбаласына таандык эң бийик, жогору баасы бычылгыс касиеттери менен бүтүндөй инсаниятка эң изги үлгү боло алышкан.

Адилеттүүлүк, сабырдуулук, боорукердик, ырайымдуулук, такыбаалык, ак пейилдик, кичи пейилдик, сыпаалык пайгамбарлардын эң алдыңкы изги сапаттарына кирет. Арийне, дүйнөдө адилеттүлүктүн өкүм сүрүшү, инсандардын жүрөктөрүнүн ортосунда кандайдыр бир жылуу сезимдин пайда болушу же кайсыдыр бир коомдогу байлардын, кедейлерге боорукердик сезим менен жардам бериши, алдуулардын алсыз адамдарды коргошу, дени сактар оорулуу адамдарды зыярат кылып, көңүлдөрүн көтөрүшү жана башка ушул сыятуу оң көрүнүштөр пайгамбарлардын жана пайгамбарлардын изинен жүргөн мыкты инсандардын эмгегинин натыйжасында гана жүзөгө ашат. Муну эстен чыгарбообуз абзел.

Азирети Адам жана Обо Эне бейпил жана бактылуу жашоо үчүн бүгүнкү Мекке шаарында алгачкы ибадаткананын (Каабанын-сыйынуучу жайдын) пайдубалын тургузушкан. Андан кийин жашоонун шарттарына ылайык адам баласы убакыттын өтүшү менен жер жүзүнө жайылган. Коомдо калыптанып калган диний түшүнүктөр убакыттын өтүшү менен адамдар тарабынан бурмаланып, эл туура жолдон чыгып бузукулук, баш аламандык пайда боло баштаган сайын пайгамбарлар жөнөтүлүп турган. Ошентип пайгамбарлар элди ак менен караны, арам менен адалды айырмалоого чакырып, анын жыйынтыгында бир топ инсандар туура жолго түшүп, диний жашоолорун улантып келишкен. Мына ушинтип адамзаада теңирий ырайым менен ар түрдүү баш аламандыктардан, бузукулуктардан, караңгылыктардан жарыкка чыгып акыр заманга жетип келишти.

Акырында дүйнөгө бакыт доору- «Асры саадат» кирип, дүйнөнү бир башкача шаңга бөлөп Пайгамбарыбыз Мухаммед бул дүйнө менен жүз көрүштү. Мухаммед Мустафанын (саллаллаху алейхи васаллам) келиши менен диний жашоо толукталып, эң мыкты жаңыча жашоо туу чокусуна жетти. Мындан кийин эми эң мыкты диний жашоону элестетүү мүмкүн эмес. Анткени пайгамбарлардын акыркысы эң изги үлгүлүү инсандын жөнөтүлүшү менен дин толукталды. Андан кийин динди жаңылоонун эч кандай кажети жок. Ошентип Алла ыраазы болгон дин Ислам болуп калды.

Мына ошондуктан жамы адамзаадага эң мыкты үлгү, эң изги өрнөк Мухаммед Пайгамбарыбыз болуп саналат. Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам)дын баскан изинен чыкпай жүрүүдөгү жетишкендик, ийгилик эч шек-күмөнсүз, ага чын жүрөктөн жан дилибиз менен болгон сүйүүбүзгө, урмат-сыйыбызга байланыштуу.

## Аны канчалык даражада сүйөбүз?

## Жан дүйнө жана акыл

Улуу Жараткан Алла Таала адамзааданы рухий жактан дагы материалдык жактан дагы эң мыкты түзүлүшкө ээ кылып жараткан. Асманда жана жерде эмне бар болсо, мына ошолордун бардыгы адамдын кызматына белек катары тартууланган. Бул нерселерди терең ой-жүгүрткөн адамдар гана толугу менен аңдап түшүнүүсү мүмкүн.

Кудай Таала ыроологон сансыз, баасы бычылгыс нематтар жөнүндө терең ойго батуу жана ошол нематтардын берилиш максатына жараша бир бүтүмгө келүү бул-биз адамзааданын эң чоң озуйпасы, деп билишибиз керек. Өзгөчө мына ушул жүрөк-көкүрөк ааламыбызды жана акылыбызды эң туура багытта пайдалана билүүбүз кажет.

Акылды канткенде эң туура колдонууга болот?

Акыл, напсинин торуна түшүп, анын туткунуна айланбашы керек, тетирисинче Теңирий акыйкат, чындыктарды аң-сезими менен аңдап, адам өзүн сынак жашоосунда өмүр сүрүп жаткандыгын эч качан унутпоосу зарыл.

Ал эми көкүрөк ааламын Теңирий багытка кантип салууга болот?

Көкүрөк аалам бул, Улук Жаратканга чыныгы жан дил менен ашык болуунун жайы катары каралат. Теңирий аруу жай. Ошондуктан көөдөн, жан дүйнө ар түрдүү рухий ыпластыктардан оолак, таза болуп, ибадат, зикир жана тасбихтер менен кооздолуп, саймаланышы керек. Алланын алдына таптаза жан дүйнө менен, аруу жүрөк-көөдөн ааламы менен барууга аракет кылуу ар бир момун мусулман баласынын көксөгөн максаты болушу керек. Мына ушундай аң-түшүнүккө ээ болуп, анын иш-жүзүнө ашуусу үчүн бизге:

## Жападан жалгыз эң мыкты Үлгүлүү инсан- Азирети Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам)

Улуу Кудай Таала биз инсандарды аябай жакшы көргөндүктөн бизге эң туура-түз багытты көрсөтүү максатында пайгамбарларын жөнөткөн. Пайгамбарыбызга чейин 124 миң пайгамбар адамзаадага белек катары келип жашап өткөн. Бул дагы болсо Алланын бизге болгон ырайымынын, мээримдүүлүгүнүн, сүйүүсүнүн айкын көрүнүшү. Алла Таала эң жакшы көргөн, эң эле сүйүктүү, эң мыкты, тандалган пайгамбарын, пайгамбарлардын эң акыркы мөөрү, акыркы элчиси кылып койду. Пайгамбарларын ар кайсы коомчулуктарга жөнөтүлүп, ошол жиберилген элди туура жолго үндөп, озуйпаларын орундатууга аракет кылып жатышты. Алла Таала Пайгамбарыбыз Мухаммедди, бүткүл жер шарына, жамы адамзаадага жана жин ааламына пайгамбар кылып жөнөттү. Бул дин кыямат күнүнө чейин созула турган убакыт бою өз өкүмдөрүн, мыйзам-эрежелерин сактап барат.

Алла Таала дүйнөдө каапырдык жана наадандык күч алып, бузукулук, зордук-зомбулук, баш аламандык пайда болгон мезгилде Мухаммедди -(саллаллаху алейхи васаллам)д- адамзаадага туура жолду көрсөтүүчү, караңгылыктын туңгуюгунан чыгуу үчүн нурдуу шамчырак катары тартуулап берди. Ал биз адамзатка ырайым пайгамбары, эң чоң немат жана белек катары ыроолонду.

## Эң чоң мужиза

Жараткан Алла Таала, Мухаммед Пайгамбарыбызга теңдеши жок эң чоң мужизаны ыроолоп берди. Бул-Куран-и Карим. Кураны Карим бул- сөздөрдүн эң көркөмү, эң эле нускалуусу, эң эле маңыздуусу, эң эле сулуусу жана Алланын сөзү болгондугун жана Пайгамбарыбыздын чыныгы пайгамбар экендигин Куран аяттары ушул күнгө чейин тастыктап келет жана кыямат күнүнө чейин дагы тастыктап барат. Кыяматка чейин жашап өткөн адамзаада Мухаммед Пайгамбарыбызга ыроолонгон бул теңдеши жок мужизаны көрүп, аны менен жакындан таанышат. Бул талашсыз чындык.

Азирети Пайгамбарыбыз өз доорунда, Курани Каримдин негизинде «Асры Саадат»-деген эң мыкты, эң шарапаттуу коомчулук түзө алды. Дүйнөдө андай коомчулук

болгон эмес, болбойт дагы. Ал теңдеши жок коомчулук. Анткени мына ошол доордо, караңгылыктын туңгуюгуна кептелип жашап жаткан адамзатынан, башкача айтканда Тынч океанынын эң тереңинде жаткан элден, Гималай тоо кыркасынын эң эле бийик чокусу болгон Эверест чокусунан дагы бийик мартабаларга эргеше алган коом чыга келди. Жаңы төрөлгөн кыз наристелерин тирүүлөй көмүүгө дарамети жеткен коомчулук, Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) тарбиясы менен, берекеси жана руханияты менен тээ алыстагы Тигр дарыясынын жээгинде кароосуз калган козунун карышкырга жем болушуна дагы ичи ачышкан, ыраазы болбой тургандай даражадагы мээрим, ырайым, боорукердик жана жоопкерчилик өңдөнгөн эң мыкты, эң эле айоо сезимдерге толо көкүрөк, көөдөн ээлери болууга жетише алышты. Мына, бир эле ушул ийгилик, Мухаммед Пайгамбарыбыздын кишилигинин жогорулугун, улуулугун, бийиктигин жана Анын «усва-и хасана», тактап айтканда адамзаадага эң мыкты үлгүлүү инсан болгондугун байкоого жетиштүү.

### Азиз адамдар күндү көрө албайт.

Эгерде көз сокур эмес болсо Аны сөзсүз түрдө көрөт. Эгерде көз чалдыр эмес болсо, Андан эч кандай кемчилик таба албайт. Башкача айтканда Ага кандайдыр бир кемчилик таңуулоого аракет жасагандар, чындыгында өздөрүнүн алсыздыгын, ката ишке киришкендиктерин, жаңылыштыгын көрсөтүп жатышат. Тарых баракчаларында, пайгамбарларга көрсөткөн коомчулуктардын канчалаган кордуктары, зордук-зомбулуктары жазылып калган. Анткени пайгамбарлар жан үрөп жайууга далбас урган Теңирий чындыктар, буйрук-жарлыктар кээ бир инсандардын байлыгына, бийлигине, мансабына туура келбегендиктен, ал эми кээ биринин напсисинин арзуу-каалоолоруна каршы болгондуктан аларга оор келген. Мына ошондуктан алар мындай ырахат жашоодон, напсинин күнүмдүк жагымдуу азгырыктарынан кол жууп калуу коркунучунан улам, өздөрүндөгү кемчиликтерди, терс жосунсуз жоруктарын пайгамбарларга таңуулоого аргасыз болушкан. Ошондуктан бүгүнкү күндө дагы Азирети Мухаммед Пайгамбарыбызга жана дин Исламга таңууланып жаткан ар түрдүү жалаалардын баары, чындыгында ошол ооздоруна алы жетпеген акмактардын өздөрүнө таандык адепсиздигинен, адамдык касиетинин төмөндүгүнөн, адамгерчиликсиздигинен, бетбактыгынан улам айтылып жатат.

Ар бир жандуу өз жашоосун өз табиятына жараша, жашоого болгон көз карашынын, түшүнүгүнүн негизинде өткөрөөрү жалпыга маалым. Инсан бул эрежеден тышкары чыга албайт, мүмкүндүгү жок! Бал аарысынын азыгы жана эс алуу жайы, гүл болгондуктан, анын гүлсүз жашоосу мүмкүн эмес, деген эле кеп. Бийик касиетке ээ рухтар, Мухаммед Пайгамбарыбыздын руханиятынан азыктанышат, ал эми ыпластыктарга толо рухтар болсо рухий ыпластыктар менен күн көрүшөт.

Азирети Абу Бакир -Алла ага ыраазы болсун- кээде Пайгамбарыбыздын ыйман нуру чачырап турган жүзүн карап: «Оо Жараткан Алла! Бул эмне деген жүз!»-деп айран таң калаар эле. Негизи бул жерде Абу Бакирдин минтип таң калуусунун себеби, өзүнүн ички дүйнөсүн ошол күзгү-жүздөн карап жаткандыгында эле. Абалы, Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) :

«Абу Бакирдин мал-дүйнөсүнөн пайдалангандай эч кимдин мал-мүлкүнөн пайдаланган жокмун!»-дегенде, Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) ыйламсырап:

«Мен жана мал-дүнүйөм, бир гана сен үчүн эмеспизби, эй Алланын Элчиси!?» (Ибн Маажа, Мукаддима, 11) –деп, өзү менен кошо мал-мүлкүн дагы Алланын акыркы

Элчисине арнагандыгын жана аны жан дили менен Алланын ыраазылыгы үчүн сүйгөндүгүн ачык айкын айта алган. Ошондуктан анын жан дүйнөсү Пайгамбарыбыздын руханиятын чагылдыруучу күзгүгө айланган.

Ошондой эле Алланын жана акыркы Элчинин биринчи душманы Абу Жахил дагы, ошол нурдуу жүздөн жүрөгүнө башкача из калып, таасирленип, андагы сулуулуктан айран таң калаар эле. Себеби ал дагы Мухаммед Пайгамбарыбыздын жүзүнөн өзүнүн ички ааламын ачык даана көрүп турган (рухий өңүттө). Чындыгында эле Пайгамбарлардын жүздөрү күзгү сыяктуу болгон. Бул күзгүдөн ар ким өзүнүн ички дүйнөсүн көрө алган! Күзгү адамдын бир жерин чоң же кичине, же болбосо сулуу же сулуу эмес кылып көрсөтпөйт. Ал адамдын кебетеси кандай болсо ошондой көрсөтүп турат.

Дин Исламды өз коопсуздугуна, коргоосуна алган Улуу Кудай Тааланын момун-мусулман пенделерине, Куранга, Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) бут тосуп, тоскоол болуп, аларды жаман атты кылууга жан үрөп аракет жасагандар эртели-кеч теңирий азапка дуушар болушу бышык.

Караңгылыктын туңгуюугунда бейкапар жылан өңдөнүп соймолоңдоп, уулуу тиштери менен чагып алууга далбас ургандар, көкүрөгүндө Пайгамбарыбыздын руханиятынан насиби бар, жүрөгүндө кири жок таза мусулман пенденин жүрөгүн сыздатпай койбойт.

Ошондой эле адамзаадага ыроолонгон акыйкатты көрүүгө жарамдуу көкүрөктү, сезимди жок кылуу адамдын колундагы иш эмес. Динсиздикти кандай жол менен болсо дагы;(зулумдук, зордук-зомбулук, кыйноо жана башка жолдор менен) жайууга канчалык аракет жасалып жатса дагы, диндин, жүрөктүн, сезимдин түпкүрүндө орун алган рухий үрөөндөрдүн өнүп, өсүп чыгуусуна тоскоол болуу мүмкүн эмес. Пенденин өз Жаратканына жакындоо муктаждыгына эч ким жолтоо боло албайт. Табиятыбызда болгон мындай нерселерди эч ким жогото албайт. Анткени адамзаадандын динге болгон муктаждыгы, тактап айтканда өзүнөн жогору, бийик Жаратканга жалынып-жалбарууга, кечирим тилеп жакындоого жан үрөп аракет кылуу муктаждыгы Алланын өзгөргүс эрежелеринин катарына кирет.

Азирети Мавляна, акыйкатты көрүүгө көөдөн көзү жабык, Теңирий мыйзамды четтетүү үчүн кайрат кылган капилеттеги адамдарды мындайча сүрөттөйт:

*«Биз жашап жаткан дүйнөгө нурун чачып жарык берип турган күндү жокко чыгаруу же болбосо андан кандайдыр бир кемчилик издөө бул- «менде көз жок же менин эки көзүм тең көр, азиз, чылпак»-деп өзүнүн жакшынакай эле көрүп турган көзүн айыптоого, танууга окшош.»*

Адам баласы, Пайгамабарыбызга кандай ыраазычылык билдирүүнү ойлонуп, кадам ташташы керек. Анткени Пайгамбарыбыздын бул дүйнө менен жүз көрүшүнөн тартып, кош айтышканына чейинки убакыттын ичинде адамзааданын камын ойлоп, аларды туура жолго салууга жасаган аракеттерин эстен чыгарып койгон акыл же аң-сезим ал- аң сезим эмес.

Азирети Мухаммед Мустафанын (саллаллаху алейхи васаллам) биз инсаниятка болгон сүйүүсү, кайсыдыр бир эненин же атанын уулуна болгон сүйүүсүнөн дагы жогору болгон. Ал жарыктык зат: *«Эч бир жан, мен сыяктуу корккон эмес, кыйынчылыкты, зордук-зомбулукту башынан өткөргөн жок жана мен сыяктуу эч ким ач калган эмес, (ач калбайт дагы.)»* (Тирмизи, Кыямат, 34, 2472) дейт куттуу хадистеринин биринде. Ошону менен бирге Анын жан дүйнөсү бул нерсеге эч кыжалат болгон эмес. Бирок үммөтү тарткан кыйынчылыктар, Анын жүрөгүн түбү менен омуруп, жулуп алгандай эле болоор

эле. Ал ушундай мээримдүү, ырайымдуу, боорукер ар дайым биз адамзаттын камын ойлогон пайгамбар болгон. Ал, бизди курчап турган дүйнөдө күнөөлөрүбүздүн кечирилиши, тозоктон кутулуубуз жана эки дүнөдө тең бейпил өмүр сүрүүбүз үчүн Аллага жалынып сурангыны аз келгенсип, кыямат-сурак күнү Арштын алдында дагы бизди ойлоп, саждага жыгылып, бизге шапаат кылуу үчүн Улуу Жараткан Алла Тааланын алдында, дуба кылып, дубасы кабыл болгонго чейин мубарек көзүнүн жашы менен жалынып жалбарат... [48]

Бул дүйнөдө дагы, акыретте дагы биздин камыбызды ойлоп бизге шапаат кылуу үчүн болгон күчүн жумшап жан үрөгөн Пайгамбарга канткенде татыктуу үммөт, ошол Пайгамбар эңсеген мусулман боло алабызбы? Анын ишеничин, эмгегин канткенде актай алат экенбиз? Бул нерселер ар бир момун-мусулмандын жүрөгүн өйүп, сыздатышы керек. Мына ошондуктан эч бир мусулман баласы бул нерселерди эстен чыгарбай ар бир кадамын ойлонуп туруп ташташы зарыл.

## Сүйүүнүн торуна чалынган адам сүйгөнүнө моюн сунат

«Адам, сүйгөнү менен биргеликте болот»-деп айтылып келет хадистердин биринде. (Бухари, Адаб, 96) Биз Пайгамбарыбыз Мухаммедди (саллаллаху алейхи васаллам) канчалык сүйөт болду экенбиз? Албетте бул сүйүүнү, сүйгөн адам менен сүйүлгөн заттын ортосунда болгон байланыш аркылуу байкоого болот. Ал адам сүйгөнү менен сөздө, кыймыл-аракетте, түшүнүктө, аң-сезимде, ишенимде жана жашоо образында биргеликте айкалышып турушу кажет. Эгерде сүйүүдө мындай биримдик жок болсо, тагыраак айтканда сүйгөн адам сүйгөнүнө карама-каршы кадам таштаса, ал аны сүйбөйт деген тыянак чыгат. Анысы сыңарындай, бүгүнкү күндө биз мусулман катары Пайгамбарыбызга болгон сүйүүбүз кайсы даражада? Анын сүннөт иштерин чын эле толугу менен орундатууга аракет жасап жатабызбы? Бала-бакырабыз жана кошуна-колоңдорубуз менен Пайгамбарыбыз тууралуу ой-пикир бөлүшүп, сөз козгоп жатабызбы?!

## Анын баскан изинен чыкпай жүрүү үчүн көкүрөктүн тарбияланышы зарыл.

Ушул жарык дүйнөдө жана сурак майданында- махшарда бакытка жетүү үчүн, жашообуздун ар бир ирмеминде Азирети Пайгамбарыбызды өзүбүзгө үлгү катары кабыл алышыбыз кажет. Ал бизге социалдык жашоодо, кызмат жеринде, окуу жайында, үй-бүлөлүк күнүмдүк турмушта дагы үлгү, өрнөк, идеал болуп берүүгө татыктуу. Ал эң төмөнкү даражадагы адамдардан тартып эң жогорку даражага чейинки жамы адамзаадага жалгыз гана өзү гана мыкты үлгү болууга татыктуу, ыйгарымдуу инсан!... Аны өзүбүзгө кантип үлгү катары кабыл алышыбыз керек? же Тарых баракчаларынан окуу менен элеби? Жок. Көкүрөк дүйнөбүздү ошол үлгүнүн жашоосу менен саймалап, кооздоо жолу менен..... Кудай Таала мындай сайманын жол-жобосун, эрежелерин Ахзаб сүрөсүнүн 21-аятында ачык-айкын билдирет:

«(эй момундар!) **силер үчүн-Алла жана Акырет күнүнөн үмүткөр болгон, ошондой эле Алланы көп эскерип, жат-зикир кылган кишилер үчүн Алланын пайгамбарынын** (ыйман-ишениминде жана кулк-мүнөзүндө) **көркөм өрнөк бар.**»

Демек биринчи жобо: Алла Тааланын ыраазылыгына ээ болуп, Анын ырайымынан үмүткөр болуу. Алланын алдында суракка тартыла турганыбызды эч качан эсибизден чыгарбай, Алланын ыраазылыгына туура келген иш-аракеттер менен алектенүү.

Экинчи жобо: Акырет күнүнө ишенүү: белгилүү гана убакытка, сынак жашоого жиберилгенибизди билип, чектен чыгып кетпөө. Бул жобону Азирети Мавляна кандай гана сонун сүрөттөйт:

*«Дүйнө жашоосу деген бул- түш. Дүйнөдө байлык, мал-мүлккө ээ болуу- түштө кандайдыр бир казына таап алганга эле окшош. Дүйнө мал-мүлкү урпактан урпакка өтүп олтуруп, акыр аягы бул дүйнөдө гана калат.»*

Ошондуктан өзүбүздүн сынак жашоодо өмүр сүрүп жатканыбызды эч качан унутпашыбыз керек. Мына ушундай жолдор менен напсинин каалоолоруна, азгырыктарына жол бербей, көкүрөк дүйнөбүздү саймалап кооздошубуз зарыл. Акырет биз үчүн ырахат, бейпил жашоо тартуулай тургандай адеп-ахлакка, кулк-мүнөзгө, ишенимге ээ болуубуз керек. Ошондуктан «эң мыкты үлгүлүү инсан» -Пайгамбарыбыздын жашоосун өзүбүздүн жашообузга чагылдырууга болгон күчүбүздү жумшашыбыз эң туура кадам. Мына ошондо гана Алла Таала бизди бейишке киргизип, Өзүнүн Жамалын көрсөтүүгө убада кылат.

Үчүнчү жобо: Алла Тааланы көп-көп зикир кылуу: Жүрөк ар дайым Алла Таала менен бирге болушу керек. Канча убакытка чогуу болуу? Мунун жообу төмөнкү аятта даана айтылат: «Өйдө туруп турган кезде, отуруп турган кезде, жаткан кезде».-дейт. (Аали Имран, 191) башкача айтканда ар бир көз ирмемде Аны менен чогу болуу... ар дайым Теңирий тасмага тартылып жатканыбызды сезе билүү.... Жараткан Алла бизге күрөө тамырыбыздан дагы жакын. Ал эми бизчи? Биз Ага канчалык жакынбыз? Мына ушундай жакындык, ымала, байланышты түзө билүү үчүн Пайгамбарыбыздан эң мыкты үлгү алып калышыбыз керек.

## Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын аброю, баркы жана биз

Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) баркын түшүнүп, кадырына жетмейинче Аллага туура багыт ала албашыбыз бышык. Арийне, Жараткан Алла, Куранда Азирети Пайгамбарга берген кадыр-барк тууралуу мындай дейт:

**«Албетте Алла да, анын периштелери да пайгамбарга дуба жана салам айтышат. Эй момундар, силер дагы ал затка дуба жана салам айткыла!»** (Ахзаб, 56)

Алла Таала дагы Пайгамбарыбыздын амандыгын, тынчтыгын тилейт. Кудай Таала жандуу-жансыздардын арасынан эң сүйкүмдүү, сүйүктүү пендеси Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) өзү дагы, периштелер дагы салам-дуба кылат. Биз бул иштин жүзөгө ашышын көкүрөгүбүз, аң-түшүнүгүбүз менен аңдашыбыз мүмкүн эмес. Кудай Таала өзү жараткан пендеге кантип салам-дуба кылат? Бул жаатта ар кандай ой-пикирлер, көз караштар бар. Бирок бул нерсе Жараткан Алланын илимине гана таандык. Муну Теңирий сыр катары кабылдообуз абзел. Ошондой эле Пайгамбарыбыз бардык жаратылгандардын арасынан Алла Тааланын эң сүйүктүүсү, Өзүнө эң жакын пендеси болгондугу талашсыз чындык. Кудай Таала бул нерсеге биз инсандарды буйуруп мындай дейт:

**«Эй момундар! Силер дагы ага көп-көп салават-дуба кылгыла жана чын көңүлдөн салам айткыла!»**

Пайгамбарыбызга салават жана салам айтууну тилибиз менен гана орундатуу жетиштүү болбойт. Ар бир кыймыл-ишибиз ага салават жана салам түрүндө болушу керек. Үй-бүлөлүк жашообузда, иштеген жерибизде, эл арасында, иши кылып жашообуздун ар бир көз ирмеминде Азирети Пайгамбарыбызга салават жана салам айтууга ылайыктуу, татыктуу түрдө ишке ашышы кажет. Маселен, «мен мусулманмын»-

деген адам ойлонушу керек; Алланын акыркы Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) тирүү болгондо азыркы ушул менин үй-бүлөлүк жашоомо, соодама, эл менен болгон ымалама, кошуналарым менен болгон мамилеме ыраазы болоор беле? Балдарыма берген тарбияма ыраазы болоор беле? Окуган намазымды, кармаган орозомду, барган ажылыгымды көрүп туруп, Алланын эң сүйүктүү пендесинин нурдуу жүзүнөн кичине болсо дагы жылмайуу пайда болоор беле?...

Бул суроолорду бүгүн өзүбүзгө өзүбүз берип, напсибизди суракка тартпасак, тарбияга салбасак эртең кеч болуп калаары толук ыктымал. Кыямат күнү ар бирибизге:

**«Китебиңди** (бул жашоодо кылган амал-иштериң жазылган дептериңди) **оку! Бүгүн сени суракка тартуу үчүн өзүңдүн эле напсиң жетиштүү болот.»-** деп буйрук берилет.

Ошондо амал дептерибизден көмүскөдө, жашыруун түрдө жүзөгө ашкан ар бир ишибиз ачыкка чыгат. Өзүбүздүн жашообузду баштан аяк көрөбүз. Намазыбызды кандай окуптурбуз? Орозобузду кандай кармаптырбыз? Тышкы кебетебиз менен гана окудукпу же чын жүрөк менен, жан дилибиз мененби? Дүйнөдө Алланын баасы бычылгыс нематтарын кандай пайдаланып, шүгүр келтириптирбиз? Бизге ыроолонгон рух, акыл, зээн, байлык, мал-мүлктү туура колдондукпу, алардын акысын, зекетин бердикпи? Канчасын ай-асманга- пайдасыз жактарга чачыптырбыз? Алланы жана Азирети Пайгамбарды канчалык даражада сүйүптүрбүз жана ошол сүйүүнүн натыйжасында канчалык Алланын жана Элчисинин адеп-ахлагына сиңип, Пайгамбарыбыздын жан дүйнөсүнөн канчалык даражада насиб алыптырбыз?

Булардын бардыгы тең эртең кыямат күнү өзүбүзгө жана ошол жердеги элдин баарына көрсөтүлөт. Бирок негизги маселе, бул жерде ар бир ишибизге, ар бир таштаган кадамыбызга көңүл бөлүп, бул нерселерди эч качан эстен чыгарбай, этияттык менен мамиле кылуу.

## Сүйүү жана адеп

Мүлдө инсаният сынак дүйнөсүндө өмүр сүрүп келет. Бул дүйнөнү-Теңирий сынак алынуучу мектеп десек да болот. Бул сынакта суралуучу эң маанилүү суроолордон бирөөсү, Азирети Пайгамбарыбызга болгон сүйүү жана ага моюн сунуу. Алла Таала мындай буйурат:

**«Эй ыйман келтиргендер! Аллага баш ийгиле жана Пайгамбарга дагы моюн сунгула! Бөөдө иш –амалдарыңар текке кетип калбасын!»** (Мухаммад, 33)

**«Эй момундар кылган жакшы иштериңер өзүңөр сезбеген абалыңарда бекер бейпайда болуп калбастыгы үчүн силер пайгамбар менен сүйлөшкөн учурларыңарда үнүңөрдү пайгамбардын үнүнөн жогору көтөрбөгүлө жана ага бири-бириңерге ачык орой сөз сүйлөгөндөй копол-тоң сөз айтпагыла! Албетте Алланын пайгамбарынын алдында үндөрүн төмөн кылган заттар мына ошолор такыбаалык сыноолорунан ийгиликтүү өткөн заттар. Алар үчүн кечирим жана улуу сыйлык бар. Эй мухаммед! Албетте сенин үйбүлөөң жана сен жашап жаткан бөлмөлөрдүн** (үйдүн) **артынан туруп сени чакырган адамдардын көбү акыл жүгүртүшпөйт.»** (Хужурат, 2-4)

Демек, Алланын Элчисине болгон аяр мамилебиз, сүйүүбүз, сүннөт иштерге болгон күйүмдүүлүгүбүз, Алланын Элчиси менен жакындан таанышуубуз бул-көөдөнүбүз үчүн өзүнчө сынак жана Аллага болгон сүйүүбүздүн, жакындыгыбыздын белгиси катары каралат.

Пайгамбарыбызга карата акаарат сөздөрдү айткан, шылдың, сүрөттөрдү тарткан, орой мамиле жасаган, маскаралаган, келекелеген адамдар чындыгында адамдык касиеттери төмөн, акмак, адамгерчиликсиз, наадандын так өздөрү болуп саналат.

Бул жерде дагы бир суроо бар, Алланын элчисинен үлгүнү кантип алабыз? Жашообузду Алланын элчисинин жащоосу менен кантип көрктөндүрөбүз? Бул жаатта Курандын бизге ачык баяндамасы мындайча:

**«Кимде ким Пайгамбарга моюн сунса, Аллага моюн сунган болот. Кимде ким жүз үйүрүгөн болсо** (эй элчим билип кой) **Биз сени аларды ар дайым үстүнөн карап жүргүдөй кароолчу кылып жөнөткөн жокпуз»**(Ниса, 80)

### Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам)ды сүйүүдө өлчөм

Абдуллах бин Хишам баяндаган мына ушул хадисте Алланын Элчисине болгон сүйүүнүн канчалык даражада боло тургандыгы ачык айкын айтылат:

Күндөрдүн бир күнүндө Алланы элчиси менен биргеликте дил маек куруп жаткан элек. Пайгамбарыбыз Умардын -Алла ага ыраазы болсун- колун кармап отурган эле. Анын бул кыймылына Умар өзүнчө кубанып, сыймыктана:

«-Эй Алланын Элчиси! Сен мага жанымдан башка нерселердин бардыгынан эң сүйүктүүсүң!»-деп Пайгамбарыбызга болгон сүйүүсүн билдирет.

Анын бул сөзүнө жооп кылып:

«-Жок, жанымды кудуретинде кармап турган Аллага ант ичем! Мен сага жаныңдан дагы сүйүктүү болмоюнча, сен толук ыйман келтирген болбойсун!» –дээри менен Умар:

«-Андай болсо, Кудайга ант, азыр Сен мага жанымдан дагы артыксың, эй Алланын Элчиси!»-деп күйпөлөктөп жиберет. Анда Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) :

«-Мына, Умар! эми толук ыймандуу болдуң,!» (Бухари, Айман, 3)- деген экен.

Демек, Азирети Мухаммед Мустафага (саллаллаху алейхи васаллам) мына ушундай ашыктык жана сүйүү менен моюн сунушубуз керек экен. Аны көңүл дүйнөбүздүн жана жашообуздун жол баштоочусу катары кабылдашыбыз керек. Анткени Аны сүйүү- бизге парз өкүмүндөгү иш катары каралат. [49] Алла Таала Куранда:

اَلنَّبِيُّ اَوْلٰى بِالْمُؤْمِنِينَ مِنْ اَنْفُسِهِمْ

**«Пайгамбар, момундарга өз жандарынан дагы артык…»**(Ахзаб, 6)-деп буюрган. Ал бизге жаныбыздан дагы жакын.

Куттуу хадистердин биринде, Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) болгон сүйүү, чыныгы толук ыймандын шарты катары билдирилет:

*«Напсим-жаным кудуретинде болгон Аллага касам ичип айтамын! Силерден кимдир бирөөгө мен, анын энесинен, атасынан, баласынан жана бардык адамдардан дагы сүйкүмдүүрөөк болмоюнча, ал толук ыйман келтирген болбойт»* (Бухари, Иман, 8)

Мына ошондуктан сахабалар Пайгамбарыбыздын эң эле кичине каалоосуна дагы:

«Ата-энем, жаным, мал дүнүйөм бардык нерсем сага арналсын, сенден айлансын эй Алланын Элчиси!»-дешип, Азирети Пайгамбарыбызга болгон сүйүүлөрүн билдиришкен.

Бул сүйүүдөн куру жалак калуу, же болбосо буга маани бербөөчүлүк, урматсыздык наадандык иш катары каралат. Бул сүйүүгө жалгашуу- тозок отунан кутулуунун жолу.

### Ага болгон сүйүүнүн белгиси

Чындыгында эле инсан жакшы көргөн нерсесин же болбосо сүйгөнүн көп ойлоп, ал жөнүндө жакын, сырдаш достору менен сөз козгогусу келет. Маселен, сооданы жакшы көргөн адам, дайыма соода-сатык жөнүндө сүйлөйт. Ушинтип таап, минтип акчамды

коротуп… буга мынча карыз бердим эле, тигинде баланча карызым бар ж.б….. Кээ бир адамдар баласаак келет. Ар дайым, ар жерде баласынын жоруктарын, сүйлөгөн сөздөрүн айтып бүтпөйт. Бул сыяктуу мисалдар эл арасында аябай көп. Эми биз бул жерде дин Исламдын өнүгүшүнө, өсүшүнө баасы бычылгыс эмгектери сиңген улуу инсандардын сүйүүлөрү тууралында сөз козгомокчубуз. Бул улуу инсандар ким? Алар сахабалар жана кийинки доорлордогу Алланын сүйүктүү пенделери олуя, аалымдар. Бул адамдар ар дайым Алланын Элчиси Мухаммед - (саллаллаху алейхи васаллам)- жөнүндө сөз козгошкон. Алар мындай соолугус булактан түбөлүктүн ырахатын алып турушкан.

Мына Пайгамбарыбызды таануу, билүү, ээрчүү жана акыретте Аны менен бирге болуу деген эңсөөгө толо жүрөк! Алла Таала Пайгамбарыбызды жакындан таанууну жана сүйүүнү бардыгыбызга насип кылсын! Амийин…

Ааламдын жаратылышынын бирден бир себеби болгон «сүйүүнүн» сырларынан бири, сүйгөн адамдын, сүйгөнүнүн турган турпаты менен кабылдап, анын ар бир баскан кадамынан басуу, деген түшүнүк менен аныкталат. Сүйгөн адам канчалык жөндөмсүз, алсыз болсо дагы, ал сүйгөн адамынын шарапатына, кадырына жараша кандайдыр бир оң натыйжа алат.

## Аны сөз менен түшүндүрүү кыйын

Халид бин Валид -Алла ага ыраазы болсун- күндөрдүн бир күнүндө мусулман кыштакка келип, ошол жерде түнөгөн эле. Эл менен таанышып, ал акыбалдарын сурашып, пикир алышып отурушту. Анан баягы элдин башында турган киши Халидке суроо узатат:

-Бизге Мухаммедди (саллаллаху алейхи васаллам) сүрөттөп, ал жөнүндө кабар берсең кандай болот.

Халид бин Валид -Алла ага ыраазы болсун-:

«-Алла Элчисинин жүзүндөгү нурун, түбөлүк сулуулугун айтып берүүгө сөзүм жетпейт. Ал жөнүндө толук айтып берүүмдү каалап жатсаң, ага сөз алсыздык кылат!» -дейт.

Алла Таала сахабалардын, олуя адамдардын Азирети Пайгамбарыбызга болгон сүйүүсүнөн биздин жүрөгүбүзгө дагы насип кылсын! Жараткан Кудай Таала жашообузду Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам)дын сүйүүсү менен көрктөндүрүүнү буюрсун!

Амийин!....

## Корутунду

Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) койну кенен шапаатына ылайыктуу болуу үчүн, өзүбүздү өзүбүз Ага болгон сүйүү, Анын таштаган ар бир кадамынан чыкпоо тууралында сурамжылап, жашообузду ушул күндөн тартып дин Исламдын мыйзамдары менен тартипке салып, жаңыча жашоого умтулуубуз зарыл. Анын теңдешсиз кыймыл-аракеттерин жана терең-бай жан дүйнөсүн, анын жашоо образын өзүбүздүн жашообузга, ар бир кадамыбызга, аң-сезимибизге, жан дүйнөбүзгө аз-кичине болсо дагы болгон күчүбүз менен сиңдирүүгө, жугузууга аракет кылуубуз жакшылыктуу иш болоор эле. Адам баласы өзүнүн сүйүүсүнө жараша сүйгөнүнө ашык болуп, аны ээрчүүгө жан үрөйт. Анысы сыңарындай Акыркы Пайгамбарды татыктуу түрдө ээрчип, анын баскан изинен чыкпоо үчүн Аны чыныгы мааниде, жакындан таанып, өрнөк жашоосунан ылайыктуу түрдө пайдаланууга кайрат кылуу эң туура кадам.

Абалы, кайсыдыр бир талаа, айдоо жери канчалык семиз, кара топурактуу болбосун, ал жерге суу келмейинче, жамгыр жаамайынча, күнөстүү айдың жел аймалап-жүрмөйүнчө эч нерсе чыкпайт. Жүрөк, көкүрөк ааламыбыз дагы кара топурак сыяктуу семиз-бай болуусу үчүн, адамзаадага эң мыкты үлгү болгон Ааламдардын түбөлүк сыймыгы, мактанычы Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) эңсеген мыкты мусулман болушубуз зарыл.

Ал мурункулардын жана кийинкилердин эң мыктысы, ырайым-берекеттин соолугус булагы; ааламга жааган Алланын берекети жана ырайымынын бирден бир себеби. Эзелки жана түбөлүк акыйкат сырларга толо ыйык Курани Карим акыркы Пайгамбарга түшүрүлүп, анын жан дүйнөсүнө белек катары тартууланган.

Жогоруда айтылгандардан мындайча бүтүм чыгарууга болот: Мухаммед Пайгамбарыбызга канчалык ырахмат, ыраазылык билдирип, канчалык урмат сый көргөзсөк дагы татыктуу түрдө ыраазылык билдирген болбойбуз. Баары бир аздык кылат. Анткени ал бийик даражалуу инсан, «Мутааль» болгон, тактап айтканда ой жана кыялыбыз менен аңдоого, түшүнүүгө мүмкүнчүлүгү жок болгон Улуу Алла Таала тарабынан «Хабибим» «Сүйүктүүм менин!» -деген теңирий сүйүүгө татыктуу пайгамбар! Ааламдардын Жаратуучусу, саны жок периштелери менен бирге салават, салам-дуба кылган Пайгамбардын берекет жана жогорулугун толугу менен аңдап, сөз менен түшүндүрүп, таанытуу мүмкүн эмес.

Чындыгында анын рухий дүйнөсүн сөз менен айтып түшүндүрүү өтө оор. Аны сүрөттөөдө сөзсүз түрдө тил алсыздык кылат. Аны сөз-тил менен сүрөттөө бул-океандын бир тамчы суусу менен барабар. Бул деген сөз, Пайгамбарыбызды ар тараптуу ылайыктуу түрдө сүрөттөө, түшүндүрүүгө адам баласынын сөзү жетпейт, дегенди түшүндүрөт.

Момун мусулмандар кандай гана бактылуу! Алар Алланын акыркы Элчисине болгон сүйүүлөрүн эч нерсеге алмаштырышпайт, алар жапайы өскөн напсинин убактылуу гүлзарына баш багып дагы коюшпайт!...

Келгиле! Ар бир көз ирмемибизде Анын руханиятынан ырахат даам татып, чогуу Жараткан Аллага багыт алалы.... Анын сүйүүсүн өзүбүзгө далил катары кабылдап, Жаратканга жалбаралы...

Эки ааламдын Мырзасы Мухаммед Мустафага салават жана дуба-саламдар болсун!

Адамзаада жана жин ааламынын Пайгамбары Мухаммед Мустафага салават жана дуба-саламдар болсун!

Эки ыйык жайдын имамы Мухаммед Мустафага салават жана дуба-саламдар болсун!

Хасан менен Хусайиндин чоң атасы Мухаммед Мустафага салават жана дуба-саламдар болсун!

اَللّٰ بهُمَّ صَلِّ عَلَ ى مُحَمَّدٍ وَعَلَ ى ا ٰلِه وَصَحْبِهِ وَبَارِكْ وَسَلِّمْ

**Жараткан Алла, түбөлүк бакыттын жол башчысы Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыздын үлгүлүү жашоосунан ылайыктуу түрдө өзүбүзгө үлгү алып, дүйнө жана акырет жашообузду Анын рухий дөөлөттөрү менен коздоого, көрктөндүрүүгө насип кылсын! Анын терең жан дүйнөсүнөн көөдөнүбүзгө кичине болсо дагы нур ыроолосун! Жан дүйнөбүз Аллага жана анын Элчисине болгон түбөлүк сүйүүгө толсун! Алла Таала бизди жасап жаткан иш аракеттерибиз себептүү кыямат күнү анын шапаатына эргештирсин!..**

**Амийин!..**

## Диний терминдер сөздүгү

**А**

**Аабаад:** 1. сапаттуу курулган үй. 2. жер, аймак, чөлкөм

**Абадий:** түбөлүк, чесиздик.

**Абид:** ибадат кылуучу, сыйынуучу. Динчил адам

**Ажиз:** 1. алсыздык, күчсүздүк. 2. жөндөмсүздүк

**Афак:** 1. асман менен жердин кошулган жери сыяктуу болуп турган сызыктар, горизонт. 2. көз алдыбыздагы мейкиндик. 3. Тышкы аалам

**Агния-и шакирин:** шүгүрчүл, мал-дүйнөсүн, байлыгын Алланын ыраазылыгы үчүн жумшаган бай пенделер

**Ахенк:** айкалыш, гармония, жуурулушуу, тартип.

**Акыбал:** (абалдын көптүк түрү). 1. абалдар, жагдайлар. 2. болумуш. кандайдыр бир нерсенин орду, позиция. 3. тасаввуф илиминде Алла тараптан ыроолонгон рухий даражалар, абалдар.

**Акрабият:** 1. жакындык, туугандык. 2. Аллага жакындоо мартабасы

**Ал-амиин:** 1. эр жүрөк, баатыр адам 2. ишенүүчү, ынанычы бар киши. 3. ишенимдүү, ынанууга татыктуу, сөзүнө турган адам. 4. Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын жана Жабраил периштенин сыпаты.

**Алайи иллиййиин:** бейиш катмарларынын эң жогоркусу, эң жогорку даражадагы бейиш.

**Алейхимассалам:** ал экөөнө Алланын саламы-тынчтыгы болсун!

**Алейхиссалату вассалам:** ага Алланын дубалары жана саламдары болсун!

**Алейхиссалам:** ага Алланын саламы-тынчтыгы болсун!

**Аалий:** бийик, жогору, чоң, улуу.

**Аалижанаб:** 1.жоомарт, айкөл 2. Шарапаттуу, адамгерчиликтүү, ар намыстуу адам

**Аамааде:** даяр, даярдалган, кандайдыр бир буйрукту кабыл алууга даяр.

**Анбия:** Пайгамбарлар, элчилер.

**Асфал-и сафилиин:** туңгуюктун эң эле жеткен чеги, тозок.

**Б**

**Басират:** 1. Жүрөк-көөдөн көзү менен көрүү, туура көз караш, зиректик. 2. Сезим, алысты көрө билүү. 3. аң-сезим, түшүнүк.

**Бадии:** 1.мыкты. 2. сулуулук

**Балагат:** стилистика илими. Сүйлөө жана жазууда кепти туура, кооз, өз орду менен куюлуштуруп, нускалуу колдоно билүүчүлүк.

**Балииг:** нукура адабий тил менен сүйлөө.

**Бенде:** 1. кул, пенде 2. тараптар, өкүл.

**Бечара:** 1. айласыз, аргасыз. 2.күч-кубатсыз, алсыз 3. байкуш, дармансыз

**Ж**

**Жаддуль-Хасанайн:** Хасан менен Хусайиндин чоң атасы Мухаммед Пайгамбарыбыз ((саллаллаху алейхи васаллам))

**Жамал-и баа-камааль:** 1.чыныгы сулуулук. 2. Теңирий жамал, сулуулук. 3. Алла Тааланын жоомарттык, марттык, айкөлдүк өңдөнгөн ырайым сыпаттарынын чагылышы.

**Жамал-и илахий, жамалуллах:** Алла Тааланын чексиз сулуулугу

**Жамалий сыфат:** Алла Тааланын ырайымдуулугуна, мээримдүүлүгүнө байланышкан сыпаттары

**Жамалий:** 1. Кудай Тааланын жамалдык сыпаттарына таандык. 2. жогорку кулк-мүнөзгө эгедер адам, сулуу, боорукер, мээрман инсан.

**Жам кылуу:** топтоо, бириктирүү, жыйуу.

**Жисманият**: материя, көзгө көрүнгөн, кол менен кармоого мүмкүндүгү бар жандуу-жансыз дүйнө.

**З**

**Захид:** такыбаа адам, кандайдыр бир нерсенин адал болушу күмөндүү нерселерден жана күнөө иштерден алыс, дүйнөгө маани бербеген адам.

**Завал:** жок болуу, өлүү, өлүм, төмөндөө, жакшы абалдан жаман абалга түшүү, төмөндүк.

**Зухд:** дүйнөгө, байлыкка, мансапка маани бербөө. Бул нерселер үчүн күрөшүп жан үрөбөө, топуктуу болуу жана напсини тыйып ибадат менен гана алектенүү.

**И**

**Идрак:** 1.терең түшүнүү, кандайдыр бир нерсени ийне-жибине чейин аңдоо. 2. келип жетүү, баруу, жетишүү.

**Ифтихар:** 1.мактануу, сыймыктануу. 2. кадыр-барк, атак-даңк, белгилүү болуу.

**Икбаал:** 1. бакыт, таалай. 2. кимдир бирөөнүн аркасынан түшүү, ээрчүү. 3. иштин илгерилеп ийгиликтүү, өз жайында болуусу. 4. арзуу, каалоо

**Имдат:** 1. жардам, сураныч, өтүнүч. 2. жардам берүү, жөлөк болуу, демөөрчүлүк кылуу.

**Имтисааль:** 1.милдетти орундатуу, үлгү боюнча аракет кылуу. 2. жарлыкка моюн сунуу

**Иникас:** чагылышуу, чагылдыруу.

**Интикал:** 1. бир жерден башка жерге өтүү, орун алмашуу. 2. Мурас катары калуу 3. басып өтүү, өтүп кетүү

**Ираде:** кандайдыр бир нерсени жасоо же жасабоо жаатында бир жыйынтыкка келүү, чечим чыгаруу жана бул чечимди иш жүзүнө ашыра билүүчүлүк.

**Иршад:** 1. ак, туура, түз жолду көрсөтүү, туура багыт берүү, эскертүү. 2. тасаввуф илиминде, муршид адамдын окуучусуна Алланын жолун көрсөтүүсү, багыт берүүсү.

**Истидат:** 1. жөндөм, шык. 2. акыл-эстүүлүк, зээндүүлүк. 3. түшүнүктүүлүк, түшүнүктүү болуучулук.

**Истигнаа:** 1.топуктуу болуу, канагат кылуу. 2. муктажсыздык

**Иштиха:** 1. көңүлдөнүү, каалоо, арзуу 2. табит, аппетит.

**Изаан:** 1. акыл, аң, түшүнүк. 2. моюн сунуу, айтылган сөздү угуу, баш ийүү. 3. тарбия, адеп.

**К**

**Каабына баралбоо:** кандайдыр бир даражага жетүүгө дарамет-кудуреттин келбеши

каpактер: бир адамдын же адамдардын бөлүп туруучу рухий сыпаттарынын бүтүмү? 2. адеп, табият, кулк-мүнөз.

**Катра:** тамчы

**Кифаят:** жетиштүү, жеткиликтүү, болумдуу.

**М**

**Мараз:** оору, дарт, балээ

**Мазхар:** 1. кандайдыр бир нематка туш болгон, тушуккан, жетише алган, ээ болгон киши. 2. кандайдыр бир нерсенин булагы, пайда болгон жери. Нерсе жана предмет.

**Мадйуун:** бересеси бар карыз киши.

**Мафтун:** көңүлү бар, ашык болгон адам.

**Малахат:** ширин, даамдуу, таттуу.

**Малака:** кайсыдыр бир иштин көзүн билүүчүлүк, жөндөм, шык.

**Манфий:** 1. терс, жат. 2. тыйуу салынган, четтетилген. 3. негатив.

**Масулият:** жоопкерчилик, жоопкерчилик, милдет, озуйпа.

**Массайлоо:** кол менен кармоо, тийгизүү.

**Майдан-и ифтихар:** мактана турган жай.

**Майл:** 1. ийилүү, эңкейүү 2. сүйүү, махабат, урмат-сый.

**Мизан:** 1. тараза 2. бир нерсени тартуучу- өлчөөчү курал 3. Акыретте күнөө, жаман менен жакшы, сооп иштер тартыла турган тараза, руханий өлчөгүч курал.

**Муамала:** мамиле, ымала, байланыш.

**Муктаза:** жүзөгө ашышы зарыл болгон иштер.

**Мулахаза:** терең ойго батуу, ой жүгүртүү. 2. этияттык менен көз салуу

**Мустакбал:** келечек, келечекте боло турган нерсе.

**Мустафид:** кандайдыр бир нерседен пайда көргөн, пайдаланган, колдонгон адам.

**Мутаассир:** жүрөгүндө кандайдыр бир из калган, таасирленген, кайгы-муңга баткан киши.

**Мутамадиян:** ад дайым, ар убак, ар качан.

**Мутаваккил:** тобокел келтирген адам; бир ишти бардык керектүү шарттары менен толугу менен аткарган соң, анын акыбетин, натыйжасын Аллага аманат таштаган, Аллага ишенип таштаган адам.

**Муттаки:** 1. этияттык менен аракет кылган. 2. Алладан коркуу жана Аны сүйүү сезими менен күнөө иштерден оолак болгон инсан.

**Н**

**Назаргах-ы илахий:** Алла Таала назар салган жай, ыйык жер, теңирий даргөй.

**Наазил: 1.** жогорудан төмөндү көздөй түшкөн нерсе. 2. жолдо эс алуу үчүн токтогон жолоочу адам.

**Нафх:** үйлөө, сурнай өңдөнгөн аспаптарды тартуу.

**Нахий:** 1. тыйуу салуу 2. шариятка жатпаган нерселерге бөгөт коюу.

**Насаб:** уруу, урук-тукум

**Нишаана:** из, аламат, белги.

**П**

**Парвана:** түнүчүндө жарыктын тегерегинде айланчыктап учуп жүрүүчү шайтан көпөлөк

**Парварда:** тарбия көрүп чоңойгон

**Пайда:** ачыкка чыгуу, белгилүү, айкын, пайда болуу.

**Р**

**Радияллаху анху:** Алла Таала ага ыраазы болсун! **Радияллаху анха:** ушул эле дубанын аял кишилерге айтылышы

**Радияллаху анхум ажмаин:** Алла Таала алардын бардыгына ыраазы болсун!

**Радияллаху анхум:** Алла Таала аларга ыраазы болсун!

**Рам болуу:** моюн сунуу, баш ийүү. 2. Пенденин турган турпаты менен Алланын буйругуна кирүүсү, Ага моюн сунуусу.

**Расуулус-сакалайн:** адамзааданын жана жин ааламынын пайгамбары

**Риаят:** 1. этибарга алуу, урмат, сый, эсепке алуу. 2. коноктоо, сыйлоо. 3. туура иш.

**Риккат:** 1. жумшактык, сылыктык, сыпаалык 2. назиктик. 3. ырайым кылуу. 4. маданияттуу түрдө, сылык сүйлөө

**Риккат-ы калбия:** жүрөктүн тазалыгы, жумшактыгы. көңүлдүн актыгы.

**С**

**Саик:** 1. багыттоочу, жол көрсөтүүчү 2. негизги себеп, аткаруучу күч.

**(саллаллаху алейхи васаллам):** Алла Тааланын дуба жана салам-тынчтыгы аны менен бирге болсун!

**Саляасат:** куюлуштуруп сүйлөө, даана, так сүйлөө

**Симаа:** жүз, бет. 2. адам, кишилик.

**Султа:** кысым, авторитет, өкүм жүргүзүү.

**Т**

**Таби болуу:** баш ийүү, таасирленүү, таасир алган нерсенин эреже-мыйзамдарына моюн сунуу.

**Таклит:** кимдир бирөөнүн көз карашы, идеясы боюнча аракет кылуу. кимдир бирөөнү тууроого же ага окшошууга жан үрөө.

**Такыба:** Алладан коркуу, Алладан корккондуктан шарияттын тыйууларынан оолак болуу.

**Талаакат:** 1. даана, так сүйлөө 2. жылмайуу, куунак көңүл.

**Тасхих:** каталарды оңдоо, түзөө, текшерүү, тууралоо.

**Тасвиб:** туура деп табуу, ылайыктуу деп билүү, кабылдоо.

**Тажаллии:** 1. көрүнүү, пайда болуу 2. тагдыр, таалай. 3. Алланын ырайымына тушугуу

**Тадааи:** ар түрдүү идея-ойлордун ортосунда жараян эткен жагдай. Убакыт, себеп жана жыйынтыктын ортосундагы биримдик, окшоштук же айырмачылыктар өңдөнгөн алакалар себептүү бири-бирине эскертүү берүүсү

**Таксиб:** жалганга чыгаруу, четке кагуу. Жалганчылык менен айыптоо, жалаа жабуу.

**Талаккии:** 1. кабыл алуу, кабылдоо. 2. аң-түшүнүк, пикир. 3. жеке түшүнүк, жеке көз караш.

**Тамаюль:** кайсыдыр бир тарапты көздөй ийилүү, багыт алуу. 2. кимдир бирөөгө же нерсеге (м: идеологияга ээ чыгуу) тараптар болуу.

**Танакуз:** карама-каршылык, төп келишпестик.

**Таназзул:** 1. кичи пейилдик, сылык мамиле. 2. түшүү, азайуу, төмөн болуу.

**Тарвич:** 1. баа берүү, кадыр-баркын көтөрүү 2. колдоо көрсөтүү, көмөктөш болуу.

**Тасалсуль:** удаама-удаа, катары менен келүү же кезеги менен келүү

**Тасхир:** 1. сыйкырлоо 2. башын айландырып алуу
**Таскин:** сооротуу, токтотуу, жайгаштыруу.
**Ташкил:** түзүү, куруу, жасоо,
**Ташна:** 1. чаңкаган, суусаган адам 2. көңүлү бар, арзуу кылган киши.
**Ташриф:** шарапаттандыруу, ырайымга бөлөө?
**Тавазу:** кичи пейилдик, сыпаалык, бой көтөрбөөчүлүк
**Тавзи:** 1. таратуу 2. таркатуу, бөлүштүрүү, үлүшүн бөлүп берүү.
**Тазахур:** 1.пайда болуу, айкын болуу, белгилүү болуу, көзгө көрүнүү 2. белги, из.
**Тазкия:** напсини ар түрдүү рухий ыпластыктардан жана терс көрүнүштөрдөн тазалоо жана эң мыкты рухий дөөлөттөр менен кооздоо, саймалоо, тартипке салуу, тарбиялоо.
**Тазйин:** кооздоо, көрк кошуу, сулуулоо, жасоо.

**У**
**Ужуб:** өзүн-өзү жактыруу, текебердик, менменсинүү
**Ухравий:** акырет жашоосуна таандык, акырет тууралуу
**Ульвий:** бийик, жогору, улуу

**Ф**
**Фахр-и Кааинат:** Ааламдардын сыймыгы, кубанычы, мактанычы; Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам).
**Фааик:** жогору, бийик, мыкты, теңдеши жок.
**Фаарик (фаарика):** канадайдыр бир нерсени айырмалай билген, сергек, зирек адам.
**Фарах-наак:** кубанычтуу, бактылуу.
**Фытрат:** табият, жаратылыш. **Фытрий:** табиятынан эле бар болгон нерсе, төрөлгөндөн баштап эле тубаса бар болгон нерсе
**Футухат:** (көптүк түр) жеңиш, утуш.

**Х**
**Хашр:** Кыямат күнү бүтүндөй бул дүйнөдөн өткөн инсанияттын кайрадан тирилип, сурак берүү үчүн махшар-сурак майданында топтолушу.
**Хазимат:** чоң жоготууга, жеңилүүгө дуушар болуу.
**Хусууль:** пайда болуу, айкын болуу, ачыкка чыгуу.
**Хушуу:** 1.Алла Таалага коркуу жана сүйүү сезими менен моюн сунуунун натыйжасында пайда болгон абал. 2. кичи пейилдик, сылыктык, сыпаалык, жөнөкөйлүк.

**Ш**
**Шахсият**: кимдир бирөөнүн өзүнө таандык көз карашы, ой-жүгүртүүсү, турган турпаты жана кыймыл-аракеттеринин бүтүмү, кишилик.
**Шажаат:** эр жүрөктүк, баатырдык, жигиттик, ак көңүлдүк.
**Шахбаал:** канаттуулардын эң узун канаты.
**Шараара:** учкун, искра.

[1] Бул чыгарманын даярдалышында алгылыктуу эмгеги өткөн сүйүктүү окуучуларыбыздын кайраттарынын садаки-жария болушун Кудай Тааладан тилеп кетем.
[2] Залла: Байкоостон кетирилген жеңил жаңылыштык.
[3] Хаким, аль-Мустадрак алас-Сахихайн, Байрут 1990, 2, 672/4228
[4] Табари, Жамиул Баян ан таьвили айил Куран, Бейрут. 1995, IX, 87-88; Ибн Касийр, Тафсийрул Куранил-Азийм, I-IV, Бейрут, 1988, II, 259, (Араф, 154 тафсиринде)
[5] Ахмет, Жевдет Паша, Кысас ы-Анбия жана Теварихи Хулефа, Истанбул, 1976, I, 83.
[6] Вахиди, Асбабу Нузул Куран, кот. Камал Басюуни Заглул, Бейрут 1990, 219.
[7] Ибн Хишам, Сиретун Наби, Бейрут 1937, Дарул Фикр, 3, 397 – 398; Ибн Хажар, ал – Исаба, Бейрут 1328, Дару ихят Турасил Араби, 1, 38 – 39.
[8] Крз. Камил Мирас, Тажриди Сарих котормосу, Анкара 1972, 9, 289.
[9] Али Ярдым, Пайгамбарыбыздын Жүзү, Истамбул 1998, 49.
[10] Крз. Ахмед бин Ханбел, ал Муснад, Истамбул 1992, 4 – 199.
[11] Крз. Ибн Саат, ат – Табакатул Кубра,Бейрут, Дару Садыр, 1, 121, 365, 422 – 425; Хусайми, Мажмуаз Заваид,Бейрут 1988, 9 – 13.
[12] . Ибн Маже, Атиме, 30; Таберани, ал – Мужамул Асвад, 2 – 64.
[13]Вакиди, Магази, Бейрут 1989, 2- 854 – 855.
[14] Ахмед, Зух, 59.
[15] Крз. Ахмед, 2 – 298; Таберани, Мужамул Кабир, Хамди Абдулмажид Салафи, Бейрут, Дарул Ихяут Турасил Араби, 10 – 162.
[16] Тирмизи, Зухд, 44 – 2377; Ибн Мажа, Зухд, 3; Ахмед, 1- 301.
[17] Байхаки, Шуабул Иман, Бейрут 1990, 5, 225.
[18] Муслим, Нузур, 8; Абу Давуд, Айман, 21 – 3316; Тирмизи, зухд, 50; Ахмед, ; - 239
[19] Бухари, Манакыб 25, Айман 3; Муслим, Салат, 119; Ибн Хиббан, 4 – 534.
[20] Кар: Муслим, Федайил, 79
[21] Али аль-Муттаки аль-Хинди, *Кензуль уммаль,* Бейрут 1985, IV, 176/10044.
[22] Ибни Абдилберр, *аль-Истиаб,* Каир, I, 214-215; Ибни Эсир, *Усдуль гаабе,* Каир 1970, I, 295.
[23] Кар. Ибни Саад, II, 197; Бухари, Тыбб, 47, 49; Муслим, Салам, 43; Несаи, Тахрим, 20; Ахмад, IV, 367, VI, 57; Айни, XXI, 282.
[24] Суйути, *аль-Жамиус Сагир,* Египет 1321, I, 146.
[25] **Мухажирлер**: Мекке шаарынан Мадина шаарына көчүп барган мусулмандар. Ансарлар: көчүп келген Меккелик мусулмандарга кучак жая тосуп алган Мадина шаарынын мусулмандары.
[26] Пайгамбарыбыз бул сөзү менен: "Сен өзүңдү эртели кеч Жараткандын жүзүн - ыраазычылыгын эңсеп, Ага жалбарып-дуба кыла турган заттар менен бирге туткун! Дүйнө - турмушунун кооздуктарын каалап: көздөрүң ал заттардан четтеп өтүп кетпесин (башкача айтканда, өзгөлөргө - дүйнө ээлерине карабасын). Анан да Биз дилин Бизди эстөөдөн бейкапар кылып койгон, көңүл - кушун ээрчиген жана кылаар иши ысырапкерчилик болгон кишилерге моюн сунба!" (Кахф-28) аятына шилтеме берип жатыры. Мында Алла таала Пайгамбарыбыз Мухаммадга Исламга биринчилерден болуп кирген кедей-мискиндер менен бирдикте баштарына келчү кыйынчылыктарга сабыр кылууларын жана кедейлерге аяр мамиле жасоосун буюрат.
[27] Муслим, Эйман, 36-38.
[28] Несаи, Жихад, 6; Ахмад, III, 429; Суйути, I, 125.
[29] Негизинен эле төө жаныбар кубулжуган мукам үндү укканда эргип кетет. Ошондуктан төөнү көп асыраган арап элинде төө баккандар ылдамыраак жүрүү үчүн обон созушат. Бул арап элинде «хида деп аталат.
[30] Азирети Пайгамбарыбыздын үйлөнүшүндө напсилик арзууну, кумарланууну көрүү мүмкүн эмес. Ал эч бир кызга жаш курагында талапкер болгон эмес. Өзү менен турмуш кургусу келген

40 жаштагы балалуу жесир Азирети Хатижа менен баш кошкон. Ал өмүрүнүн кырчын курагын, эң жемиштүү мезгилин Азирети Хатижа менен өткөргөн. Андан кийинки үйлөнгөндөрү жаш өтүп калган кезге туш келген (54 жаштан кийин). Булардын баары өз каалоосу менен эмес, Алланын буйругунун натыйжасында жүзөгө ашкан жана нечелеген улуу сырлардын ичинде, өзгөчө аялзатына динди үйрөтүүнү көздөгөн. Анын үстүнө ага баш кошууга татыктуу болгон энелердин көпчүлүгү улгайган, балалуу, кембагал аялдар болгон. Чындыгында Азирети Пайгамбарыбыздын бирден ашык үйлөнүү учуру улгайган жана Пайгамбарлык вазийпа жүктөлгөн доорго дал келиши –үйлөнүүнүү Кудайы буйрукка ылайык жана калктын калың катмарына Исламды жайылтууну жейилдетиш үчүн болгону айдан-ачык. Кеңири маалымат алуу үчүн караңыз: Осман Нури ТОПБАШ, Азирети Мухаммад Мустафа-1 (Пайгамбарлар тарыхы-5) .

[31] Кар. Бухари, Анбия, 54; Муслим, Салам, 151, 154; Бирр, 133; Насаи, Кусуф, 14.

[32] Ахзааб, 41; Кар. Жума, 10;

[33] Кандайдыр бир буйруктан артынан анын чегин же өлчөмүн аныктаган чечмелөө болбосо, ал буйрук менен айтылчу ой – ал иштин эң сонунун жана эң жакшысын жасоо деген мааниге келет.

[34] Таберани, *Авсат,* IV, 208; Абу Нуайм, *Хилйетуль-евлия*, Бейрут 1967, IV, 168.

[35] “Сен болбогондо, Сен болбогондо (ааламды жаратпайт элең)” Бул чындыкты жеткирген хадис үчүн кар. Хаким, II, 672/4228.

[36] Кар. Бухари, Никах, 6, 32, 35; Федайилуль-Куран, 21, 22; Муслим, Никах, 76.

[37] Пайгамбардын бир эпитети

[38] крз. Тирмизи Манакыб, 1т.3616; Даримий, Мукаддима, 8; Хайсами IX, 29

[39] Ибн Касийр, Аль-Бидая, Кахира, 1993, II, 277; Ибн Сад, I,108, 125.

[40] Хижрат: Мусулмандардын Мекке шаарынан Мадина шаарына болгон улуу көчү.

[41]Крз.Ибни Касийр, аль-Бидая, III,222-223; Али аль-Кари, Миркат, Бейрут, 1992Ю X,381-382/6034;Абу Нуайм, Хиля, I, 33.

[42] Куртуби, аль-Жами, Бейрут, 1985, 5т. б.271.

[43] Араптардын үрп адаттарында колдогу бардык жаныбарлардын сүтү сапардагы жолоочулар үчүн мубах кабылданат эле. Адамдар бул жагдайды чабандарынын эсине салып, эгер жаңы чабан ала турган болсо жанына келген жолоочуга сүт бербей койбошун шарт катары кошушаар эле. А Ислам双 дининде болсо үрп адатка карап өкүм чыгаруу макул көрүлгөн усул болуп эсептелет. (Сухайли, Равдул унуф, Бейрут, 1978, II. 152 ) Алланын Элчиси *(алейхис салам)* төмөнкүчө буйруйт: Ушул үч түрдөгү адамдар менен кыямат күнүндө Алла Таала (өз ыраазылыгы менен) сүйлөшпөйт. Алар: Жанындагы суунун ашыкчасын жолоочуга бербеген киши, малын сатуу үчүн дигер убактысынан кийин жалгандан күбөлүк берген киши жана халифага кол берип, халифа бир нерселерди бергенде сөзүнө туруп, бербей коё турган болсо сөзүнөн тайган адам.» (Абу Давут, Буйу,
60/3474)

[44] Ибнул Асийр, Усдул-Гааба, I,244-245; Захаби, Сийару ааламийн-нубалаа, Бейрут, 1986-1988, I, 357-358

[45] Ушул жана ушул сыяктуу мужизаларды окуу үчүн карагыла: Бухарий, Манакыб. 25.

[46] Гулбанг-кудум: 1.Диний музыканын коштоосунда ырдалган салтанат ыры же дуба. 2. Улуулоо, шаъдуу салтанат менен тосуп алуу жана шарапаттуу Затты мактоо жана улуулоо.

[47] Мунави, Файзул Кадир, Вайрут. 1994, III, 333; Суюти, Мифтахул Жанна. 52.б.

[48] Бухари, Анбия, 3, 9; Муслим, Иман, 327, 328; Тирмизи, Кыямат, 10.

[49] Тооба, 24.